

## **Баарын уруусунун гимни**

*Сөзү: Элүүбай Отунчиев*
*Обону: Шергазы Оролов*

Баарындар байыркы эл багы жанган,
Бапестеп барган жерин байыр алган.
Алтай, Кангай, Ала-Тоонун ар ташына,
Алышып жоолор менен каны тамган.
*Кайырмасы:* Баарын, баарын баарындар,
Баарын оттой жалындар.
Жүз душманга багынбас,
Жүрөгүндө жалы бар.
Карылары кайраттуу,
Жаштары бар айбаттуу.
Келин-кызы келишкен,
Акылдуу да, сымбаттуу.

Кыргыздын кыйла жерин мекендеген,
Талас, Чүй, Аксы, Алайга кулач керген.
Ноокат, Көл, Кетмен-Төбө, Чаткалда да,
Баарындар жашайт азыр дем күч менен.
*Кайырмасы:* Баарын, баарын баарындар,
Баарын оттой жалындар.
Жүз душманга багынбас,
Жүрөгүндө жалы бар.
Карылары кайраттуу,
Жаштары бар айбаттуу.
Келин-кызы келишкен,
Акылдуу да, сымбаттуу.

Кытай, Тибет, Башкыр, Өзбек жеринде да,
Байыртан өмүр сүргөн баарындар бар.
Бардыгы бир баш кошсо болор эле,
Бир Аллам, өзүӯ колдоп боло көр жар!
*Кайырмасы:* Баарын, баарын баарындар,
Баарын оттой жалындар.
Жүз душманга багынбас,
Жүрөгүндө жалы бар.
Карылары кайраттуу,
Жаштары бар айбаттуу.
Келин-кызы келишкен,
Акылдуу да, сымбаттуу.

Элүүбай Отунчу уулу

# БААРЫНДАР

***Санжыра***

Толукталып 5-басылышы

«Улуу тоолор»
Бишкек - 2021

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (2 Ки)
О 88

**Отунчу уулу Элүүбай.**
О 88 **Баарындар.** Санжыра. – Б.: "Улуу тоолор", 2021. – 400 б.

ISBN 978-9967-13-619-9

Бул китепте кыргыз урууларынын оң канатына кирген баарын уруусунун таралышы, анын келип чыгышы жана азыркы кездеги ал-абалы айтылып, санжыра менен тарыхый фактылардын жазмалардын карама-каршылыктары талданып, жаңы көз караштар баяндалган.

Китеп кыргыз санжырасына жана тарыхына кызыккан окурмандарга, студенттерге, мектеп окуучуларына пайда бере алат.

О 0503020911-09
ISBN 978-9967-13-619-9

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (2 Ки)
©Отунчу уулу Э., 2021

*Туугандарыңыз менен алака жакшы болсун үчүн уругуңуз менен тегиңизди жакшылап билип алыңыздар. Өзү жакын турганы менен мээримдүү, күйүмдүү болбосо, анын жакындыгынан пайда жок. Өзү ыраак турганы менен, күйүмдүү, мээримдүү болсо, ыраактыгынын залалы жок.*

***Мухаммед Саллаллоху алейхи Вассаламдын осуяттарынан.***

## БЕТ АЧАР

Ким гана болбосун, адам баласы болгондон кийин өзүнүн өткөнүнө, азыркы болмушуна, келечегине ой жүгүртпөй койбойт. Ошондо жалпы адамзат коомунун жаралышына, анын тарыхына да серп саласың. «Биз кайдан келдик? Каякка барабыз?» деген суроо түйшөлтөт. Ага күнү-түнү жооп издейсиң, тарыхты казасың, аңтарасың, сурамжылайсың. Не бир адам, коом тагдырлары менен таанышасың. Алардан таалим аласың. Бирин жакшы көрүп кадырласаң, бирине өкүнөсүң, жек көрөсүң. Турмуш ушунусу менен кызык жана табышмактуу.

Замандын өзгөрүшү, доорлордун алмашуусу менен кыргыз эли өз тагдырын өзү чечүү мүмкүндүгүнө ээ болуп, тизгинин өзүнө алгандан бери он сегиз жыл өттү. Бул арада тарыхка болгон кызыгуу артты. Идеология өзгөрдү. Биз адамзаттын жалпы улуу көчүнөн артта калып калбоо үчүн өз элибиздин алды-артын карап, өткөн кемтиктерибизди толуктап, алдыңкы элдердин катарында татыктуу орунубузду ээлеп, башкалар менен терезебиз тең болушун максат кылганыбыз абзел.

Ошол кем-керчиликтерибиздин бири кыргыз тарыхынын бошоң изилдениши, андагы белгисиз учурлардын, доорлор-

дун көп болушу, айрым окуяларга туура эмес баа берилиши, айрымдары үстүрт каралып, айрымдары тап-такыр унутта калып келгендиги. Тарыхыбызга мына ушундай мамиле өкүм сүргөндөн улам элдин эң төмөнкү катмарынан жогорку даражасына чейин санжырага кызыгуу күч алды. Ушу кезге чейин оголе көп санжыралар жарык көрдү, ал азыр да уланып жатат. Мында бирин-бири кайталоолор, карама-каршы көз караштар, кайчылаш пикирлер, өз уруусун, өз ата-бабаларын негизсиз мактоо, көтөрө чалуулар толтура. Мунусу мындай, анысы андай экен деп калыс пикирлерин айткан тарыхчыларыбыз кем. Далилдүү фактылары жок, жөн гана болжол, жоромол кыялдарга сүйөнүп айтылган, жазылган санжыралар эч кимге пайда алып келбейт.

Мындан бир топ жыл мурда Таластагы Кең-Арал айылындагы бир баш кошууда уруулар жөнүндө сөз болуп калып, жетимиштерди чамалап калган карыя, мурда ветеринардык врач болуп көп жыл иштеген, анан пенсияга чыккандан кийин санжырага кызыгып, айылдагы отуруштарда, жыйындарда өз уруусун мактап, башка урууларды кемсинткенди өнөкөт кылып, ошондон ыракат алганга көнүп алган неме менден «Урууң кайсы?» деп сурап калды. «Баарын» дедим. «Мындай урууну укпаптырмын. Кичине уруктардансың го. Кайсы чоң уруугa киресиңер?». «Баарындын өзү чоң уруулардан» – дедим. «Таласта андай уруу бар экенин билбептирмин. Силер анда келгин турбайсыңарбы. Талас – саруу, кушчу, кытайлардын мекени» деп мактана баштады. «Жаңылышасың. Жер жаралгандан бери Таласты жүздөгөн, миңдеген эл мекендеген. Баарындардын Таласты турактаганына бир нече кылымдар өттү» – дедим. Ал моюн сунбады. Ошондо мурда Баарындын санжырасын жазып жарыялоо керек деп аз-аздап дайындык көрүп жүргөн аракетим ого бетер бекемделип, Кыргызстан гана эмес, дүйнөнүн чар тарабына чачылып кеткен баарындардын даректерин тапсам деген далалат күч

алды. Чынында Кең-Аралдык «санжырачыда» күнөө жок, күнөө ар кандай кырдаалда: жоолор менен кармашууда, турмуштун кыйноо-кыстоолорунда баштарын бириктире албай, туш-тушка чачырап кеткен илгерки кандаштарымда. Аз уруунун кармашарга алы жок, кыйкырарга үнү жок, сүйлөргө сөзү жок. Ал чоң уруулардын көлөкөсүндө кала берет. Ошондуктан өзүбүздүн эле баарындардан түпкү тегин сураштыра келсең, «Биз багышка кошулат экенбиз» дешет. Ал эми тарыхка сүңгүп кирсең, санжыраларга акыл жүгүртүп сарэсеп салсаң таптакыр башка жыйынтыкка келесиң. Бул китепте мына ушунун тегерегинде сөз болот. Кеп кезеги келгенде Талас облусунун энциклопедиясынын кыргызча жана орусча жазылган тексттерине көз жүгүртүп коюңуздарды өтүнөм. Ошол энциклопедиянын 40-бетинде: «Талас өрөөнү 1425-жылы Мырза Улугбектин жортуулуна дуушар болот. Ушул жылы Улугбек Таласты мекендеген баарын жана керей урууларын жеңип, аларды Таластан кууп чыгат».

Эми ошол эле энциклопедиянын 125-бетиндеги орусча текстин окуп көрүңүздөр. Мында кененирээк жазылган: «В 1425-году Улугбек с войском вторгся на Северный Тянь-Шань. Первым нападению подверглось владение Ирезана баарина в Таласе. В итоге племена бааринов, сулдусов и кераитов бежали из Таласа». Мына, андан бери 584 жыл өтүптүр. Алты кылым. Ошол Улугбектин кандуу жортуулунан качып-тозуп калган үркөрдөй баарындардын урпактарынан азыркы Кара-Буура аймагынын үч-төрт айылында баарындар өсүп-өнүп келатат. Калган баарындар Кыргызстан гана эмес, Кытай, Тибет, Өзбекстан, Башкырстан, Казакстан жана башка өлкөлөрдө, аймактарда жашагандыгынан азыноолак кабарыбыз бар. Китеп мына ушулар жөнүндө.

## БААРЫНДАР

Бисмиллахир ирахман иррахим деп, баарын уруусунун санжырасын жазууда, абалы түрк урууларынын, анан кыргыз урууларынын таралышынан кеп козгоп, андан кийин гана баарындарга токтолобуз. Ушул кезге чейин айтылып келген жана жарыяланган санжыраларды салыштырып көргөнүбүздө алардын маани-мазмунундагы окшоштуктардын да, өзгөчөлүктөрдүн да көп түрдүүлүгүн байкоого болот. Муну аалым тарыхчылар атайы изилдеп, башка элдердин тарыхына салыштырып, археологиялык маалыматтар, тил өзгөчөлүктөрү сыяктуу көптөгөн себептер аркылуу далилдеп, бир бүтүмгө келиши мүмкүн.

Кыргыз тарыхынын 2003-жылы Бишкекте басылган энциклопедиясын барактап, аны менен санжырадагы окуяларды салыштырып көрөлү. Тарыхта адам баласынын жаралыш мезгилин бир нече доорлорго бөлөт. Таш доору мындан 2,5 миллион жыл мурда башталып, 8 миң жыл мурда металл иштетиле баштаган мезгилге чейин созулган. Кыргызстандын азыркы аймагынан табылган таш куралдары биздин заманга чейинки 800–10 миң жылдыктарга таандык.

Таш доорунун акыркы кезеңдеринде адам баласы жез, коло сыяктуу металлдарды иштетүүнү үйрөнүп, эмгек куралдары жасалып, энелик доор аталык доорго алмашып, үй-бүлөдө ата башчылык кылып, уруулар ата тегине карата бөлүнгөн.

Жез кендери Теңир тоо жана Алтай тоолорунун аймагында иштетилип, алгач уюган жезден таш балка менен ар кандай буюмдар жасалган. Кийин жезди эритип, аны калыпка куйганды үйрөнүшкөн. Кийинчерээк жез менен калайдын

кошулмасынан коло алышкан. Ал жезге караганда катуу жана бекем болгондуктан, андан жасалган эмгек куралдары чыдамдуу келген. Жез кендери Ноокаттан, Чаткалдан, Кетмен-Төбөдөн, Ысык-Көлдөгү Сары-Жаз суусунун жээгинен казылган. Колодон канжар, жебенин учтары, орок, балта жасашкан.

Коло доорунда өлгөндөрдү өрттөө жана жерге коюу салты колдонулган. Мүрзөлөргө тамак-аш, металлдан жасалган бычактар, ийнелер, сөйкөлөр, билериктер ж.б. кошо коюлган.

Тогуз-Торо районундагы Көгарт суусунун батышындагы Саймалы-Таштагы жүз миңден ашык сүрөттөр коло дооруна таандык. Мындай аска таштарга тартылган сүрөттөр кыргыз тоолорунун көп жерлеринен кездешет. Анда тоо текелерине аңчылык кылуу, куш салуу, жер айдоо, жылкылардын, бугулардын ж.б. айбанаттардын сүрөттөрү чегилген.

Биздин заманга чейинки 6–5-кылымдарда Орто Азия, Казакстан, Чыгыш Түркстан аймактарында сактар же скифтер деп аталган көп сандаган уруктар жашаган. Алар эки ири уруу шериктештигинен турган. Бири – персия булактарында айтылган «Тиграхауд сактары» – «шуңшугуй калпакчан сактар» деп, экинчиси – «Хаумаварга сактары – хаум чөбүн урматтаган сактар» деп аталган. Байыркы түрк жана байыркы иран тилдеринде сүйлөшкөн. Сактар зергердик буюмдарды жасоого чебер болушкан. Айбанаттардын, адамдардын сөлөкөттөрүн асем буюмдарга чебердик менен түшүрүшкөн.

Усундар адегенде хунндар жана юечжилер менен коңшулаш болуп Улуу Кытай дубалынын батыш жагында көчүп жүрүшкөн. Алардын бир бөлүгү биздин заманга чейинки 160-жылы сактарды жана юэчжилерди талкалап, Теңир-Тоого жана Жети-Суугa көчүп келишкен.

Орус окумуштуусу Н.Аристов усундарды кыргыздардын түздөн-түз бабалары деп эсептеген жана Енисейлик кыргыздар менен Теңир-Тоолук кыргыздар бир эл болуп, биздин

заманга чейинки 3-кылымда экиге бөлүнүп, Теңир-Тоодо жашагандарын кытайлар усундар атаган деген пикирин айткан.

Усундардын сакалдары кызгылт сары, көздөрү көк болгон делет. Азыркы Фергана өрөөнүндө биздин заманга чейинки 1-миң жылдыкта Дабан мамлекети болгон. Калкы күрүч, буудай, жүзүм, пахта, беде өстүрүшкөн. Аргымак аттарды багышкан. 70ке жакын шаары болгон. Мамлекеттин борбору – Эрши шаары азыркы Араван кыштагына жакын жерге жайгашкан.

Кытай тарыхчысы Сыма Цянь (б.з.ч. 145–86-жж.) өзүнүн «Ши цзи» («Тарыхый жазмалар») эмгегинде биздин заманга чейинки 201-жылы хунндардын падышасы Модэ шанүй түндүккө жана түндүк-батышка согуштук жортуулга чыккан. Бул жортуулда ал көз карандысыз бир катар урууларды – гянь-гундар, динлин ж.б. каратып алган. Гянь-гундар (гэгунь, циг, нигу деген варианттары бар) деп кытайлар байыркы кыргыздарды аташкан.

Айрымдар алгачкы кыргыз журту Енисейде болгон дешсе, башкалары азыркы Монголиядагы Хыргыз-Нур көлүнүн аймагында болгон деп жоромолдошот.

Биздин заманга чейинки 1-кылымдын ортосунда хунндардын башчысы Чжичжи өзүнүн армиясын кыргыз жоокерлери менен чыңдап, Енисейдин Минусин өрөөнүндөгү урууларды басып алган. Ошондон кийин кыргыздардын негизги бөлүгү өздөрүнүн жаңы мекенине (Енисейге) келишкен деген да пикир бар.

Түрк уруусу 4–5-кылымдарда Борбордук Азия хунндарынын чөйрөсүндө түзүлгөн. Алар өздөрүнүн ата-бабалары дешип мифте айтылган бөрү эмизип чоңойткон Ашинаны эсептешет. Ашина уруусу алгач Алтайга көчүп баргандан кийин ошол мезгилде Борбордук Азияда үстөмдүк кылып турган жуан-жуандарга (аварлар) көз каранды болуп, салык төлөп турушкан. Кийинчерээк Ашина уруусунун башчылары Асян-

шад, Туу жана Бумын кенчилердин, эритүүчүлөрдүн, усталардын өнөрлөрүнүн өркүндөшүнөн улам соот кийген атчан аскерлерди курашып, жүз жылга жетпеген мезгил ичинде Алтайда жашаган элдерди багынтып алышкан.

Бумын жуан-жуандын каганы Анахуанга кызыңды мага аялдыкка бер деп тийиштик кылганда ал түрктөрдүн күчкө толуп турганын аңдабай аны мазактап, кемсинтип жооп берген. Муну шылтоо кылып түрктөр 552-жылы жуан-жуандарга кол салып жеңип алышкан жана Бумын анын «илиг каган» деген наамын алып Борбордук Азияда Улуу Түрк кагандыгы (552–603-жж.) түзүлгөн. Каган өз ордосун Орхонго (Түндүк Монголияга) көчүргөн.

Бумындын иниси Истеми Батышка жортуулга чыгып, Жети-Сууну, Борбордук жана Батыш Теңир-Тоону жердеген он ок уруусун караткан. 576-жылы түрктөр Кара деңизди бойлой жайгашкан Византияга кол салып, Боспорду алат. 580-жылы Крымды алышат.

630-жылы Кытайдын императору Тайцзун тогуз огуздар менен бирдикте Чыгыш Түрк Кагандыгын талкандаган.

704–766-жылдарда Түргөштөр мамлекети пайда болду. Билге Каган (716–734-жж.) Енисейден Орто Азияга чейин тынымсыз жортуулдарды уюштуруп турган.

766–940-жылдарда Карлук мамлекети Алтайдан Балкаш көлүнө чейинки  аймактардагы урууларды каратып алган.

748-жылы Кытай армиясы Чүй өрөөнүнө басып кирип Сuяб шаарын кыйратат, кийинки жылы Чач (Ташкент) шаарын алышат.

Зияд ибн Салих башчылык кылган арабдар кытайларга каршы аттанат. Эки армия 751-жылы июлда Талас өрөөнүндөгү Атлах шаарында (азыркы Манас районунун Покровка айылынын түндүгүрөөк жагындагы урандылар) беттешкен. Бет келишкен эки армия дарыядан өтүүгө батынбай төрт күн тирешип турушту. Бешинчи күнү Карлуктардын атчандары

чыккынчылык кылып кытай армиясынын арт жагынан сокку урат. Ошондо арабдар алардын бет маңдайынан чабуулга өтөт. Эки жактан тең кысымга алынган кытай аскерлери туруштук бере албай, Чоң-Капканы көздөй баш калкалап качышат. Орто кылымдардагы тарыхчы Ибн-ал-Асирдин маалыматтарына караганда Атлахтагы салгылашууда кытайлыктар набыт болгон элүү миң жана туткунга түшкөн жыйырма миңдей адамынан айрылышкан. Ушул уруштан соң кытай аскерлери болжол менен миң жылча Орто Азиянын чек араларына жологон эмес.

7-кылымдын аягы, 8-кылымдын башында кыргыздардын Енисейдеги мамлекетинин башында Барсбек ажо турган.

Түрктөрдүн каганы Капаган (693–716-жж.) кыргыздардан келүүчү коркунучту жоюу үчүн Билге башчылык кылган түрк аскерлерин Енисейге жортуулга жиберет. Бирок ал ийгиликсиз аяктап, тынчтык келишими түзүлөт. Тон-Йокуктун эстелигинде төмөнкүдөй маалыматтар бар: «Табгач (кытайлык) каганы биздин душманыбыз эле. Он ок (түргөштөрдүн) каганы биздин душманыбыз. Бирок биздин баарынан чон душманыбыз кыргыздардын күчтүү каганы».

Түрктөр күтүп отурбай союздаштарга биринчи болуп кол салып, аларды жалгыздап талкалоону чечти. Алар биринчи чабуулду эң коркунучтуу душман эсептелген кыргыздардан баштаган. 709-жылы түрктөрдүн кошууну Енисейдин баш жагынан кечип өтүп, кыргыздарга таламдаш чик, аз урууларын талкалап, Туваны ээлешкен да, аны кыргыздарга чабуул коюу үчүн плацдармга айландырышкан.

Кыргыздар Тувадан Енисейге капчыгай аркылуу кеткен башка жолду бийик кыр менен тосуп коюшкан (анын калдыктары ушул убакка чейин сакталып калган). Барсбек Саяндагы башкы маанилүү ашууларды да ээлеп, толук коопсуздукту камсыз кылдым деп ойлоп, таламдаштарынын жардамын күтүп калган. Бирок түргөштөр да, кытайлар да өз чектерин

коргоо менен гана чектелишкен. Ал эми түрктөр Саян кырка тоолорундагы кыргыздар коргоп турган жолдорду айланып өтүп, кышкы ызгаарга карабай кыйын жол менен өтүүнү чечишти. Бул жортуулга түрктөрдүн келечектеги каганы Билге жана анын бир тууганы Култегин катышкан, бирок ага иш жүзүндө Тон-Йокук башчылык кылган.

710–711-жж. кышында түрк аскерлери кыргыздарды күтүлбөгөн жерден каптап киришкен. «Биз кыргыздарга уйкуда жатканда кол салдык, жолду найзалар менен салдык» деп белгилеген байыркы түрктөрдүн ташка чегилген эстелигинде. Кыргыздардын негизги күчтөрү талкаланып, Барсбек аман калган колун Суңга токоюна (азыркы Тувада) топтоп, өжөрлүк менен каршылык көрсөттү. Айыгышкан катуу салгылашуу бир жумага созулуп, кыргыздар толук кыйратылган. Барсбек бетме-бет салгылашууда курман болгон.

Уйгур кагандыгы 745–840-жылдары күчүндө болгон. Күчтүү мезгилинде ага Кытай жыл сайын салык төлөп турган. 758-жылы уйгурлар Ортоңку Енисейдеги кыргыз өлкөсүн басып алат. 795-жылы кыргыздар уйгурларга каршы көтөрүлүшкө чыгып, жеңилип калышат. 820-жылы карлуктардын колдоосуна ээ болгон кыргыздар өздөрүн уйгур кагандыгына көз карандысызбыз деп жарыялашкан. Аларга каршы уйгурлар аскерлерин жиберет. Кыргыз-уйгур согушу жыйырма жылга жакын созулуп, кыргыздар ийгиликке жетишкен.

840-жылы кыргыздар уйгурлардын борбору, Орхон дарыясынын жээгиндеги Ордо-Балыкка 100 миң аскери менен чабуул коюп, уйгур аскерлерин талкалап, борборун жексен кылат. Уйгур каганы салгылашууда курман болот. Уйгурлардын кагандары Кытайга, Байкалдын арт жагына, Чыгыш Түркстанга качышат. Енисейлик кыргыздар уйгурларды куугунтуктап Теңир-Тоо менен Жети-Суугa чейин жетишет. Ошентип Улуу Кыргыз Кагандыгы түзүлөт. Күчтүү тартип

орнотулган. Кагандын сөзүнө турбай эки сүйлөшү өлүмгө тете уят иш катары эсептелген. Кагандын буйругун аткарбагандар, коомдук тартипти бузгандар өлүм жазасын алышкан. Кыргыз коомунда уурулук өтө жексур көрүнүш катары каралган. Эгерде баласы уурулук кылса анын башын кесип, атасынын моюнуна илип коюшкан. Ал ууру баласынын башын бул дүйнөдөн көзү өткүчө мойнуна илип жүрүүгө милдеттүү болгон.

10–12-кылымдарда Теңир-Тоодо Караханийлер кагандыгы күч-кубатка ээ болгон. Мамлекетти Карлук бирикмесине киришкен чигил жана йагма түрк уруулары жетектеген. Каган Сатук Карахан өлөр алдында (955-жылы өлгөн) исламды кабыл алат. Анан уулу Муса Исламды мамлекеттик дин катары жарыялаган. Баласагун шаары (Токмок шаарынын жанындагы Бурананын урандылары) борбор болгон. Экинчи борбору – Өзгөн шаары.

12-кылымдын биринчи жарымында караханийлерди кара кытайлар басып алган. Алар байыркы кытай элдеринин урпактарынан болгон. Түндүк Кытайдагы Ляо мамлекети (907–1125-жж.) Чжурчжен эли тарабынан талкаланып, Ляо династиясынын өкүлдөрүнүн бири Елүй Даши кидандардын (кара кытайлардын) бир бөлүгү менен Енисей кыргыздарына кире качкан. Бирок кыргыздар аларды кууп чыккан. Елүй Даши качып отуруп, Эдил өзөнүнүн боюна орношот. Ал кытай качкындарынын башын кошуп, бир катар түрк уруулары менен шериктеш болгон. 1129-жылы ага 40 миң түтүн баш ийген. Елүй Даши өзүн Гурхан (Хандардын ханы) деп жарыялаган. Анан күчкө толуп алгандан кийин Си Ляо (Батыш Ляо) мамлекетин негиздеп, Баласагунду (кытайча Хосун Ордо) борбор кылып, Енисей дарыясынан Сыр дарыясына чейинки аймакты башкарган.

1208-жылы Чыңгыз хан Иртышта талкалаган найман жана меркит уруулары Елүй Дашинин жерине качып келиш-

кен. Найман падышасынын уулу Күчлүк гурханга кызматка кирип, өз элинин качкындарын чогултуп, Жети-Суудан орун алат.

Күчлүк 1210-жылы Өзгөнгө кол салып, гурхандын казынасын басып алган, бир жыл өткөндөн кийин кара кытайлардын падышасын туткунга алган.

Монголдордун боржегин уруусунан чыккан Темучин татарларды, найман, оңгут ж.б. бир нече түрк урууларын өзүнө баш ийдирип, 1206-жылы чоң курултайда Чыңгыз хан деп аталат.

1207-жылы кыргыздар Чыңгыз ханга уйгур менен карлуктар сыяктуу ыктыярдуу түрдө баш ийип беришет.

Найман падышасынын уулу Күчлүк Жети-Суудагы мусулмандарды буддизм же христиан динин кабыл алууга мажбурлаган. Ошондуктан алар Күчлүктү жек көрүшүп, монголдорду бошотуучу катары тосуп алышкан.

1218-жылы Жети-Суу менен Теңир-Тоо толугу менен монголдордун карамагына өткөн. 1219-жылы монголдор Хорезм шахы Мухаммедди багынткан.

1227-жылы Чыңгыз хан өлгөндөн кийин анын басып алган жерлери төрт уулуна бөлүнөт. Мурас бөлүштүргөндө Орто Азия менен Борбордук Азия Чыңгыз хандын экинчи уулу Чагатайга тиет.

1269-жылы Талас суусунун боюнда Өгөдөй жана Чагатай улустарынын биргелешкен курултайында көз карандысыз жаңы мамлекет түзүлөт. Ал мамлекеттин башында Өгөдөйдүн небереси Хайду хан (1269–1301) турган. Жаңы мамлекеттин чек арасы Алтайдан Аму дарыяга чейин созулган. Борбору Чүй өрөөнүндө, болжол менен Тарсакент (азыркы Бишкекке жакын Каражыгач кыштагы) шаары болгон. Хайду кыргыздардын бир тобун Теңир-Тоого көчүрүп келген.

Амир Темир (1336–1405) Жер Ортолук деңизинен Чыгыш Түркстанга созулган империя түзө алган. 1371-жылы Амир

Темир Моголстанга жортуул жасап, Ысык-Көлгө чейин келет. Бирок бул аймактын элинин бир бөлүгү Иленин ары жагына, бийик тоолорго көчүп кетишкен эле. 1375-жылы Амир Темир Моголстанга Сайрам жана Талас аркылуу келет. Ал Камар-ад-Диндин аскерлерин кубалап олтуруп, алардын Иле өрөөнүндөгү урууларынын мал-мүлкүн олжолоп, Самарканга жөнөтүшөт. Арасында согушчан кыргыздар көп болгон. Баскынчылар артка кайтып келатканда Камар-ад-Диндин колу Ысык-Көлдүн жээгинде катуу сокку урган. Жинденген Амир Темир ошол эле жылы Камар-ад-Динди Кочкордо талкалоого үмүттөнүп кайра келет. Бирок көчмөндөр бул мезгилде Иртышка көчүп кетишкен.

1377–1379-жылдары Амир Темир жортуулдарын улантткан. Моголдор Тарбагатайга өтө качышкан. 1383–1388-жылдары да жортуул жасаган. 1389-жылы Темир дагы көп аскер менен чыгып, элди тоноп, аларды туткунга алган, бир катар урууларды зордуктап көчүрүп кеткен.

1390-жылы дагы эки кошуун аскерин жөнөтөт. Алардын бири түндүк жактан – Ташкен, Талас, Чүй; экинчиси түштүктөн Анжияндан Яссы дарыясы жана Арпа жайлоосу аркылуу жүрүп отурушуп Ысык-Көлдө кошулушат да, чегинип бараткан Камар-ад-Диндин аскерлерин кубалаган бойдон Иртышка чейин барышкан. Ошентип Моголстан аймагы Амир Темирге каратылып, аны башкаруу небереси Улугбекке тапшырылган.

Амир Темир 1391- жана 1395-жылдары Алтын Ордонун ханы Токтомушту талкалаган. 1393-жылы Иракты, 1398–1399-жылдары Индиянын түндүк жагын, 1401-жылы Сириянын бир кыйла бөлүгүн ээлеген. 1405-жылы Кытайга жортуулга аттанып баратып, 18-февралда Отрар (азыркы Түркстан шаарына жакын) шаарында каза болгон.

Кыргыз элинин качан жана кантип түзүлгөнү боюнча бир нече божомолдор бар:

1. Кыргыз эли Теңир-Тоого Енисейдин жогорку жагынан көчүп келген.

2. Кыргыздар эч жактан келбестен, байыртадан эле Теңир-Тоодо жашаган уруулардан калыптанган.

3. Кыргыз эли Борбордук Азия жана жергиликтүү Орто Азиялык уруулардын байланышынан келип чыккан.

4. Кыргыз элинин теги шумерлерге байланышат. С.М.Абрамзон өзүнүн «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык, тарыхый-маданий байланышы» деген эмгегинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келген:

1. Кыргыз элинин калыптануу процесси негизинен чыгыш Теңир-Тоодо, ошондой эле Памир Алай (ага караштуу Алтай, Иртыш, Чыгыш Түркстан) тоолуу облустарында өткөн;

2. 14–17-кылымдарда калыптанган кыргыз элинин негизин:

а) түрк тилдүү жергиликтүү уруулар;

б) негизинен түрк тилдүү түштүк Сибирдик, Борбордук Азиялык уруулардын көчүп келген тобу;

в) Монгол жана казак-ногой урууларынан чыккандар түзгөн.

Көпчүлүк окумуштуулар азыркы кыргыз элинин курамында Енисей компоненти бар экендигин танбайт. Чындыгында, Енисей кыргыздары Теңир-Тоодогу кыргыз элинин калыптануу процессине катышкан.

15-кылымдан тартып Алатоо аймагындагы кыргыз уруу башчылары моголдорго баш ийбей, башкарууну өз колдоруна ала башташкан. Кыргыз урууларынын башын Мухаммед бириктирген. (Санжырада Тагай бий деп айтылат). Ал 1508-жылы ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн. Ушундан кийин ага Мухаммед кыргыз деген ысым ыйгарылган. Түркстан шаарына жортуул убагында ал өзбектердин ханзаадасы, ошол убакта Самаркандда акимдик кылып турган Кучкунчи

хандын уулу Абдулланы колго түшүрүп алып, бирок бошотуп жиберген. Бул Султан Саид хан үчүн кыргыздарды чаап алууга шылтоо болгон. Моголдор кыргыздарды 1517-жылы басып кирген. Мухаммедди колго түшүрүп, Кашкарга алып кетишкен. Бирок аны абакта көпкө кармашпай, 1518-жылы бошотуп, 1522-жылы өзүнүн уулу Абд-ар-Рашид менен кошо мекенине жөнөтөт. 1524-жылы Кочкорго казактардын ханы Тахир келет. Моголдорго каршы Мухаммед аны менен ымала түзөт. Аны билип калып, Султан Саид 1525-жылы Мухаммедди карматып, Кашкарга айдап жиберет, ал жерде Мухаммед (1533-ж.) Султан Саид өлгөнгө чейин болот. (1:7–22)

Байыркы таш доорунан 16-кылымга чейинки өткөн болмуш окуялардын биздин тарыхыбызда кандай чагылдырылгандыгы менен өтө кыскача тааныштык. Эми ошол эле болмуш окуялар эл оозунан жазылып алынган кыргыз санжырасында, башка илимий тарыхый чыгармаларда кандайча баяндалганына көңүл буралы.

Кытайда жашаган 80 жаштагы Баймырза карыядан Үмөталиев Султаналы 1916-жылы алган санжыраны Укаев Арун көчүрүп алган. Анда кыргыздар Асман Тоо, Бермет-Туздуу көл, Сары Өзөн деген жерлерди жердеп жүргөн сак деген элден таралат. Сактар мал чарбачылыгы менен күн көргөн көчмөн эл болгон. «Сак» деген сөз куштун канаты деген маанини берет. Ошол элдин башчысы жана кол баштаган жоокерлери куштун канатын тагынып жүрүшкөн. Аны сырттагы элдер сактар – куштун канатын тагынгандар дешкен. Буларды биринчи жолу бириктирген Улус деген адам болгон. Улустун кадыры бүткүл элге тараганда сактын эли чогулуп, аны ак карлуу тоонун бийигине алып чыгып, ак кийизге салып ажо кылган дейт. Үйүнө алып келип түндүгүнө туу орнотот. Улустун өзүнө бүркүттүн сагын – канатын тагат. Ошентип Улусту ажо кылгандан кийин чоң той беришет. Той берген күндү «Улустун улуу күнү» деп аташат. Ал күн жалган куран айы-

нын он бирине туура келет. Кийинчерээк Улустун улуу күнүн жыл сайын той кылып тосуп турушкан экен. (2:6–7)

«Улустун улуу күнүнөн» кийин түрк урууларынын жаңы жыл саноосу башталат. Дал ушул күндөрү жети даамдан чоң көжө кылып, жыл айрылышы кылып чоң от жагып, «Алас-алас» ырын ырдашкан.

Улус картайганда өзүнөн кийин «элди ким башкара алат» деп сарсанаа болуп, элин чогултуп, 7 табышмак айтат. «Ушуну ким туура жандырса, хандыгымды ошого берем» дейт. Эч ким жандыра албай кызы Салыйман жандырат. Ага эки уулу «Жандырмагын ага атам өзү айтып койду» деп ишенбей чыйалашып, кичүү уулу «төрт табышмак айтам, чечип берсин» дейт. Салыйман аны да туура чечип, сак элине Салыйман хан болот. Салыймандын бир туугандарынан тарагандар усундар деп аталып, кийин усун эли ошолордон таралат. (2:11–13)

Атактуу манасчы Балык акын «Оторкан» жомогун ыр менен айткан. Анда түрк урууларынын, кыргыздардын Сыр-Дайранын боюнда, Самаркандын тегерегинде мындан үч миң жыл мурда жашаган мезгилинен VIII кылымда арабдардын келиши менен Алтай тарапка сүрүлгөнүнө чейинки окуялар айтылган. Ал айткан «Манас» жомогунда кыргыздар Алтайдан кайра Ала-Тоого кайрылып келет.

Бул санжырада Оторкан хандыгында түрк урууларынын тогуз атага бөлүнгөнү жана алар батыш жагынан Аму- Дарыя, Каспий көлү, түндүк жагы Эдил, Жайык, Арал көлү, Чыгыш жагы Опол суусу, Котон калаасы, Үрүмчү, Манас болгондору айтылат.

Бул жерлерде Оторкан хандыгынан мурда Угузхан башкарган мамлекет болгон. Угузханга он тогуз уруу коңурат, он эки уруу тайчыктар, катаган, кытай, жедигер, калча, кыргыз, кыпчак, курама, маңгыт, казак, кара калпак, ногой, башкырт, түркмөн, кыят, эштек, чуваш, он эки ата угуздар караган. Угуз мамлекетине ирандыктар басып кирген. Ошол учурда

тажиктер көчүп келип, Ферудон деген падышанын Салым деген уулу бийлик жүргүзгөн. Ошол учурда кыргыздан чыккан Ороз деген Ташкендин жогор жагына Сырдын боюна ордо салып куту койгон. Үстүнө үй салып куну деген. Ошол Ороздун уулу Оторкан жергиликтүү түрк урууларын бириктирип ирандыктарды айдап чыккан. (2:8-9)

Оторкандын уулу Барак хан болгондо мамлекет 9 хандыкка бөлүндү. Барак хандан кийин анын уулу Аланча хан болду. Андан Боруке хан. Боруке хандан аты чуулуу Атылакан. Ал Азия, Европанын көп өлкөлөрүн каратты. Анын уулу кан ичме Карач хандын тушунда элден ырк кетти.

Барак хандан калган Калыбай кыргыздарды ээрчитип келип Жети-Суугa бөлүп, өзүнүн ордосун Кара-Балта суусунун Чүйгө куйган жерине курат. Ал жер кийин «Калы куту, капка таш» деп аталат. Калы бийден эки бала туулат. Бири – Сагын, экинчиси – Арашан. Сагын бышык чыгып, он экисинде Бала Сагын аталат. Бала Сагын шаарын салат. Анын уулу Ташы да баатыр чыгат. Бала Сагындын экинчи уулу – Талас. Ал Талас шаарын салат. Ташыдан кийин анын уулу Белеке хан болот. Ошол мезгилде арабдар Орто Азияга кирет. Белеке хан Самарканды камоого алганда курман болот. Анын уулу Култегин атасынын ордуна хан болуп, Отор шаарын коргойт, бирок жеңилип Алтай, Енисей тарапка качат. Култегин жолдо өлүп, анын уулу Какас хан болот. Какастан Алач, Талас деген эки уул туулат. Алач казактарга хан болуп, Талас кыргыздарды башкарат.

Мурда Алтай менен Енисейге оогон кыргыздарды Ала-Тоого Жанкороз баштап келет, ураaны да Жанкороз болгон. Жанкороздон Чамас туулат. Чамас бий шайланат. Ал кыргыздардан жыйналган салыкты Чагатайга берип туруугa милдеттүү болгон. Чамастан Ак уул, Куу уул туулат. Ак уул биринчи багышка бий болуп, Оң Багыш аталат. Куу уул экинчи багышка бий болуп Сол аталат. Ак уулдан Арстан бий туу-

лат. Куу уулдан Тооке бий туулат. Ошол учурда мурда Эдил, Нурадан келген ногойлорду баштап, Ормонбет хан кыргыз жерлери Жети-Суу, Теңир-Тоону таштап, өз жерине кетишет.

Жуучунун уулу Батый Алтын Ордону курат. Ага көп хан баш ийген. Анын бир ханы Бердибек ислам динин кабыл алган. Андан Өзбек туулат. Өзбек кийин Алтын Ордого хан болгон. Ошондо Алтын Ордого 92 багыш (аймак) карап турган экен. Ал өзүнө караган багыштан өкүлдөр чакырып чоң курултай кылат. Ошондо кыргыздан Арыстан бийдин уулу Домбул бий барган экен. (2: 28-37)

Тоголок Молдонун «Тарых, түпкү аталар» санжырасынан: ...Даражалуу атабыз Ноо пайгамбардын үчүнчү баласы Жапистин уулу – Түрк. Бул Түрктүн 28 уулу болгон...

Түрк, анын уулу Түтөк хан, анын уулу Элчикан, анын уулу Бококан, анын уулу Кийиккан, анын уулу Алынчакан. Бул Алынчакандын эки уулу Татар, Монгол болгон...

Түрктүн сегизинчи муундагы тукуму Угузхан. Угузхан атактуу кан болгон. Угузхандын уулдары Бурут, Бурат, Кыргыз. Бураттын уулу Мок.

Моктун тукуму айтылуу каракалпактар. Буруттан эки уул: Оуйгур, Байгур. Оуйгурдан үч уул болгон: Аңгирия, Биңгирия, Чаниту. Аңгирия, Биңгирия Рум түркүнө жамынып кеткен. Бул кезде Биңгирия атак алып өзүнчө турат.

...Кыргызкандын ордун баскан өз насилинен атактуу кандары болгон. Соноркан, анын уулу Олчоңкан, анын уулу Жоокачты хан, анын уулу Басалгалуу Батыркан деген. (2: 38-39)

Осмоналы Сыдык уулунун «Кыргыз, Шабдан тарыхы» китебинен: Абалкы атабыз азирети Адам, экинчи атабыз азирети Нук. Үчүнчү аталарыбыз Каам, Саам, Жаппас.

Жаппас тукуму экиге бөлүнөт: арийлер, туранийлер. Арий дегенибиз: индилер, ирандыктар, сарттар, оогандар, юнандар, арнайуттар, французадар, англистер, немистер, орустар...

Туранийлер: костайлар, жапондор, финдер, осмондор, та-

тарлар, кыргыздар, казактар, калмактар, дунгандар.

Жаппастан сегиз уул болду, улуусу Түрк аталды. Түрк ата өзү баштап тогуз уулу падыша болду. Түрк ичинде тогузду ырасым тутмак ошондон калды.

Түрктөн кийин Түтүк падыша болду. Андан кийин Элчикан. Андан кийин Биб Баку хан болду. Андан кийин Күйүк хан болду. Андан кийин Аланча хан.

Тээ азирети Нук алейсаламдын заманынан баштап Аланча заманына чейин бардык Жаппас уулдары мусулман эле. Аланча заманында эли бай, калкы дөөлөттүү болду. «Ит семирсе ээсин кабаар» деген макал ошол күндөн калды. Дөөлөткө мас болуп, кудааны унутушту. Аланча хандан эки уул төрөлдү, ысымы Татар, Магул делди. Экөө эки падыша болуп, элди экиге бөлдү. Татар өзүнөн баштап жети уулуна чейин падышалык кылды, аттары бу: Бука хан, Жылаанча хан, Аттуу хан, Ордо хан, Байду хан, Сүйүнчү хан.

Магулдан Каракан ата ордун басып, падыша болду. Каракан заманында кудааны тааныган адам калбады. Эми уулу Угузхан хан болду. Угуз энесинин кардынан олуя туулган жан эле, андыктан кош миздүү кылыч болду, мусулман болбос ыктыярына койбоду. Бүтүн Азияны кол алдына каратты, бир жүз он алты жыл падышалык кылып, хак ыракматыга көчтү. Кытай, Жапан, Индостан, Стамбул, Мисир, Орусияга чейинки калк карады ага.

Угуздун алты уулу болду. Ар биринен төрттөн уул төрөлүп, бардыгы жыйырма төрт уул-небере көрдү. Ошонун бири – кыргыз. Казактын да асили кыргыз. Кийин Абулкайыр хан заманында казак аталды. Кыргыз дүйнөгө Мухаммед алейсаламдан 3400 жыл мурун келди. Эмкинин эсебинде 4700 жылга чамалап барат. Эми кыргыз дегенибиз эки түрлүү: бири – кыргыз, бири – казак. Кыргыздан Сапар шаа. Шаа дегени – кан дегени. Андан Алхак, андан Рашидилхак, андан Аналхак. Бу ысымдар арабдар менен жакындык кылып тур-

ганда коюлган. Андан Саршан бий, андан Эршен бий, андан соң Бууракан хан болгон. Андан Камбар хан, андан Пышак хан, андан Аргун хан, андан Алжан, андан Арстан хан, андан Байчоро, Жанчоро, Карачоро. Жанчородон Орто жүз кадагы, Карачородон Кичи жүз кадагы жана кыргыз тарап чыкты. Эми Байчородон Чомомбай, андан Кийикбай, андан Табу, андан Майкы, Когам, Кыйылдыр, Микраил. Майкыдан Албан, Субан, Дөөлөт, Кымыр, Ботбай, Жаныш, Чапырашты, Калыгул, Кыргыз. Кыйылдырдан кырк жүз казак, Микраилден миң жүз казак. Эми Когамдан Бараткан хан болгон. Андан Габыр хан, андан Галидин, андан Арслан, андан Кылмый бий, андан Шапур бий, андан Темиш бий, андан Арстан бий, андан Атан бий, андан Шүкүр бий, андан Сеңкиң бий, андан Сары бий, андан Муратай, андан Телкозу, андан Калмак, андан Домбул бий, андан Долон бий, андан Агуул, Куу уул. Эми Агуулдан болсо Адигине, Тагай, Мунгуш. Адигинеден он урук: Сатар, Баргы, Бөрү, Көкчө уулу, Олжоке, Тооке, Сабай, Жору, Ардай, Мөнөк.

Муңгуштан Анжиян кыргыздары. Муңгуш он үч урууга бөлүнөт: Эрке, Кашка, Төлөйкөн, Маңгыт, Көк жаңгак, Сокулук, Жапалак, Колдогочун, Жоош, Жылкелди, Сарала, Теке, Бөкөрү, Татар.

Тагайдан Богорстон, Койлон, Кылжыр. Богорстондон Солто. Койлондон Жедигер. Кылжырдан Сарбагыш. (2: 156-161)

Бала Айылчынын санжырасынан: Куреш тукумунан Абдулмуталифтин уулу Абдулладан Мухамбет деген бала 571-жылы 12-апрелде дүйнөгө келет. Ал 40 жашында пайгамбар болуп араб кафырларына каршы согуш ачып, ислам динин тараткан. Ал бай жесир аял Хадичага үйлөнгөн. Ал аялдын кербен тартып жүргөн 6000 төөсү болгон. Арабдын тең байлыгы ошол аялдын колунда болгон. Арабдар Мухамбетти куугунтукка ала баштаганда, ал Меккеден Мединага качып, Медина

тоосундагы Стам тукумунан чыккан Аке шаага барып ислам динине киргизет. Аке шаанын түпкү теги – Түрк. Ошол кезде үстөмдүк кылып турган Стам тукумунан. Аке шаа Амир Аиса баатырды башчы кылып көп аскерди Мухамбет пайгамбарга берип, ислам дини үчүн араб халифаты Абдужайылга каршы согушка жиберет. Медина шаарынын жанында түрк жана арабдардын ортосунда катуу согуш болуп, бул согушта Амир Аиса баатыр өлөт. Мухамбеттин тиши сынат. Согуш бир нече жылга созулат. Акыры Мухамбет жеңип чыгып, араб Мекке Мединаны бошотуп, Ислам халифатын орнотуп, өзү ага халиф болот.

...Аке шаа өлгөндөн кийин ордуна баласы Ырса шаа бийликке келгенде түрктүн Стам уруусу начарлай баштаган. Түрк менен арабдын ортосунда согуш токтогон эмес. Ырсанын ордуна Кабур хан болгон... Кабурхандан кийин анын уулу Аселхан арабдын кысымы менен Дарденел кысыгы аркылуу Чыгышка көчүп чыкты. Улам Чыгышка сүрүлдү. Узундун тукуму түштүк Европадан Батыш Сибирге чейинки аралыкты жердеген көп эл менен түрктөр батыша албай улам көчүп отуруп Енисей суусунун башкы агымына чейин жетет. Анан Чыңгыз хан чыкканда алар Енисейди таштап түштүк-батышка карай сүрүлөт...

Аселхандан – Дамил, Дамилден – Мааке, Маакеден – Шумтал, Шумталдан – Пашидил, Пашидилден – Аналхан, Аналхандан – Баргун, Баргундан – Кабурхан. Кабурхандан – Жетимиш. Жетимиштен – Атан бий. Атан бийден – Мары бий. Мары бийден – Каселдин бий. Каселдин бийден Арслан хан туулду...

Арслан хандан Абалкан, Асанхан, Кыпчак деген үч уул болот. Кыпчактын тукуму кыргыз-кыпчак аталып түштүк, Алай тарапты жердеп калган. Асанхандан – Жамгырчы тукуму. Булар кебез өлкөсү деп аталып, Орто Азиянын Чыгыш түштүгүндө туруп, кийин өзбектерге сиңип кеткен.

Абалкандан: Калы бий, Жаныбек хан, Манчети деген үч уулу болгон. Калы бийден – Сабыр. Сабырдан – Шекер. Шекерден – Сары. Сарыдан – Касы, Ак уул, Куу уул деген үч уул туулган.

Ак уулдан – Дамил. Дамилден – Дөлөн бий. Дөлөн бийден Адигине, Тагай, Миңгуш деген үч уул, Наалы деген кызы болот.

...Койлондун уулу Жедигер Карачоро менен энчилеш болуп, Чоробайыр аталып кеткенине ич күйдүлүк кылып, аздан болсо да нааразылык чыгарып жүрдү. Чоро өз курбалдашы Кылжыр уулу Сарыбагыш менен жакшы мамиледе эле. Ал экөө дос болчу. Чатак уламдан-улам күчөй берип, иниси Жедигердин катуу сөзүнө намыс кылып Чоро Коконго кайра кетип калды. Эл арасында: «Эмчектеш Саяк менен Азык калып, аталаш Чоро кетти» деген лакап калды. Жедигер менен Чоронун ортосундагы чатакты басып, элдештирүү үчүн көп иш жүргүзүлгөн. Эл арага түшкөн. Бирок Жедигер өзүнүн «тентиген сарт» деген сөзү үчүн агасынан кечирим суроодон баш тарткан. Ошондуктан Чоро кетип калды. Эл оозунда: «Атаңдын көрү Жедигер, тил албай жүрүп Карачородон айрылып бокту жедиңер» деген лакап калган экен.

Карачоронун энеси баласы кетип калгандан кийин Кокон хандыгындагы белгилүү адам Көкүм-Сээр деген адамга тийген экен. Андан эркек төрөп Тууганбар деген ат койгон. Бул Карачоронун жатындашы, бир тууганы бар дегени. Карачоро 20 күн жол жүрүп, энесин, энелеш бир тууганын, өгөй атасын тапкан. Кокон эли Карачоронун келишине арнап чоң той берген. Ошол кезде Көкүм-Сээр уулу Тууганбар менен Карчоронун жардамы менен Кокон хандыгынан кол үзүп, Ташкенди бөлүп алып ага бек болгон. Ташкенди Жакып (Манастын атасы) курган деген кеп бар. Көкүм хандан Сейит, Куттук, Сулайман деген үч уул болгон. Карачоро менен Туугандын тукуму багыш аталып, бул кезде башы Намангенден

аягы Чаткалга чейин жердеп турушат.

Багыш тукуму үч башка болуп, Көкүмдүн тукуму – Чоң Багыш, Карачоронун тукуму – Сарыбагыш, Туугандын тукуму – Кара Багыш деп аталат. Карачоро өзүнүн тукумун сарыбагыш деп атаганы, өзүнүн курбалдаш жакшы көргөн досу Кылжырдын уулу Сарбагышты урматтаганы деп божомолдошот.

Койлондун тукуму Кара дарыянын күн чыгыш жагын ээлеп, Жедигер деген ат менен Адигине эли менен чектеш турат. Жедигер тил албай Чоронун кетип калышына себепчи болгону үчүн Тагайдын калган балдары аны жектешкен. Ошондуктан Адигине тукумуна жакындашып чектеш туруп калышты.

...Эштек бийге бир бала келди. Анын жөн-жайын сураштырса багыш уруусунан экен, аты Урмат болчу. Кайдоол баатыр «менин тууганым болот экен» деп колуна алып, атын Суумурун деп өзгөртүп койду. Мындай кылып өзгөртүүнүн себеби, ал кезде уруулар арасында «Биздин баланы алып койдуңар, кайтарып бергиле, болбосо чабышабыз» деп чатак чыгаруучу.

Кайдоолдон Малтабар, Дүйшөн, Тогузак, Чымчык, Түлкүчөк деген балдар болгон. Алардын тукуму жалпы жонунан Суумурун аталып, оңго таандык болуп калды. (2: 182-185)

Белек Солтоноевдин «Кызыл Кыргыз тарыхынан: Тагай Кокон, Маргалан калаасынын тегерегиндеги Ийри Суу, Былпылдак деген жерде, бир кабарда Ош калаасынын тоосу Сары Бел деген жерде болжолу 1460–1470-жылдарда туулган...

Тагай орто жаштан өтүп калганда 60 жашында болжолу 1515–1525-жылдарда Эреше ханга ак үйлүккө барган. Анда 2–3 жыл туруп калып, Тагайдын кирин жууп, төшөгүн салып берсин деп ордо кыздан бир кыз алып берген...

Тагай болжолу 1535–1540-жылдары өлгөн. Кабыры кайсы жерде экени белгисиз...

Адигине, Тагайдын атасы ким экени талаш. Бири Жанкороз, бири Үйрүмчү, бири Сары, бири Долон дейт. Ормондун жоопнаамасында Агул деген, карыялардын сөзүндө да Агул, анын атасы Сатыке, Муратай, Телгозу, Эркалпак, Долон... Долондун атасы Домбул, Мары-Сары, Санбин, Шүгүр, Кылый. Мунун атасы кыргыз Аналак-Муналак олуядан деп токтошот... (3:86 88)

...Жанкороздун өзү менен биринчиде ээрчип чыккан Карачоро эле. Бирок түсү кара болгондуктан, Карачоро койгон. Бул кишинин тукуму суумурун аталып, көбүнчө уюткусу Фрунзе менен Токмок шаарынын арасында турат.

Эреше ханга ак үйлүү болуп Тагай барганда ордо кыздан туулган баланын аты Ороз. Таза кийинип, таза жүргөнү үчүн Жанкороз аталган.

... Жанкороз жоо бетинде өтө эр болуп, баатырлыкка чыккан. Олжо үлөшө келгенде Жанкорозго аз тийип калганда агаларына таарынып, Таласка кеткен. Мунун тукумунан айтылуу баатырлар Түлкү, Кантейиш, Аккочкор-Канкы, Көкөм, Күржү чыккан. ...Тагайдын тогуз уулу санай келсе он эки деген. Төмөндө жазылган Келдике, Баарын менен он эки болот, демек биринчи Коңурат, экинчи Черик, үчүнчү Моңодор, төртүнчү Азык, бешинчи Саяк, алтынчы Карачоро, жетинчи Богорстон, сегизинчи Койлон, тогузунчу Жедигер, онунчу Жанкороз, он биринчи Келдике, он экинчи Баарын.

Атактуу кан ичер Чыңгыз баарын уругунан болгон. (Бул баарын ал уруктан эмес).

Тагай кеткен соң Кашкарда калган ордо кыз катынды дагы бир эр алган. Өз аттарын башка издеп келген үчүн улуусунун атын Келдике койгон. Кичүүсүнүн атын кыргыз менен уйгурдан катышкан бала деп Баарын койгон. Шумкарлыгы аз болуп, ителги менен ылачындын ортосунан туулганды Баарын дейт. (3: 97-98)

...Ташкенде хан болуп турган Катагандын хан Турсуну келип, Талас менен Чүйдөн кыргызды чаап, малын талап,

кыз-катыны олжого кеткенде Иледе калмак менен согушуп жүргөн Эр Эшимге кабар бергенде, Эр Эшим калмактын бетине аскер коюп (кабарда ал аскердин баштыгы Манап болгон), өзү кайра тартып, Ысык-Көлдүн аягы Тору-Айгырда тору айгырын өлтүрүп, Сыртта үч сур атын өлтүрүп, Жоргонун белине жакын жерде жоргосун өлтүрүп, өзү саяк кыргызы Түгөлдөн алган Шарткула деген күлүк аты менен Сайрамда, бир кабарда Ташкенге жакын калганда, хан Турсундун аскерине жакын жетип калганда, аскердин артынан мал айдап бараткан олжого түшкөн кыргыздын катын-кыздарына жеткенде алардын ичинен жашы 12–13төгү кыргыздын кызы мындай деп ыйлап, зарлап үн салып ырдаган:

Кой айдаган биздин кыз,
Уй айдаган биздин кыз.
Эңчер бойлуу Эр Эшим,
Эсен болуп, соо келсе
Болор бекен Катаган
Биздин кыздай сиздин кыз? –

деп айтканда Эшим хан угуп, «чечпегин» деп оң саамайын түйүп, «жоо канчалык жерде?» деп сураганда: «бизден азыр эле бөлүндү, көп узаган жок» дегенде, мал айдаган катын-кыздарды токтотуп коюп, аскеринин алды-артын жыйып, Эшим хан согушуп аскерин кырып, хан Турсунду өлтүрүп, Ташкенге Жанкороздун уулу Тагайдын небереси Көкүмдү улук кылып, канчалык кыз-катын, мал олжолоп кайткан.

Баягы ырдаган кызды Эшим өз кызы катары багып жүргөндө бир-эки жылдан соң Эшим хан өлүп, саяк кыргызынан Шарткуланы берген Түгөлдүн уулу Маңгыт барса, атыңдын колкосу деп баягы чачы түйүлгөн кызды өз кызы катарында жабдык, себи менен берген. Маңгыт алып, андан туулган саяк ичиндеги азыркы Катаган деген урук...

Эшим хан менен бирге жүрүп Турсунду жоологон саруу кыргызынан Муратаалы жана Төңтөрт деген кишилер. Ката-

гандан олжо болуп түшкөн төрт жашар бала Алакчын болгон, өзү Чемейдин баласы. Бул төрт жашар бала Алакчынды олжого Муратаалы алган. Колго түшкөн бир бооз катынды Төңтөрт алган. Анын тукуму колпоч деген эл.

Эр Эшим Иледе калмак менен урушканда жана хан Турсун менен согушканда бүткүл кыргыздын аскерин баштаган Көкүм болгон. Жанкороздун балдары Көкүм менен Корчу баатыр чыгып, бүтүн кыргызды бийлеген. Корчунун баласы Түлкү, анын баласы Кантейиш Эшим хандын карындашы, бир кабарда кызын алган. Андан туулган Аккочкорканкы. Көкүмдүн баласы Куттук Сейит жана Иман.

Эшим хан Турсунду өлтүрүп, Ташкенге Көкүмдү улук кылган. Кийин Көкүмдү казактар өлтүргөн соң кыргыздар казакты Ташкенден айдап чыгып, Бухардын ханынын уруксаты боюнча Күржүнүн небереси, Түлкүнүн баласы Тейишти хан көтөргөн. (3: 97-109)

Сайф ад-дин дамулло Шах Аббас Аксикентинин «Мажму атут-Таворих» («Тарыхтардын жыйнагы») китебинде кыргыздардын чыгышын мындайча түшүндүрөт: «Тарихи зубдатул башарда» айтылганына караганда күндөрдүн биринде Нух Алейхисалам уктап кетет, күн ысык. Башында турган Йафас желпип салкындатып атты. Нух Алейхисалам ойгонуп, Йафаска батасын берет: «Сенин балдарың падыша болсун!» – деди.

Йафас Карахан, Азархан, Күчихан деген үч уулдуу болду. Карахандан Огуз (Угуз) аттуу уулу болгон. Угуз Урумга барып орун-очок алган. Азархандан бир уул болот, аты Казанхан. Ал Түркстанга орноштy. Казактар ошондон тараган. Угузхандан бир уул төрөлөт, атын Могол койгон. Моголдон эки уул болгон: Гызыддин, Лариддин. Гызыддин Урум тоолоруна жайгашты. Лариддин Мазандаран токоюна жайгашты. Гызыддин Урумга падыша болду. Лариддин Мазандаранга падыша болду. Бул экөө тең могол деп аталган.

...Гызыддиндин балдары үч топ эл болот: гыз, түрк, түркстан.

...Өзгөндүн султаны Санжар гыздарга согуш ачып кыра баштаганда «кырк гыз качып Хожент тоолоруна келишип туруп калышат. Кыргыздар ошол чилгыздын тукумдарынан. (4: 22,31)

Имам Ибрахим Хожентке келди. «Хожент тоолорунда жашаган кырк гыз (кыргыз) Имамды угуп келишти. Лархан, Ларбузуруктар Аналхактын балдары болгон. Имамга кол беришти.

Азирети Имам Ибрахим Касанга жетип келгенде Көр хан аскерлерин алып, майданга чыкты. Эки тарап беттешти. Имам Ибрахим Зарбагыш аскерлерин сапка тургуздуруп, оң жагындагы аскерге Ларханды, сол жагындагы аскерге Ларбузурукту башчы кылып койду...

...Имам барып Миңжубарды алды. Миңжубар Мусулманабад болду. Миңжубарды Имам Ибрахим Ларханга берди. Андигенди Ларбузурукка берди. Аскерлердин оң жагына Оң, сол жагына Сол деп ат берди. Кыргыздар Оң, Сол болуп аталып калды. Кыргыздар Урумдун тоо жагында жашаган эл болгон. Касанды Азирети Имам Ибрахим Малик (падыша) Зарбагыш 521-хижра жылында алган.

...Андан кийин Имам Али Зарбагыш 22 жыл өмүр көрдү. Атасынын ордуна отуруп, элди жаман жолдон кайтарып, бардыгын тарихат илиминен пайдаланттырды. 552-жылында ражап айынан 2 күн өткөндө кайтыш болду, сөөгү Касанга коюлду. Андан кийин Касандын саиддиги Сүкай бахадурга берилди. Ал Ширкентке келип, ошол жерде турду. Ал 562-жылы кайтыш болду, сөөгү Касанга коюлду. Сүкай бахадурдун лакап аты Тугдар хан болгон.

Сүкай бахадур Бартандын уулу, ал филдин уулу, ал Туннай хандын уулу. Темирчин хан Сүкай бахадурдан 13 жашында калат. Сүкай бахадур кайтыш болгондон кийин жылдызчы-

лардын алдына барып, өзүнүн жылдызын көрсөтөт. Жылдызчылар Темирчиндин жылдызын көрүп, Чыңгыз хан деген лакап ат берген. Өзүнүн аты Темирчин болгон. Чыңгыз деп улуу падышаны айтышат. Чыңгыз кара кийик жылы төрөлгөн. Атасынын өлүмү да доңуз жылы болгон. Өзүнүн падыша болушу да доңуз жылы болгон. (4:33 35)

Оң хан ааламдан өтүп, ордуна Токтомуш хан болду. Аңгатөрө Токтомуштун амакиси (атасы менен бир тууганы) болгон. Ал Токтомуш ханга каршы болуп, моголдордон кол курап келип уруш кылды. Бахрин, оргун, кыпчак, байри элдери Токтомуш хан менен бирге эле. Алардын бардыгы урушта Токтомуш хан менен бирге болушту. Урушкан тараптардын эч кимиси жеңишке жетпеди. Бардыгы кеңеш кылып, Аңгатөрөгө элчи жиберишти. Оргундан бир киши, бахринден бир киши, кыпчактан бир киши Аңгатөрөнүн алдына барышты. Алар айтты: «Оң хан – сиздин акеңиз ааламдан өттү. Оң хандан Токтомуш хан, Темир хан калды, кандай болсо да бахрин, оргун, кыпчакты Токтомуш ханга бериң! Ташкенге чейин Токтомуш хандын ыктыярында боло турган кылың! Биздин келишибиз мындай: Адил дарыясына чейин Токтомуш хан болсун. Кашкардан Могол тоосуна чейин сиз хан болуңуз!» Эки жакты жараштырып коюп, Токтомуш хан, Темир хан бахринден, оргундан, кыпчактан барган кишилер кайтышты. Аңгатөрө Могол тоосуна келди да Ат-Башы, Арпа, Базыга барды. Токтомуш хан Адил дарыясына кетти. (4: 46-47)

Куландан Актемир кыпчактын 7 уулу келип тарихатка киришти. Анын балдары: Давлетияр, Кудаяр, Бердалияр, Алияр, Мусаяр, Исаяр, Төлөяр эле. Алар Мавлона А»замга кол беришип, жети бир тууган жети сары кашка атка минишип, урушка бирге киришээр эле. Ошол себептен «Жети кашка» лакап атка конушкан. Каркара ошолордун тукумунан. Андан кийин Акуул эки уулу менен Отузуул, Салусбек Булгачы ке-

лип тарихатка кирип кол беришти: Бостон, Теит, Чүкүк, Жокесек, Дөөлөс, Каңды, Кыдырша. Андан кийин Отузуулдун балдары келишип кол беришип, тарихатка кириштн: Адина, Муңкуш, Карабагыш, Тагай. Карауул алты уулу менен келип тарихатка кирди. Алар: Айбаш, Мундуз, Чоңбагыш, Саруу, Сүнчак, Катыйлар эле.

Акуул Базугландын баласы. Ал Аркукемиштин баласы, ал Долондун баласы, ал Дамбулдун баласы, ал Газыбийдин баласы, ал Сарыбийдин баласы, ал Сакинбийдин баласы, ал Кафланбийдин баласы, ал Шүкүрбийдин баласы, ал Марыбийдин баласы, ал Тайманбийдын баласы, ал Арсланбийдин баласы, ал Темишбийдин баласы, ал Шадгур бийдин баласы, ал Кулубийдин баласы, ал Арсланбийдин баласы, ал Ашырхандын баласы, ал Лархандын баласы, ал Аналхахтын баласы.

Солуул ал Сарбугу бийдин баласы, ал Лаглактын баласы, ал Аманбийдин баласы, ал Абыл бийдин баласы, ал Кабай бийдин баласы, ал Күңкайдын баласы, ал Н»астын баласы, ал Сары Махамматтын баласы, ал Сайдудуңка бийдин баласы, ал Назар бийдин баласы, ал Барман байдын баласы, ал Мехрамдын баласы, ал Каминбайдын баласы, ал Хүшак бийдин баласы, ал Дула бийдин баласы, ал Гызыддин Кылычтын баласы, ал Ларбузуруктун баласы, ал Аналхактын баласы. (4: 65-66).

Токтомуш хан Саид Мир Жалилге кат жиберди. Жиберген адамы катты Саид Мир Жалилдин колуна берди. Саид Мир Жалил катты окуду. Мазмуну мындай эле: «Камариддин сол жастадан кол курап, отуз миң калмак менен келди. Эгер Аңгатөрө биз менен бирге болсо, Мавлона А»замды алып келсин жана Акуул, Карауулдардын кошуундарын да ала келсин! Себеби бул Камариддин биздин динибиздин душманы болгон Жолойдун баласы. Эгер биз эки тарап биримдик болсок, калмактардын колунан эч нерсе келбейт...

...Салусбек Булгачы 6 уулу менен келди – Бостон, Тейит, Жоокесек, Дөөлөс, Каңды, Кыдырша миң адам менен келишти. Отузуул төрт уулу менен: Адина, Муңкуш, Карабагыш, Тагай жүз адам менен келишти. Жетикашка – Кыпчак жыйырма эки адам менен келишти. Карауул 6 баласы менен келди: Басыз, Кушчу, Мундуз, Чоңбагыш, Саруу, Сүнчак келишти. (4:65-67)

Токтомуш хан жана Бахрин менен Каркаранын кошунун алып, Таластын жогор жагы менен өтүп кетишти. (4: 69)

...Уланчылык деген чөлдөгү Чыпар-Айгырга жетип түшүштү. Ал жерде Сыпо Аңгай болгон. Углан Буга, Данике Чика миң атчан менен келишти, Бахринди издеп жүргөн эле. (4: 73)

Сахибкыраан (Амир Темир) Улус Аңгатөрөнү басып алып, жүз үйлүү могол чоңдорун кармап алышып, Самарканга алып кетишти. 4 миңин Мозандаран токоюна жиберди. Моголдордон дагы миң үйлүүнү Ларстанга жиберди. Он миңи качып Булгар шаарына кетишти. Жетикашка кыпчак колго түштү. Кызыр кожо Чыгатай, Акмат кожо (Кызыр кожонун уулу), Дамбургуга колго түшүштү. Алус Ялгачыны Акуулга барууну буйруду. Ал барып уруш кылды. Салусбек Булгачы колго түштү. Кийикчи, бүркүтчү, кушчулар да колго түшүштү. Отузуулдун Адина, Муңгуш, Карабагыш, Тагай деген төрт уулу да колго түштү. Алардын бардыгын аскерге кошуп Самарканга жиберди. Аңгатөрө Давлатияр кыпчак менен Теңиз тоолоруна качты. (4: 75).

Жетикашка, Аңгатөрөнүн уулу Акматбек, Дамбургуга, Салусбек Булгачы, Кийикчи, Бүркүтчү, Кушчу, Отузуулдун балдары: Адина, Муңгуш, Карабагыш, Тагайларды туткундан азат кылып, Мавлона А» замга берди. Андан моголдорду талап кылды. Амир Темир Сахибкыраан аларды калтырууну Мавлона А» замдан суранды. Саид мындай деди: «Моголдор менин ата-бабаларымдын муруту болот. Мага алардан му-

рас калган. Аларды алмайынча мен Самаркандан кетпеймин. Акыры айла таппастан Мир Саид Жалилге аларды да берди. Саид 500 үйлүү моголду көчүрүп, Касанга жөнөп кетти. (4: 80)

Галча Марал калмактардын 45 миң колу менен Какшаалдын үстүнө келет.

...Саид Мир Жалил Мавлона А» зам Жетикашкага адам жиберет. Акчубакты болсо Акуулдун балдарына жиберет. Акчубак Акуул жана Отузуулдун балдарына жетип келип маалым кылат. Отузуулдун 4 уулу: Адина, Муңгуш, Карабагыш, Тагайларды алып 500 киши келет. Салусбек Булгачы 6 уулу менен Бостон, Тейит, Жоокесек, Дөөлөс, Кыдырша, Каңдыларды алып миң киши менен келет. Кувуул 6 уулу менен: Басыз Лалым Кушчу, Айбаш Мундуз, Чоңбагыш, Саруу, буга Кытай Актемирлерди (лакап аты Сунчак) алып, 400 адам менен келет. Жетикашка 7 уулу менен жана 40 киши менен келди: Давлетияр, Кудаяр, Бердияр, Алияр, Мусаяр, Исаяр, Төлөяр келди.

...7 күн уруш болду. Эч айла табылбады. Бардыгы Саид Мир Жалил Мавлона А» замдын алдына келишти. Саид Бурханиддин экөө Муракабага отурушуп, тагбир айтып, дуба кылышты. Мардону гайыптар келишип (кайыптан адамдар келишип) тагбир айтып киришти. Калмактардын назарына ааламды лашкар басып калгандай болуп көрүнүп, калмактар кача башташты. Шахзада Шахрах Бурахан Акуул, Кувуулдарды буйруду, алар калмактардын артынан кууп жөнөштү. (4: 83).

Чыңгыз хан көп урууларды каратып, күчкө толгон кезде кыргыздар Кэм, Анкара сууларынын өйүз-бүйүздөрүндө Ибир-Сибирге чектеш жайгашкан. Еди-Орун (Жети Орун) деген жерди жердеген кыргыздардын башында Орус-Инал турган. Хижра жыл санагы менен 603-коён жылында Алтан жана Букра деген эки өкүлүн кыргыздардын башчыларына

жиберип, багынуу керектигин айттырган. Алар ал экөөнө өздөрүнүн эмирлери Урүт-Утуджу, Элик-Тимур жана Ат-киракты кошуп жиберишкен жана кичүүлөрдүн урматтоосун жана баш ийгендиктерин билдирип ак шумкар тартуу кылышкан.

Мындан он эки жыл өткөндөн кийин Жолборс жылы Баргуджин-Токумдагы Тумат урууларынын бири ханга каршы көтөрүлгөндө, алар кыргыздарга жакын турушат деп кыргыздардан черик (аскер) чыгарууну талап кылышкан. Кыргыздар ага болбой коюшканда хан аларга каршы уулу Жуучуну аскерлери менен жиберген. Кыргыздардын башчысы Курлун эле, хандын эмири Нока аскерлердин эң алдында болуп, кыргыздардын колу качып калат. Жуучу келген кезде Кэм-Кемжуит дарыясы тоңуп калган. Ал аскерлерин муздан өткөрүп, кыргыздарды багынтып келген. (5:150-151б.)

Баарын Наяка-нойон Чыңгыз хандын оң канаттагы кадырлуу, мыкты ноёндорунан болгон.

Чыңгыз хан тайжиуттар менен каршылашып, согушуп жүргөн кезде анын атасы Ширкира-Эбугэн тайжуит уруусунун арасында жашаган эле. Ал ыңгайлуу учурду күтүп, ал уруунун башчылары Хакучу менен Таргудай Кирилтукту өз уулдары Най жана Алактын көмөгү менен колго түшүрүп алышат. Анан алар Чыңгыз ханга кызмат кылышат.

Алак ноёндун уулу Баян Кубилай хандын карамагында болгон. Баян Субэдай баатырдын небереси Уфнуга нөкөр болуп, 30 түмөн монгол аскерлерин жана сексен түмөн кытай аскерлерин башкарып Нангяс өлкөсүн багындырышкан. Баяндын уулу Нокай.

Чыңгыз хандын убагында баарын уруусунан оң канаттын эмирлеринин бири Монгол Таркан. Анын туушканы Корчу ноён да оң канаттын миң башчыларынан болгон. Чыңгыз хан баарын уруусунан Йанги деген кишини онгон кылган. Онгон дайындалган кишиге эч ким тие алган эмес, ал эркин бол-

гон. Ал хан ордодо хандын оң жагына олтурган, анын минип жүргөн атын Чыңгыз хандын атынын жанына байлашкан. Ал абдан карыган чагында Чыңгыз хан Суканут уруусунун кишилери Йангинин алдына эңкейип тура калсын да, ал анын жонун тээп атка оңой минип алсын деген буйрук берген.

Чыңгыз хандын убагында баарын уруусунан Укар-Калжа жана Кудус-Калжа деген эки бир тууган сол канаттын миң башыларынан болгон.

Суканут уруусунан (булар да баарындар) Тамука-Ноён, Кара Ноён деген эки бир тууган эмир болгон. Тамуканын үч уулу бар эле – Женгун, Куту-Бука, Тэкнэ. Тэкнэнин уулдары: Яглаку, Муса, Карабаг, Сулайман, Эсен-Тимур, Абдал, Жеркытай. Жеркытайдын уулу – Абуктай. (5:188-189).

Алла Таала Адамды жаратарда Жабраил периштени Жер бетинен топурак алып кел деп жиберсе, Жер андан «Эмне кыласың?» деп сурайт экен. Жабраил максатын айтса, Жер: «Менден топурак ала көрбө, себеби Адам баласынын уругу көбөйгөндө алар кара мүртөз болуп, көп күнөөгө батышат; бул үчүн Алла Таала аларды жазалайт, Алла Тааланын ал жазаларын жана каарын көтөрүүгө менин күчүм жетпейт» – дейт. Жабраил топурак албастан Алла Таалага барып, Жердин сөзүн айтат. Алла Таала Микаил периштени жиберет. Ал да топурак албай барат, анан Исрафилди жиберет. Ал да топурак албай барат. Алла Таала Азраилди жиберет. Жер ага да баягы сөзүн кайталайт. Азраил: «Алланын буйругу сенин өтүнүчүңдөн жогору» дейт да азыркы Кааба турган жерден топурак алып барат. Алла Таала адамдардын жанын алууну Азраилге тапшырат.

Алла Таала өзүнүн кудуреттүү сөзү менен топурактан жууруп адамды жаратып, аны Мекке менен Таифтин ортосуна коет. Отуз тогуз күн өтөт. Кыркынчы күнү Алла Таала ага жан киргизет.

Адам миң жаш жашап, дүйнөдөн өтөт. «Адам» деген арабдын сөзү. Арабдар жердин үстүңкү кыртышын «адим»

дейт. Азраил топуракты Жердин ичинен эмес адимин алганы үчүн Адам деп аталган. Анын Сафи-улла деп аталганы (Аллага чын жүрөгүнөн берилген деген мааниде). Адам өлгөндө анын урпактары кырк миңге жеткен. Ал өлүп бараткanda ордуна уулу Сифти дайындаган. Адамдан кийин Алла Таала Сифти пайгамбар кылган. Ал тогуз жүз он эки жыл жашап өттү. Анын ордуна уулу Энос турду. Ал да тогуз жүз он эки жыл жашап көз жумду. «Энос» деген сөз чынчыл деген мааниде. Ал өлөрдө ордуна уулу Каинанды дайындады.

Каинан сегиз жүз кырк жыл жашап көз жумду. Анын ордуна уулу Малелеил турду.

Малелеилдин убагында адамзат өнүп-өстү. Малелеил Вавилон өлкөсүндө шаар салып, аны Сус деп атады. Ал үй салып, айыл курууну үйрөттү. Мурда үй салбай тоо арасындагы үңкүрлөрдө жашашкан. Ал кишилерге ыңгайлуу жерлерди таап жашагыла, үй тургузгула, эгин сепкиле деп үйрөткөн. Малелеил тогуз жүз жыйырма жыл жашап дүйнөдөн өттү. Анын ордун уулу Иаред басты. Ал тогуз жүз алтымыш жыл жашап, ордуна уулу Энохту калтырып кетти. «Энох» – сирия сөзү. Арабдар илим, билимди, өнөрдү «дарс» сөзү менен түшүндүрөт. Ошондуктан алар аны Идрис деп аташат (көптү билген деген мааниде). Алла Таала аны өз замандаштарына пайгамбар кылды: сексен эки жыл пайгамбарлык кылып, элди туура жолго чакырды. Анан Алла Тааланын буйругу менен Азраил Идристи канатынын үстүнө олтургузуп алып, бейишке алып кетет.

Идристен кийин анын уулу Мафусал болду, андан кийин анын уулу Ламех. Ал да узак жашап, ордуна Нухту калтырды.

Нух эки жүз элүү жашка чыкканда Алла Таала аны пайгамбарлыкка тандады. Ал адамдарды жети жүз жыл бою туура жолго үндөп, мусулман болууга чакырды: болгону сексен гана адам анын айтканын угуп динге кирди. Нух ишенбегендерге ачуусу келип, Алла Таалага жалынып, аларды жок

кылууну өтүнүп, дуба кылды. Жабраил periште Алла Таала анын дубасын кабыл алганын, жерде жашагандардын баары сууга чөгөөрүн кабарлады. Кудай ага кеме жасоону буйруп, аны кантип жасоону үйрөттү. Нух пайгамбар өзүнө ишенгендер менен биргелешип кемени курду. Анан жерден суулар атылып чыгып, асмандан жаан төктү. Нух канаттуу куштардан, айбанаттардан жуптары менен алып, динге ишенгендер менен кемеге кирди. Жердеги бардык жан-жаныбар чөгүп өлдү. Кийин Алла Тааланын амири менен сууну жер соруп алды да, кеме Сирия өлкөсүндөгү Жуду тоосуна Мосул шаарына жакын жерге токтоду. Алар алты ай он күн дегенде кемеден чыгышты. Тоо этегинде жашашты. Нух жана анын аялы, үч уулу жана анын аялдарынан башкалары ооруп, дүйнөдөн кайтышты.

Нух пайгамбар үч уулун дүйнөнүн ар тарабына жиберди: Хамды Индостанга, Симди Иранга, Иафасты түндүк өлкөлөрүнө жиберип аларга: «Адам урпагынан үчөөңөрдөн башка калбады. Ошондуктан силерди үч жакка бөлдүм, кийин көбөйгөнүңөрдө ар кимиңер ошол жерлерди ээлеп алгыла».

Иафасты кээ бирөөлөр пайгамбар болгон десе, башка бирөөлөрү пайгамбар болгон эмес дешет. Ал Эдил менен Жайыктын жээгинде эки жүз элүү жыл жашап көз жумду. Анын сегиз уулу болгон: Түрк, Хазар, Саклаб, Орус, Миң, Чин, Каймари, Тарых. Иафас өзүнүн ордуна түрктү дайындап, башка уулдарына «Түрк башчыңар болот, ага баш ийгиле!» деген. Түрк абдан акылдуу, билимдүү болгон. Ал көп жерди кыдырып көрүп, Ысык-Көлдү жактырып, ошол жерди жердеп калды. Түрктүн төрт уулу болгон: Түтүк, Хакял, Персаджар, Амлак. Түрк өлөр алдында өз ордуна Түтүктү калтырды.

Түтүк абдан эстүү жана бай, жакшы башчы болду. Түрк турмушуна көп эрежелерди киргизди. Бир жолу ал ууга чы-

гып, бир кийик кармап алып, анын этин отко кактап жеп олтурганда, эттин бир үзүмү жерге түшүп кетти, аны жерден алып жеп көрүп, даамы сонун болуп калганын сезди, көрсө жанагы эт тузу бар жерге түшкөн экен. Ошондон баштап тамакка туз кошула турган болду. Түтүк эки жүз кырк жыл жашап, ордуна уулу Элчиканды калтырды. Андан кийин анын уулу Диб-Бакуй башчы болду. Андан кийин Кийиккан, андан кийин Аланча хан башчы болуп турду. Нухтан Аланча ханга чейинки Иафас урпактарынын бардыгы мусулман эле. Аланча хандын убагында эл бай жашады. «Ит кутурса ээсин кабат» дегендей, эл эсирип, жакын адамдары өлсө, ага окшоштуруп айкел жасашып, аны кадырлап үйдүн төрүнө коюп, өздөрү жеген жакшы тамактарын анын алдына алып барышып, аны өөп, ага жүгүнүп таазим кылышчу болду. Ушундан улам бутка сыйынуу чыкты.

Аланча хандын эгиз уулу болгон: улуусу Татар, кичүүсү Монгол. Аланча хан картайганда кол астындагыларды эки уулуна бөлүп берди. Моңгол деген сөздүн уңгусу «Муң-уул», муңдуу уул деген мааниде: Ал бара-бара моңгол деп аталып кеткен. Монгол хандын төрт уулу болгон: Кара хан, Өз хан, Каз хан, Гүр хан. Монгол хан өз ордуна улуу уулу Кара ханды койду. Кара хан жайкысын Эр-Таг менен Гер-Тагда жашады, азыр ал Улуу Тоо жана Кичүү Тоо деп аталат. Кыш түшкөндө Каракумга келип Сыр дайранын боюнда кыштачу болду. Кара хандын убагында эл арасында бир да мусулман калбаган эле.

Кара хандын байбичеси Күндөн да, Айдан да көрктүү уул төрөдү. Үч күн бою энесинин эмчегин эмбеди. Күн сайын түндө бала энесинин түшүнө кирип: «Апаке! Мусулман бол, антпесең эмчегиңди эмбей өлөм!» – деп айтчу болду. Апасы анын айтканына көнүп, жалгыз Аллага ишенди. Ошондо гана бала энесинин эмчегин эмди. Бирок ал мунусун жашырды. Себеби түрк эли Иафастан Аланча ханга чейин мусулман

болуп, анан Аланча хан болгондо байышып, байлыктын кулу болуп, кудайды унутуп коюшкан эле.

Ал убакта монголдор уулу бир жашка чыкканча ат коюшчу эмес. Кара хан уулуна ат коюу үчүн чоң той берип, бектерге «Менин уулум бир жашка толду, ага кандай ысым бересиңер?» дегенде, бектер жооп бергиче, бала: «Менин атым Угуз» деди. Тойго келгендер таң калышып, бала өзүнүн атын өзү койду, мындан да жакшы ат болмок беле» дешти.

Угуздун тили чыкканда чуркап жүрүп «Аллах, Аллах» деп тынбай айта берчү. Муну уккандар «бала түшүнбөй эле айтып жатат» дешти. Алла Таала ал баланы сүйүп, анын жүрөгүнө, тилине өз атын айттырып койгон.

Угуз бойго жеткенде ага Кара хан өзүнүн бир тууганы Гүр хандын кызын колукту кылып берди. Угуз колуктусуна «Ааламды жана бизди жараткан Аллага ишен, анын буйругун аткар» деди. Колуктусу анын айтканына макул болбой койгондуктан, анын койнуна жатпай койду. Уулунун колуктусун жактырбаганын угуп, Кара хан бир тууганы Каз хандын кызын алып берди. Угуз ага да мусулмандыкты кабыл ал десе болбогондуктан, анын койнуна да жатпады. Ортодон көп жыл өттү. Угуз бир жолу ууга чыгып, дарыянын боюнан кир жууп жаткан кыздарды көрдү. Алардын арасында атасынын бир тууганы Өз хандын кызы да бар эле. Угуз аны четке чакырып алып, «Атам мага эки кыз алып берди, бирок алар мусулман бол деген тилимди албагандыктан, аларды жактырбадым. Эгер сен мусулман болом десең, мен алам» – деди. Кыз «сен кайсы динге ишенсең, мен да ошого ишенем» деп жооп берди. Угуз хан атасына айтып, чоң той жасатып, ал кызга үйлөндү.

Дагы көп жылдар өттү. Бир күнү Угуз хан алыс жакка ууга чыкты. Кара хан өз жакындарын чакырып, сый тамак бердиртти да акырында аялынан Угуз мурдагы колуктуларын жактырбай, кийинкисин сүйгөнүнүн себебин сурады. Аялы

«Мен билбейм. Муну келиндерден сурап көр» дегенден кийин улуу келини «Сиздин уулуңуз мусулман. Ал экөөбүзгө тең мусулман бол дегенине макул болгон эмеспиз. Кийинки алганы мусулмандыкты кабыл кылды. Ошондуктан уулуңуз аны абдан жакшы көрөт» деп жооп берди.

Кара хан муну уккандан кийин, бектерин чакырып, алар менен кеңешип, Угузду ууда жүргөн жеринен кармап, өлтүрүүнү чечти. Угуз хандын кичүү аялы муну угуп, ага бир кишини жиберип айттырды. Угуз хан муну угуп «Атам мени өлтүрүү үчүн аскерлерин чогултуп жатат, ким мени жактаса мага кошулсун, атамды жактаса ага барсын» деп бир кишини жиберди. Элдин көбү Кара ханга, азы Угуз ханга келди. Кара хандын бир туугандарынын уулдары көп эле, алар Кара ханга барышат го дешкен эле, бирок андай болбой алардын баары Угуз ханга келишти. Угуз хан аларды Уйгур деп атады. «Уйгур» түрк сөзү. Айран уюган сыяктуу бирдиктүү болуу деген мааниде.

Кара хан менен Угуз хан аскерлерин бетме-бет коюшуп салгылаша башташты. Алла Таала жеңишти Угуз ханга ыйгарды. Кара хан качты. Уруш убагында Кара хандын башына жаанын жебеси кадалды. Ал ошонун жаратынан өлдү. Угуз хан такка отурду.

Угуз хан өзүнүн карамагындагы мусулмандарды колдоп, мусулман эместерди жок кыла баштады. Карыларын өлтүрдү, жаштарын кул кылды. Ал кезде татарлар Журджитте жашаган. Ал кытайдын түндүк жагы, индилер менен тажиктер аны Чин деп аташат. Угуз хан татарларга кол салып, көп олжо алды. Алардын баарын аттарга артууга мүмкүн эмес эле. Ошондо бир мыкты киши арабаны ойлоп чыгарды. Аны көрүп, баары жасап алышып, олжолорду салып жөнөштү. Аны «канг» деп аташты. Себеби аны айдап жөнөгөндө, «канг, канг» деген үн чыгат. Бул арабаны ойлоп тапкан кишини Кангли деп аташты да, андан тараган эл канглы делди.

Угуз хан татарлар менен тууган болсо да, жетимиш эки жыл согушту. Жетимиш үчүнчү жылы толук жеңип, баарын мусулман кылды.

Анан ал Кытайды, андан кийин Журджитти, тажиктер Тибет деп атачу Тунгутту каратты. Анан кара кытайларды багынтты.

Индостан менен Кытайдын ортосунда, океандын жээгинде көп эл жашаган. Алардын башчысын Ит-Барак деп аташкан. Угуз хандын аскерлери анын аскерлери менен согушканда жеңилип, Угуз хан артка чегинди. Ал кезде кол башчылар өздөрү менен кошо аялдарын да ала жүрүшкөн. Ошолордун бири курман болуп, боюнда бар аялы кайтып келатып, суук болгондуктан калкаланар жай жок, бир чоң дарактын чирип калган ич көңдөйүнө кирип, ошол жерге төрөп коёт. Муну Угуз ханга айтып келишкенде, ал баланы асырап алып, ага Кыпчак деген ат койду. Байыркы түрк тилинде түптүү теректи кыпчак деп аташчу. Азыр аны чапчак дешет.

Угуз хан Кыпчакты өстүрүп, кийин орус, авлак, мажар, башкурттар баш көтөргөндө Кыпчакка көп нөкөр, аскер берип, Дон менен Итилдин бойлоруна жиберген. Ал бул жерде үч жүз жыл падышалык кылды. Угуз хандан Чыңгыз ханга чейин Дон, Итил жана Жайык дарыяларынын бойлорунда кыпчактардан башка эл жашаган эмес.

Угуз хандын алты уулу болгон: Күн хан, Ай хан, Жылдыз хан, Көк хан, Тоо хан жана Деңиз хан. Алардын ар биринин төрттөн уулу бар эле.

Угуз хандан кийин Күн хан, андан кийин Ай хан, андан кийин Жылдыз хан, андан кийин Менгли хан, андан кийин Деңиз хан хандык кылышты.

Деңиз хандан кийин хандык анын уулу Элханга өттү. Бул кезде татарлардын ханы Сүйүнүч хан эле. Ал Элхан экөө дайыма согушуп, Элхан жеңип жүргөн. Анан Сүйүнүч хан кыргыз ханына көп тартуу менен келип аны шериктеш бо-

луруга көндүрдү. Анан Элхандын монголдору менен согушуп, тигилер күчтөнүп бараткканда куулук кылып качып калышат. Монголдор татарлардын артынан кууп жөнөйт. Анан алар жетейин дегенде кайрылышып качыра салгылашып, жеңип чыгышат да монголдордун баарын кырат.

Сүйүнүч хан монголдордун баарын кырып жойгондо Элхандын кенже уулу Кыян жана анын кичүү бир тууганынын баласы Нугуз өз аялдары менен тоо арасына качып кетишет. Алар эч кимге жолукпайт, эч жакка чыгышпайт, көп жылдар бою жашап, көбөйүшөт. Ал жерди «Эркене-кон» деп аташат. Кыяндан тарагандар Кыят, Нугуздан тарагандар Нугуз жана Дурлигиндер деп аталды. Алар ал жерде төрт жүз жылдан ашык турушту. Темир кенин табышты. Ал тоодогу темир кенди эритүү үчүн териден жетимиш көрүк жасап, тоонун жетимиш жерине коюшуп, от жагып үйлөштү да, тоодогу темир кени ээрип, жол ачылды.

Ал кезде монголдордун башчысы Кыян уруусунан Бурге--Чино болгон. Татарлар менен согушуп, мурдагы жерлерин ээлешти. Көп элди каратты. Алар өздөрүн монголбуз деп атай башташты.

Угуз хандын Кыргыз деген небереси болгон. Кыргыздар мына ошондон тарайт. Кыргыздар Селенге жана Айкара-Муран деген эки чоң дайранын жээктеринде турушат. Кыргыздар өздөрүнүн башчысын «Иналь» деп аташат. Чыңгыз хандын убагында кыргыздарды Урус-Иналь башкарган.

## БӨРТӨ ЧОНО ЖӨНҮНДӨГҮ УЛАМЫШ

Чыңгыз хандын чоң атасы Көкасмандын амири менен төрөлгөн Бөртө Чоно, анын аялы Хоомарал Тэнгес дарясынкечип өтүп Онон суусу башталган Бурхан Халдун тоосунун атарабына отурукташат. Алар Батачи-Хан деген уулдуу болушат. Батачихандан Тамачу. Тамачудан Хоричар мэргэн. Хоричар мэргенден Ужим борохул. Ужим борохулдан Сали хачагу. Сали хачагудан Их нудэн. Их нудэнден Сэм сочи. Сем сочиден Харчу. Харчудан Боржигидай мэргэн. Боржигидай мэргэндин Монголжин Гоо деген сулуу аялы болгон. Алардан Торголжин баян деген уул туулат. Ал Торголжин бай деп аталган. Торголжин байдын Борогчин го деген аялы бар эле. Анын Боролдай Суяңби деген жаш кызматкери жана күлүк эки ак боз аты болгон. Торголжин бай эки уулдуу болот. Дувасокур жана Довунмэргэн.

Дувасокурдун маңдайында жалгыз көзү болгон. Ал акылман жана көрөгөч киши экен.

Бир жолу Дувасокур иниси Довунмэргэн менен Бурхан Халдун тоосунда келатып Тунхэлиг Горхи суусун карай бараткан көчтү көрөт да инисине” Тиги көчтөгүлөрдүн арасында укмуштай сулуу кыз бар экен. Эгер анын башы бош болсо сага колукту кылып берсекпи?” Дейт да Довун мэргэнди барып көрүп кел деп жумшайт. Довун мэргэнге кыз жагып калат. Ал тектүү жердин кызы болуп чыгат. Башыда бош экен, ысымы Алан гоо . Алан гоонун атасы Тумэт уруусунун ннойону Хорилардай мэргэн. Апасынын аты Баргужин гоо. Алан гоо Тумэттердин Арик ус деген жеринде туулат. Анын апасы Баргужин гоо Баргудай мэргэндин кызы. Баргудай мэргэн Баргужин уруусунун жол башчысы.Алардын жери алыста болгон. Алан гоо атасы Хорилардай мэргэндин кишилери менен келаткан. Алар жер талашуудан улам таарынышып,

Бурхан Халдун тоосу мергенчилик кылууга абдан ыңгайлуу деп көчүп жөнөшкөн. Булар кийин өз нойонунун аты менен Хорилар уруусу деп аталып калды.

Довун мэргэн Алан гоого үйлөнүп андан Бугунудэй жана Бергунудэй деген эки уулдуу болду.

Довул мэргэндин агасы Дувасокурдун төрт уулу бар эле. Дувасокур өлгөндөн кийин анын балдары Довул мэргэндин сөзүн укпай, аны тууган катары эсептешпей, өзүнчө бөлүнүп кетишти. Ошондон баштап ал төрт бир тууган Дурвун деп аталып, алар менен кошо жашагандар дурвуттар деген уруу болду.

Бир жолу Довун мэргэн Тогоцох тоосуна мергенчиликке чыгып токойдун арасынан урянхайлык мергенчиге жолукту. Ал үч жашар бугуну атып алып, кабыргасын отко актап олтурган эле. Довун мэргэн андан соогат сураса ал бугунун башын кесип, жүрөгүн жана өпкөсүн алып калганын Довун мэргэнге берди.

Довун мэргэн бугунун этин атына артып алып келатса ага жолдон кийимдери самтырап, жүдөгөн киши жолугат. Ал өспүрүм баланы жетелеп алыптыр.

Довун мэргэн андан “Сен кайсы уруудан болосуң?” –деп сурады.

Ал байкуш “Мен өзүм Малигбаягудай уруусунанмын. Ачкалыктан өлө турган болдум. Тамак кылганга этиңден бер, мен уулумду сага малайлыкка берейин”-деди.

Довун мэргэн макул болуп, бугунун бир санын кесип берет да өспүрүм баланы малайлыкка алып кетет.

## АЛАНГОО ЖӨНҮНДӨГҮ УЛАМЫШ

Көп күндөрдөн кийин Довун мэргэндин көзү өттү. Довул мэргэн өлгөндөн соң  анын жесири Алан гоо үч уул тапты. Алардын ысымдары Бугу хатаги, Бугуту салжи жана Бодонча мунгах. Мунгах аңкоо деген мааниде.

Атасынын көзү барында туулган Бэлгунудэй жана Бугунудэй деген эки уулу апалары Алан гоо жокто мындай дешчү: “Биздин апабыз,атамдын туугандарысыз же башка бир күйөөсүз бизге үч бир тууган төрөп берди, бирок биздин үйдө малай болсо да Малигбайагудай уруусунан бир эркек жүрөт мүмкүн балдар ошондон туулган чыгар.

Алан гоо анын улуу уулдары өздөрүнчө калганда  андан жашырып сөз кылып жүрүшкөндөрүн байкап, жаздын бир күнү казанга сүрсүгөн эттен салып уулдары-Белгунудэй, Бугунудэй, Бугутусалжи жана Бодончар аңкоону тойгузду. Аларды өзүнүн алдына катар олтургузуп, ар бирине бирден жаанын жебесин карматып, “сындыргыла!” деди. Алар аны оңой эле сындырышты. Алан гоо жаанын жебелерин тобу менен байлап “эми сындырып көргүлөчү!” деди эле бири да сындыра албады.

Ошондо Алан гоо: “Бэлгунудэй, Бугунудэй уулдарым! Экөөңөр биздин апабыз үч бир тууган тууп берди. Булар кимден туулду экен деген күмөн ойлоруңар бар. Күмөндөнгөнүңөр туура бирок силерге белгисиз бир сыр бар. Силерге ыймандай сырымды айтам биздин боз үйгө ар бир түнү түндүктөн Көк асмандын элчиси кирип, тегерегин нурга бөлөйт ал ичимди сылаганда нуру сиңип кетет. Ай менен күн учурашып, кайра ажырашкан чакта куду сары дөбөттөй куйругун булгалап шашыла жөнөп, аркасынан жарык нур чубалып калат. Дагы эмнени айтып берейин экөөңөрдүн бир туугандарыңар Асмандын уулдары.

Кара таман, кара чачтуу элдерге
Окшошконуңар жарабайт, уулдарым,
Убагы келгенде менин уулдарым
Баары жоктун ээси болуп чыкканын
Көргөндө билет алар мунун сырларын.

Энеси Алан гоо балдарына насыят кылды “бешөөңөр тең менин жатынымдан чыктыңар, эгер силер бири бириңерден ажыраша турган болсоңор, кимиңер болсо да душманыңардан жаанын жалгыз жебесин сындыргандай оңой жеңилесиңер бирок туугандыгыңар, ынтымагыңар бек болсо жаанын боолганган жебелерин сындыра албай койгондой силерге эч кимдин алы жетпейт”.

Ошентип Алан гоонун көзү өткөнчө апасы менен бирге жашашты.

## БОДОНЧАР ЖӨНҮНДӨГҮ УЛАМЫШ

Алан гоонун көзү өткөндө Белгунудэй, Бугунудэй, Бугухатагий жана Бугутусалжи мал мүлктү төрткө бөлүшүп Бодончар аңкоого анын үлүшүн беришкен жок “бул биздин тууган эмес-дешти алар,-анткени ал келесоо жана аңкоо”.

Бир туугандары чанган Бодончар аңкоо туулган жеринде туулган жеринде калгысы келбеди, ал өзүнчө “турмуш жеңил желпи иш эмес, өлүмдөн да коркор алым жок” деп өзүнүн жаман боз байталын токуп алып, Онон дарясын көздөй жөнөдү. Ал Белжийн Аралга келип өзүнө алачык жасап алды. Бир жолу карчыга кармап алган каракурду тытмалап жеп жатканын көрүп, Бодончар аңкоо өзүнүн боз байталынын куйругунун кылын сууруп, кылтак жасап ошол карчыганы кармап алды. Жээр тамагы жок Бодончар аңкоо бөрүлөрдөн качып жарга корголоогон эликтерге байкатпай келип жаасы менен атып алчу; Ал кээде бөрүлөрдөн калган тарпты жегенден да тартынчу эмес. Ал карчыгасын тойгузуп, таптай берди. Жыл өттү. Жаз келип, келгин куштар көбөйгөндө ал карчыгасын көпкө чейин ачка кармады; Анан коё берди эле карчыгасы өрдөк менен кыра баштады.

Ал ар кайсы бутакка
Кармалган куштарды бирден илди
Калганы дүмүрлөрдүн үстүндө жатты
Көптүгүнөн сасып
Жыттана да баштады

Дал ушул маалда токойлуу дөбөдөн өтүп, Тунхэлиг горхи суусуна ага чоочун уруунун кишилери көчүп келишти. Бодончар карчыгасын күндө салып, тиги кишилердикинен кымыз ичип, түнкүсүн алачыгына келип жатып жүрдү. Тиги кишилер анын карчыгасын “Бизге бер” деп сураштьы. Бирок ал берген жок. Алар муну кимсиң, кайдан болосуң деп су-

рашкан жок. Бодонча да алардын ким экендигин сурабады.

Көп өтпөй Бодончардын улуу агасы Бугу хатаги айтты: “Биздин аңкоо тууганыбыз Онон дарыясын көздөй кетти эле. Барып таап келейин” Ал Тунхэлиг суусунун жээгине көчүп келген кишилерден “Мындай байтал минген өңү түсү мындай кишини көрдүңөрбү” деп сурады эле, алар: “Бизге күн сайын бир киши келип кымыз ичет да кайра кетип калат”. Боз байтал бинген ошол кишини издеп жүрсөң керек. Анын алгыр карчыгасы бар түндө каерге жатаары бизге белгисиз бир билгенибиз, түндүк-батыштын шамалы сого баштаганда ошол замат кар жаагансып, өрдөк менен каздардын жүндөрү сапырыла баштайт. Анын карчыгасы  куштарды эсепсиз кырып кирет. Демек анын жашаган жери анчалык ыраак эмес демейде ал ушул убакта келип калат, сен аны бираз күтө тур” дешти.

Көп өтпөй чапкан атчан көрүндү. Ал жакындап келгенде Бугу хатаги өзүнүн иниси Бодончар экенин билди да аны Онон дарыясын көздөй ээрчитип кетти.

Улуу агасынын артынан чаап баратып Бодончар: “ Мени укчу тууганым! Чапанга жака керек болгондой, денеге баш керек!”-деди.

Бирок Бугу хатаги анын сөзүнө маани берген жок.

Ошондо Бодончар жана айткан сөзүн кайра кайталады. Бугу хатаги мурдагыдай эле унчукпай койду. Ал мурда айтканын үчүнчү жолу кайталап айтканда агасы Бугу хатаги:” Сен эмне бир айтканыңды кайта кайта айтып жатасың, Бодончар?”- деди. Ошондо иниси ага:”Тунхэлиг суусунун жээгиндеги кишилердин ээлери жок. Баш болгон кишиси жок. Алардын баары бирдей. Мен аныгын айтып жатам. Эгер бир туугандарыбыз менен аларга кол салчу болсок, оңой эле басып алабыз. Мындан ары алар бизге караштуу болсун”. Агасы Бугу хатаги:”Алардын ээлери болбосо анда колубузга алалы бирок эң алгач бир туугандарыбыз менен сүйлөшөлү

деди.

Бир туугандар макулдашып, ал кишилерди багынтып алууну чечишти Бодончарды аларды байкоого жиберишти. Жолдо ага боюнда бар аял жолукту. “Кайсы уруу, кайсы уруктансың?”-деп сурады. “Мен Жарчуд аданхан урияндхайлыкмын”- деди аял.

Беш бир тууган ээлери жок кишилерди туткундап, мал мүлкүнүн баарын алышып, аларга ээ болуп алышты.

# БОДОНЧАРДЫН УРПАКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЫЛАКАП

Бодончарга жолдон жоолуккан боюнда бар аял. Анын үйүнө киргенден кийин уул төрөп анын атын чоочун уруудан төрөлдү деп Жажирадай коюшту. Жадаран уруусу ошондон башталат.

Жажирадайдан Тугудэй туулду. Тугудэйден Бугу булчир. Бугу булчирден Хархандан. Хархандандан Жамуха. Булардын баары Жадаран уруусунан.

Ошол аял Бодончардан да уул төрөдү. Анын атын туткун аялдан туулду дешип Баридай аташты. Андан Баарын уруусу башталды . Баридайдан Чидихул буха деген уул төрөлдү. Чидихул буха көп аял алгандыктан анын уулдары көп болду. Алар Мэнэн Баарын деп аталышты.

Бэлгунудэйден- Бэлгунуд уруусу тарады, Бугунудэйден- Бугунуд уруусу, Бугу хатагиден- Хатагин уруусу, Бугуту салжиден- Салжут уруусу, Бодончардан Боржигин уруусу таралды.

Бодончардын биринчи аялы Хабичи деген уулун төрөгөн, аны жоон буттуу деп аташты.  Хабичи батордун апасынын кызматчы аялы бар эле Бодончар андан бир уулдуу болуп атын Жэгурэдэй дешти. Бодончар тирүү кезинде Жэгурэдэй уруунун бардык ырым жырымдарын аткарууга кошулуп жүрдү. Бодончар өлгөндөн кийин апасы аны Адамхан урияних уруусунун бир кишисинен төрөп алган деп айыпташып, кууп жиберишти. Жэгурэдэйден Жэгурэйд уруусу башталды.

Хабичи- батордон Мэнэн тудун туулду. Мэнэн тудундан жети уулдуу болду. Алар Хачи хулуг, Хачин, Хачигу, Хачула, Хоралдай, Хачигун, Начин-батор. Хачи хулуга жана анын аялы Номулундан Хайуу деген уул туулду.

Хачинден Ноёгидай. Ал ноён болгонсуп менменсинип

жүргөндүктөн андан таралгандар ноён ноёхан деп аталып кетти.

Хачигудан Баруладай деген уул төрөлдү. Ал чоң денелүү жана соргок болгондуктан андан тарагандар тойбостор деп Барулас аталып кетти.

Хачуланын уулдары да тамакты көп жегендиктен алар Чоң Барулас жана Кичи Барулас деп аталып, алардын инилери Акылдуу Барулас жана Акылсыз Барулас деген аткан конуштуу. Булардын баары Барулас урууларынан.

Харалдайдын уулдарыы акталга таруу, арпадай чоң-кичинеси билинбей аралашып жашагандыктан Будат уруусу деп аталды.

Хачигундан Адархидай туулду. Бир туугандардын арасында ал талашууну жакшы көргөн, урушчаак, чыр неме болгондуктан. Андан тарагандар урушчаактар-адархин деп аталып кетти.

Начин-батор Уругудай жана Мангудай деген эки уулдуу болду. Алардын уруусу Уругут жана Мангут аталды. Начин-батордун биринчи аялынан Шижудай жана Доголадай туулду.

Хайдудан Байшинхор туулуп, ал айбатту болгондуктан Догшин аталды. Экинчи уулу Чарахай линху, үчүнчүсү Чажин ортэгэй.

Байшинхор догшинден Тумбинай сецен- Тумбинай акылман туулду.

Чарахай линхудан Сэнгул билгэ туулду. Андан Амбагайтан тайчуд уруусу тарады. Чарахай линху улуу келинин алып, андан туулган Бэсудэйден Жаңы Бесуд уруусу тарады.

Чужин ортэгэй алты уулдуу болду. Алардан Оронар, Хан-хотадай, Арулад, Санид, Хабитурхас, Гэнигэс уруулары чыкты. Тубина сэцэнден Хабул хан жана Сем сечула. Сем сечуладан Бултэгу-батор туулду.

Хабул хандан жети уул төрөлдү Алардын эң улуусу Охин

бархат. Калгандары- Бартан батор, Хутугту мунгур, Хутула-хан, Хулан, Хадан, Тудугэн отчигин.

Охин бархаттан Хутутту турхи. Хутутту турхиден Сача бэхи жана тайчу. Алардан Журхи уруусу тарады.

Бартан-батордон Мэнгэту хиан, Нэхун тийши, Есухэй батор, Даридай отчигин туулду.

Хутутту мунгурдан Бури буха. Ал Онон дарыясынын жээгиндеги токойчодогу тойдо Чыңгыздын бир тууганы Бэлгудэйдин ийнин жара чапкан.

Хутула хандан үч уул- Жочи, Чирмау жана Алтан.

Хуландан Их чэрэн. Их чэрэндин кызматчылары Бадай менен Хишилиг Чыңгыз хандын тушунда дархад коёндорунан болушту.  Хадан менен Тудугэндэн туяк жок.

Ошол кезде Хамаг Монгол улусун Хабул хан бийлеп турган. Хабул хандын өзүнүн жети уулу болсо да ал өзүнөн кийин такка Сэнгум билгэнин уулу Амбагай ханды олтургузууну туяк кылган.

Буйр жана Хулун көлдөрүн ортосунан аккан Оршун суусунун боюнда татарлардын айрыгуд жана буйругуд уруулары жашап турушкан. Амбагай хан кызын татарга күйөөгө берип, аны татар жерине узатып барган. Ал жерден татарлар Амбагай ханды кармап алышып Ятан ханы Алтан ханга беришкен. Ошондо Амбагай хан Бэхудэй уруусунан Балахачи дегенди чабарман кылып: ”Сен Хабул хандын ортончу уулу Хутулага менин он уулумдун ортончусу Хамах тайшыга барып, мындан ары Хамах Монгол улусунун бийлөөчүлөрү өздөрүнүн кыздарын өздөрү узатып барышсын деп осуят айтат. Мени татарлар кармап алышты.

Өзүңөрдүн башчыңар үчүн
Бардык тырмагыңардан айрылсаңар да
Өч алгыла”- деп осуят кылган экен.

Есухэй батордун Огэлунду ала качканы жөнүндө аңгеме

Онон суусунун боюнда куш салып жүргөн Есухэй батор

мэргэд уруусунан болгон Их Чиледуга жолугуп калды. Ал Олхунуд уруусуна өзүнүн колуктусун алып келатыптыр. Есухэй батор үстү жабык арабанын ичин карап, анда укмуштай сулуу кыз отурганын көрдү. Ошол замат ал үйүн көздөй чаап улуу агасы Нэхун тайши менен кичүү иниси Даридай отчигинди ээрчитип үчөө Их чилэдунун артынан кууп жөнөштү.

Кууп келаткан атчандарды көрүп Их Чилэду кер атын камчылап тоо этектей качты. Аркасындагы куугунчулар аны дөбөнү айландыра кууду, Их Чилэду дөбөнү айланып колуктусуна келди Огэлун ужин ага “Сен ал үчөөнүн ниетин билдиңби? Алардын түрү жаман, сенин көзүңдү тазалагысы келет. Андан көрө эсен-соонда башыңды кутказ. Аман болсоң өзүңө ылайыктуу аялды таап аласың.

Бизде ар бир арабада кыз бар

Кайсы арабаны карасаңда колукту табасың

Эгер жаңы алган колуктуңдун аты башка болсо, кайтадан Огэлун деп коюп ал. Эми өзүңдү ойло, менин жытымды жыттап ал да качып, жөнө. Огэлун ушул сөздү айтып, өзүнүн ич көйнөгүн чечип берди. Ал аттан эңкейип ич көйнөктү алганда дөбөнүн этегинен аны кууган үчөө көрүндү Их Чилэду кер атын камчылап, Онон суусун жээктеп, өрдөп жөнөдү. Куугунчулар жети ашуу ашыра кууса да жете алышпады да, арабага кайрылып келишти. Алар Огэлунду алып жөнөштү. Есухэй батор анын атын жетелеп алды. Улуу агасы Нехун тайши баарынын алдына түштү. Кичүү иниси Даридай отчигин капталдап келатты.

Ошондо Огэлун ужин ыйлап кирди.

Айтчы, айтчы Чилэдум
Кудай бизге кайсы шор тагдырды берди
Кең талаада тишимдин кирин соруп
Шамал менен куюндай тентип кеттиң
Мен эми чачымды кайдан өрөм
Сен жокто кантип жан сактайм

Деп ал катуу онтогондон
Онон дайра нугунан ашып
Токой шамал соккондой ыргалды.
Даридай отчигин Огэлунга акыл айтты
“Сен сылап-сыйпап кучактаган
Жигитиң ашуңдан аша качты
Солуктап ыйлаганың
Суудан сууну кече качты
Онтосоң да антасаң да
Сени укпайт

Анын көлөкөсүн да, изин да таба албайсың. Андан көрө ыйлабай жашыңды тый.”

Есугэй батор Огэлунду өзүнүн үйүнө алып келип үйлөндү. Есухэй батордун Огэлунду аялдыкка алган аңгеменин болгону ушул.

Ошол убакта Хамаг монгол жана Тайчуддар Онон дарыясынын жээгиндеги Хорхонах өрөөнүнө чогулуп, Хутулуну хан көтөрүштү. Татарлар туткундап алган Амбагай хан өзүнүн осуятын Хадан менен Хутулага айттырган болчу.

Монголдор тойду да, бийди да жакшы көрүшөт ошондуктан Хутулуну хан көтөрүшкөндө Хорхонахдагы бутактуу ыйык дарактын алдында.

Кабыргалары кайышканча,
Буттары талыганча
ырдап-бийлешти.

Хутула хан болгондо Хадан тайши менен бирге Амбагай хандын осуяты боюнча өч алуу үчүн татар жерине барып татарлар Хутун барах жана Жали бух менен 13 жолу беттешсе да

Өчөшүп өчү бүтпөйт
Алышып алы жетпей тарап жүрүштү.

Есухэй батор жортуулдан Тэмужин Угэни, Хори буханы жана башкаларды туткундап келди. Анын аялы Огэлун ужан

Онон дарыясынын жээгиндеги Дэлун болдог жерде уул тапты.

Чыңгыз туулганда колунда чүкөдөй уюган канды мыкчып түштү, ага Темужин деген ат коюшту. Анткени ал татар Темужин уге туткунга түшүп келгенде төрөлгөн эле.

Огэлун Есухэй батордон төрт уул төрөдү- Тэмужин, Хасар, Хачигун, жана Тэмугэ.

## Монгол урууларынын, анын ичинде баарын уруусунун жана Чынгыз хандын санжырасы



*Чыңгыз хан*




Дува сокур
Дува сокурдун 4 уулунан Дурвуд уруусу тарады
Добун мэргэн
Бугунудэй
Белгунудэй
Бэгунуд уруусу
Бэлгунуд уруусу
Бугу хатаги
Хатагин уруусу
Бугу салжи
Салжуд уруусу
Бодончар
970-ж.т.
Баридай
Хабичи батор
Чиледу
Мэнэн тудун
Баарын уруусу
Хачи хулуг
Хачин
Хачигу
Хачула
Харалдай
Хачигун
Начин батор
Хайду
Ноёгидай
Баруладай
Большой Барула
Малый Барула
Умный Барула
Будад уругу
Адархин уругу
Уругудай Мангыдай
Бай жинхор
Чарахай
Чужин ортэгэй
Тумбинай сечен
Сэнгум билгэ
Оронар
Хонхотадай
Арулад
Сонид
Хотурхас
Ченигэс


Тумбинай сечен
Хабул хан
Сэм сэчула
Бултэгу батор
Охин баргах
Бартан батор
Хутуга мунгур
Хутула хан
Хулан
Хадан
Тудугэн отчигин
Хутугу журчи
Мэнгэту хиан
Нехун тайши
Есугэй батор
Даридай
Отчигин
Бури буха
Жочи
Чирмаи
Алтан
Их чэрэн
Сача бэхи
Тайчу
Темужин
Хасар
Хачигун
Тэмугэ
Журхин уруусу

# Кыргыздын «Он» жана «Сол» канатынын таралышы

(XVI кылымда жазылган «Мажму ат-таварих» (Тарыхтардын жыйнагы) жана С.Аттокуровдун 1995-жылы чыккан «Кыргыз санжырасы» аттуу китептери боюнча)




***Эскертүү:*** Бул таблица Өскөн Осмоновдун «Көкүм Бий» китепчесинен. Бишкек.2006-жыл. 61-бет.

Кыргыз элинин чыгышы, урууларынын таралышы жөнүндө өтө көп божомолдор айтылат. Алардын бири-бирине карама-каршы келген учурлары да көп. Бул боюнча өз оюбузду китептин корутунду бөлүгүндө кененирээк айтып, тарых барактарын аңтарып көрүүнү ылайык таптык.

Эми кыргыз санжырасында кийинки кездерде калыптанган вариантка токтолуп, баарын уруусунун таралышына токтололу.

Долон бийден эгиз уул – Ак уул жана Куу уул төрөлүп, алардан тараган урпактар оң жана сол деп бөлүндү. Ак уулдан Наалы эже, Адигине, Тагай жана Муңгуш. Тагайдан Богорстон, Койлон, Кылжыр, Карачоро. Богорстондон Солто уруусу, Койлондон Жедигер уурусу. Кылжырдан Сарбагыш уруусу. Карачоро Тагайдын Кашкардагы хан ордодо ак үйлүү болуп жүргөндө алган аялынын боюнда калып, кийин төрөлгөн уулу. Аны Жанкороз деп да айтышат. Себеби Карачоро Тагай бийге келгенден кийин энчи алып, үйлөнүп, жоого аттанып, эр сайышка түшүп, мыкты болуп чыгат. Анын таза кийинип, таза жүрүп башкалардан өзгөчөрөөк болгону жана эр мүнөзү үчүн ага Жанкороз деп ылакап ат коюлуп, кийин бул Тагайдан тараган уруулардын ураанына айланып кеткен. Алар жоого аттанса да, күлүк аттарын байгеге чапса да «Жанкороз! Жанкороз!» деп ураан чакырышчу болгон.

Карачородон Балта, Багыш, Келдике. Балтадан Нурмамбет (Суу мурун), Багыштан Куржун, Көкүм, Конок, Оржубек, Бадам, Кошбычак. Келдикеден Тулубай, Абийир. Кээ бир санжырачылар Карачородон Багыш. Багыштан Көкүм, Күржү дешет. Тарыхый жазмаларда Көкүм бий Карачоронун өзүнөн туулган деп көрсөтүлгөн.

Тарых илимдеринин доктору Өскөн Осмоновдун «Көкүм бий» деген очеркинин 29-бетинде «Бир күнү калмактар Көкүмдүн туугандарынын айылын чаап, бир кызды ала качышат. Ошондо колго түшкөн кыз жылкычы, чабарман жигитке кайрылып:

«Көрөңгөлүү Көкүмгө айт,
Көп сарууда Эшимге айт.
Чаар аттуу Кабайга айт,
Жаман да болсо Жабайга айт.
Күрөң аттуу Күржүгө айт,
Согончогу сокудай,
Солтон Сейит мырзага айт», – деген экен.

Элдин эсинде сакталып калган бул ырдагы тарыхый адамдар 1600-жылдарда жашаган жана ошол кездеги элге кеңири белгилүү уруу башчылары, баатырлары, бийлери болгон, алардын жаш курактары да тең чамалаш болгон болуу керек. Мына ушул ыр саптарында айтылган «Күрөң аттуу Күржү» Баарындын уулу, Карачоронун небереси. Күржүдөн Байкаркы жана Байбарпы. Молдо Үмөттүн санжырасында Карачоро Тагайга келгенде, Кашкарда калган апасы башка бир байга тийип, андан туулган Кара-Кожодон Байкаркы жана Байбарпы деп жазылган. Бирок көпчүлүк санжырачылар Баарынды Карачоронун өз уулу деп таанышат.

Байкаркы жана Байбарпы жигит болуп, үйлөнүп-жайланып энчи бөлүшкөндө атасы Күржү Байкаркынын малына төгөрөк тамга басып, Байбарпынын малына ача тамганы басып берген. Ошондон баштап баарындар төгөрөк жана ача деп экиге бөлүнөт. Саргашка, күчүк деген уруктар төгөрөккө кошулат.

**Баарындардын эн тамгасы.**



Төгөрөк

Ача

Бул тамгалар хакас, тува жана алтай элдеринин уруулоарында да жолугат.

# Баарындардын таралышы



# ТАЛАС ОБЛУСУНУН КАРА-БУУРА РАЙОНУНДАГЫ ЧЫУКЕНТ АЙЫЛЫНДАГЫ АНАБААРЫНДАР

## Ак кийизден тараган урпактар

Төгөрөктөгү эң чоң урук, баарындын «уюткусу» деп аталган Анабаарындын таралышы:

**Байкаркыдан** – Мүйүздүү Кутберди.

**Мүйүздүү Кутбердиден** – Жабык бий, Алак мерген, Бердалы. Сүйөр.

**Жабык** бийден Ак кийиз, Ороз.

Ак кийизден Сары. Сарыдан Таштанбай, Кайып, Ырысалы. Таштанбайдан Мусабай, Кошмамбет. Мусабайдан Койчубай, Жумагул. Койчубайдан Асанбек, Ашымбек, Касымбек, Басылбек, Асанбектен Меңдибек, Чыныбек, Ашырбек, Асылбек, Замирбек, Чыныбектен Руслан, Алмаз, Абас. Руслангдан Илимбек, Ислам, Калыйнур. Ашырбектен Рустам, Нурадин. Асылбектен Нурлан, Нурбек. Замирбектен Медер, Тилек. Касымбектен Данияр. Басылбектен Мирлан. Андан Мирзат, Нуржан, Нурмухамбет.

**Кошмамбеттен** Алтыбай. Андан Алымбай, Керимбай, Эркинбай. Алымбайдан Самаган. Андан Замирдин, Зайнудин. Эркинбайдан Улан, Замир, Закир. Замирден Темирлан. Закирден Айбек, Адилет, Канимет.

Таштанбай 1874–75-жылдары баарын айылында старчын болгон. Анын уулу Мусабай бай экен. Экинчи уулу Кошмамбет бий болуп шайланган. Мусабайдын уулу Койчубай Кеңеш өкмөтү чыкканда жаңы бийликтин орношуна иштиктүү киришип, бийлик кызматтарында жүргөн, кийин Чаткалга көчүп барып, ал жакта айыл кеңешин башкарып турган. Анын уулу Асанбек партиялык, советтик кызматтарда иштеп, колхоз, совхоздордо партиялык уюмдардын катчысы

болуп көп жылдар иштеди. Кийинки жылдары ДОСААФтын райондук бөлүмүн башкарып турду.

**Мусабай** уулу Жумагул Таласка аты чыккан мыкты ордочу болгон. Анын черткен чүкөлөрү алты баксалуу коргондон чыр-чыр этип учуп турчу экен. Баарындар ордо оюнун ойноп, көп жерлерден мөрөй алышкан.

**Кайыптан** Бегалы, Кочор. Бегалыдан Өскөнбай, Өтөнбай. Өтөнбайдан Жайлообек, Төлөбек. Жайлообектен Болот, Кубат. Болоттон Мирзат, Гамзат. Кубаттан Бекзат. Төлөбектен Мурат, Тилек, Жоомарт, Нурзат. Мураттан Нурбол. Тилектен Акназар.

**Ырысалыдан** Таке, Назаркул. Такеден Эшалы, Нармырза.

**Эшалыдан** Анарбек, Курманбек. Анарбектен Мурат, Талант.

**Курманбектен** Өмүрбек, Турдубек, Анаркул, Турус, Бактыбек, Рыстай. Өмүрбектен Рыспай, Каныбек, Макулбек. Турдубектен Канимет. Анаркулдан Дастан, Тыныстан. Турустан Данияр. Бактыбектен Атакан. Рыстайдан Кубаныч.

**Нармырзадан** Турат. Андан Жакшылык, Нурбек.

Назаркулдан Аскар. Андан Айтбек, Алмаз, Асылбек. Айтбектен Элебай, Эрлан, Нурлан. Алмаздан Жаныбек. Асылбектен Искендер.

**Тураптан** Өмүр. Өмүрдөн Садык. Садыктан Тууганбай, Сатылган. Сатылгандан Анаркул, Сагындык, Мурат, Болот. Болоттон Ильяс.

Садык балбан болгон. Кеңеш бийлигинин түптөлүшүнө өз үлүшүн кошуп, бийлик кызматтарында иштеген. Анын кызы Сыйнат Садыкова кыргыз кыздарынын алдыңкы сабында болуп, билим алууга умтулуп, Фрунзедеги педагогикалык окуу жайын бүтүрүп келип, мектептерде мугалим, директор болуп иштеген. Кийин партиялык, советтик кызматтарга көтөрүлүп партиянын Талас облустук комитетинде иштеген. Буденный районунда райкомдун катчысы болгон. 1956–1959-жылдары

Киров районунда райондук аткаруу комитетин жетектеп, ошол жылдардагы уюштуруучулук жана жетекчилик зор жөндөмдүүлүгү, тартипти бек кармагандыгы аркасында район республикада алдыңкы катарга чыккан. Бул эмгеги өкмөт жана партия тарабынан жогору бааланып ага 1957-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилген.


*Сыйнат Садык кызы*

Сыйнат эже чынында да даанышман, кеменгер, адамкерчиликтүү мыкты адам эле. Анын бир тууган иниси Сатылган Садыков да партиялык кызматтарда көп жылы иштеди. Өмүрүнүн акыркы кездеринде партиянын Борбордук Комитетинде жооптуу кызматтарды аткарды.




Жабык бий
Ак кийиз
Ороз
Сары
Таштанбай
Кайып
Ырысалы
Мусабай
Кошмамбет
Койчубай
Жумагул
Алтыбай
Асанбек
Ашымбек
Касымбек
Басылбек
Алымбай
Керимбай
Эркинбай
Данияр
Мирлан
Мендибек
Чыныбек
Ашырбек
Асылбек
Замирбек
Мирзат
Нуржан
Нурмухамбет
Самаган
Улан
Замир
Закир
Руслан
Алмаз
Абас
Рустам
Нурадин
Нурлан
Нурбек
Медер
Тилек
Замидин
Зайнудин
Темирлан
Айбек
Адилет
Канимет
Илимбек
Ислам
Калыйнур


Кайып
Бегалы
Кочор
Өскөнбай
Өтөнбай
Жайлообек
Төлөбек
Болот
Кубат
Мурат
Тилек
Жоомарт
Нурзат
Мирзат
Гамзат
Бекзат
Нурбол
Акназар
Ырысалы
Таке
Назаркул
Эшалы
Нармырза
Аскар
Анарбек
Курманбек
Турат
Жакшылык
Нурбек
Айтбек
Алмаз
Асылбек
Мурат
Талант
Өмурбек
Турдубек
Анаркул
Турус
Бактыбек
Рыстай
Жаныбек
Искендер
Рыспай
Каныбек
Макулбек
Канимет
Дастан
Тыныстан
Данияр
Атакан
Кубаныч
Элебай
Эрлан
Нурлан

# АНАБААРЫНДЫН ОРОЗДОН ТАРАГАН УРПАКТАРЫ

**Ороздон** Кудайназар, Итийбас, Саты, Иле.

**Кудайназардан** Кожоберди, Жамангара, Кака.

**Кожобердиден** Жанбото, Эсенгелди, Токтогул, Койчуман, Араке, Мама.

**Жанботодон** Балтабай, Сарыбай, Мырзагул, Козубай.

**Балтабайдан** Жээналы, Канай, Эшкожо, Момун, Нурчек, Кенжетай.

**Жээналыдан** Кыдыралы, Кыял, Мураталы, Кыдыралыдан Батырбек, Садырбек. Кыялдан Барманбек, Асанбек. Асанбектен Абдыкерим, Бообек, Жанарбек, Атанбек. Абдыкеримден Арстан, Кубат. Арстандандан Улан, Усман. Кубаттан Кыял, Кадырбек, Уран, Ахмад. Бообектен Мээрбек, Мирбек, Сүйүнбек, Нур, Нурдин, Талас. Мээрбектен Багдад. Мирбектен Рамазан, Адилет, Билал. Сүйүнбектен Дастан. Жанарбектен Алмаз. Атанбектен Бек, Сагынбек, Бакберди. Мураталыдан Бектур, Сабатар. Бектурдан Муктарбек, Элчибек. Муктарбектен Искендер, Данияр, Темирбек, Сонунбек, Нажимудин, Бакыт. Искендерден Өмүрбек. Даниярдан Дастан. Элчибектен Дайырбек, Эламан.

**Канайдан** Бүркүтбай, Алыбай. Бүркүтбайдан Сетенбай, Сейдасим. Сетенбайдан Төлөгөн. Андан Бактыбек, Чолпон, Автандил, Руслан, Мирлан. Бактыбектен Разак, Медербек. Чолпондон Аскар, Айтмат. Автандилден Эрмек, Эрлан. Русландан Илияс, Темирлан, Курманбек. Мирландан Элдияр, Адилет.

**Сейдасимден** Айтиш, Бекболсун. Айтиштен Кубанычбек.

**Алыбайдан** Шайлоо, Тыныстан, Үрүстөм, Рыскулбек. Шайлоодон Каныбек, Адылбек. Тыныстандан Сатылган, Жаныбек. Сатылгандан Хамза. Үрүстөмдөн Чыңгыз, Таалай,

Талгат, Кайрат. Чыңгыздан Бекзат, Шерзат, Аскат. Талгаттан Эмир, Данил, Иса. Рыскулбектен Максат, Талант.

**Эшкожодон** Турсунбек. Андан Абжалбек.

Жээналы бий болгон. Ал Балтабайдын уулдарынын улуусу болгондуктан атасынын көзү өткөндөн кийин баарына баш-көз болуп, кайрылышып турган. Өзү оокат-аштуу, келим-кетимдүү, сөзгө чечен, кеменгер экен. Ошондуктан ал элүү башы болуп, анан бий болуп шайланган. Төбөсүндө бир тутам ыйык чачы болгон дешет.

Карыган чагында Жээналы бий бир үйдө мейман болуп олтурса ага чай берип олтурган жаш келин жел чыгарып коюп, аным угулуп, уят болдум деп бети кызарып, башын көтөрө албай калат. Аны байкаган Жээналы бий, укмаксан-билмексен болуп, аны-муну сурайт. Келин жооп бере албай бөжөңдөгөндө «Ой, балам, катуураак айт, кулак укпай калган» десе, келин сүйүнүп кетип: «Кулагыңдан айланайын, ата!» деп жибериптир.

Жээналы бий бир аялын Аксыдан алыптыр. Тоюн берип, себи менен жөнөтөрдө мурдагы сүйлөшүп, макулдашкан колуктунун ордуна башка кызды жөнөтүшүптүр. Алар көп киши менен Таласка келатышып, ээнирээк жерге туш болгондо белди капталдай ашып бараткан көп карышкырлар көрүнүптүр. Ошондо үлпүнчөк жоолук салынып, жеңелеринин жанында келаткан колукту «Ана кайасаң, бөйү, бөйү!» деп кыйкырып жибериптир. Ошондо бийдин туугандары колуктуну алмаштырып коюшканын билип, «кайра төркүнүнө алып барып таштайлы» десе бий «Бөрүдөй, бөрүдөй уул тууп берет экен, тим койгула» деп ачууланган туугандарын тыйып коюптур.

Жээналынын уулдарынан Кыял менен Кыдыралы старчын болгон. Кийин Кеңеш өкмөтү бай-кулактарга каршы күрөшкөндө Кыял Аксыга көчүп кеткен. Анын уулу Асанбек колу жөндөмдүү уста болуп чыкты. Атасын тартып сыйкор,

меймандос, ак көңүл эле.

Канайдын урпактарынан Сейдасим билимдүү болуп, мугалим болуп иштеген. Кийин согушка катышып, кайтыш болду. Анын уулу Айтиш Сейдасимов Ташкендеги аскердик окуу жайын бүтүрүп, көп жылдар бою армияда кызмат кылды. Подполковник чинин алды. Өмүрүнүн акыркы жылдарында түзөтүү колонияларынын бирин башкарды, университеттин юридикалык бөлүмүн сырттан окуп бүтүрүп, юрист болуп иштеп жүрдү.

Алыбай уулу Шайлоо Фрунзедеги сүрөт окуу жайын бүтүрүп, бир топ сүрөттөрдү тартып, республикалык көргөзмөлөрдө байгелүү орунга жетишкен.

Сетенбай уулу Төлөгөндүн кесиби машина айдоочу болгондуктан карыганча колхоз, совхоздо машина айдап жүк ташып, сүт ташып, кранчы болуп да иштеди. Ал шайырдыгы, жамакчылыгы менен элге таанылды. Совхоздун чарбакери Ормон уулу Асыран менен болгон бир тамашасы алигүнчө айтылып жүрөт. Кыштын бир күнү арак ичишип олтурган жерде Асыран «Сени жамакчы дейт, мени кошуп ырдачы» дейт. Төлөгөн аке макул болот да, анын атасы Ормондун сото менен өзүнүн жонун кашып олтурганы эсине түшө калып, дароо жамактатат:

Ормондун уулу Асыран,

Белгилүү го башынан, – деп баштайт.

Асыран «Ии, ошентсең, албетте мени элдин баары билет» деп компоёт.

Төлөгөн ырын минтип улайт.

Атасынын жону кычышса,

Чоң сото менен кашыган! – деп бүтүрөт.

Олтурган эл дуу этип күлүп жиберишет. Асыран «Эмне дейт ыя, чоң сото менен кашыган дейби?» деп ачуусу келип, ура турган болуп жулунуп калат. Төлөгөн эшикке качып чыгат. Асыран аркасынан кубалап, калың карды кечип чарча-

шат. Төлөгөн: «Ырчы менен элчиге өлүм жок» десе да Асыран болбой кубалай бериптир.

Кышында машиналарды гаражга коюп, оңдошуп жатканда Төлөгөндүн таякеси, нары кесиптеши, бирге иштеп азилдешип жүргөн Тойгонбек Үмөтбеков эртең менен шашканынан өзүнүн тумагынын ордуна баласынын тумагын кийип барып калыптыр. Аны көргөн Төлөгөн:

Тойгон, детский тумак башыңда,
Атаң Үмөтбектен калдың жашыңда.
Эми көп кейип-кепчибе,
Кишим апаң отурат го кашыңда! –

деп ырдап жиберип, гараждагыларды күлдүрүп, көңүлдөрүн шат кылган экен.




Уландысы кийинки бетте →


Жээналы
Канай
Эшкожо
Момун
Нурчек
Кенжетай
Кыдыралы
Кыял
Мураталы
Бүркүтбай
Алыбай
Турсунбек
Абжалбек
Сетенбай
Сейдасим
Шайлоо
Тыныстан
Үрүстөм
Рыскулбек
Барманбек
Асанбек
Сабатар
Бектур
Төлөгөн
Айтиш
Бекболсун
Каныбек
Адылбек
Жаныбек
Сатылган
Чыңгыз
Таалай
Талгат
Кайрат
Максат
Талант
Батырбек
Садырбек
Муктарбек
Элчибек
Бактыбек
Чолпон
Автандил
Руслан
Мирлан
Кубанычбек
Хамза
Бекзат
Шерзат
Аскат
Эмир
Данил
Иса
Искендер
Данияр
Темирбек
Сонунбек
Нажимудин
Бакыт
Даирбек
Эламан
Разак
Медербек
Аскар
Айтмат
Эриек
Эрлан
Илияс
Темирлан
Курманбек
Элдияр
Адилет
Өмүрбек
Нурислам
Дастан
Тилек
Айдин
Абдыкерим
Бообек
Жанарбек
Атанбек
Арстан
Кубат
Мэзрбек
Мирбек
Сүйүнбек
Нур
Нурдин
Талас
Алмаз
Бек
Сагынбек
Бакберди
Улан
Усман
Кыял
Кадырбек
Уран
Ахмад
Багдад
Рамазан
Адилет
Билал
Дастан

**Момундан** Отунчу, Термечик, Сарпек, Сатыбек, Соорбек.

**Отунчудан** Азамат, Элүүбай. Элүүбайдан Алмаз, Азамат, Манас, Чубак, Нуржигит. Азаматтан Гүлжигит, Байжигит. Манастан Арген, Барсбек, Умар. Чубактан Кадыр, Ажымурат, Султанмурат, Али. Нуржигиттен Эрасан, Нурислам. Термечиктен Сүйүнбек. Сүйүнбек Улуу Ата Мекендик согушка кетип, кайрылып келбеди. Сатыбектен Дүйшөнбек. Дүйшөнбектен Талант, Канат. Таланттан Манап, Марат. Канаттан Урмат, Кубат. Нурчектен Жалдыкбай. Жалдыкбайдан Эргешбай. Эргешбайдан Рамис, Марлис. Рамистен Нуркалый. Марлистен Кутберди, Нуралы.

**Токтоболоттон** Баймөнкө, Шамурза, Бегалы. Шамурзадан Манасбай. Бегалыдан Камчыбек, Рысбек. Рысбектен Досан, Асан, Аскан, Эржан, Нуржан, Нурлан, Эркен. Досандан Дидар, Дархан. Асандан Талгат, Максат, Сагадат. Талгаттан Жанасыл. Аскандан Гани, Дэурен, Санжар. Эржандан Алмаз, Абзал, Алишер. Абзалдан Алдияр. Нуржандан Андос, Жандос. Нурландан Манас.

Балтабайдын алты уулунун эң кенжеси Кенжетай балбан болуптур. Бир жылы кургакчылыкта эгин талаасын чегиртке каптап, эл жабыла чыгып аң казып, өрт коюп чегирткени жок кылууга аракет кылышып эгиндерин сактап калышат. Ошондо балбан күрөш болуп, Кенжетай абабызга эч ким тең келбептир. Кенжетай балбан казактардын аш-тойлорунда да далай жолу байге алып, жеңилген эмес дешет.

Менин атам Момун уулу Отунчу чоң көкбөрүчү болгон дешет. Өзүнүн атасын өзү мактап жазыптыр дебейт чыгарсыздар. Анткени атамдан жашымда калып, ал кишинин сөздөрүн укпай калдым. Бирок элдеги «Атаң өлсө өлсүн, аны көргөн өлбөсүн» деген сөз чын экен. Эс тартып, эл аралагандан тартып карыялар «Кимдин улуусуң?» деп сурап, анан

таанышкандан кийин «Оо, атаң өтө кайраттуу, чапчаң, мыкты киши эле. Атаң менен Асылбек көкбөрүгө чыкканда «эми баарындардан бизге көкбөрү тийбейт» деп башка тараптагылардын ындыны өчө түшчү» деп көп айтышаар эле. Ошол карыялардан укканыма караганда бир жолку аламан байгеде атам улакты кашка айгыр деген күлүк менен ала качып келатып, артынан куугандарга жеткирбей чоң андан секиртип кеткен экен. Кууп келаткандар андан коркуп, өтө албай калышыптыр. Ошондо кашка айгырдын бели мертинип, ээрдин кашы атамдын ичин оорутуптур.

Чоң Кара-Буура айылында жашаган Керимбай карыянын айткан бир окуясы эсимде: «Илгеректе Кара-Бууранын оозундагы бир тойдо багыштар менен саркулдардын ортосунда чатак чыгып, ал ырбап, чабышып кетишти. Саркулдар көптүк кылып, ошол тойго келген багыштарды бапыратып сабап жиберишкенде, багыштардын бирөө Отунчуга чаап барып, «Саркулдар бизди сабап таштады, жардам бериңиз» дейт. Отунчу Койчубайдын күрөң атын минип, учуна коргошун уютулган камчыны алып додого кирди. Ошондо өзү жалгыз отуздай саркулду тизеге чаап аттан кулатып, өзүнө бир да камчы тийгизген жок. Ушундай чапчаң, кайраттуу киши эле», – деп Керимбай аксакал тамшанып айтты эле.

Атам колхоздо бригадир болуп, согуш мезгилинде Магнитогорскиге жумушка барып, ал жактан келгенден кийин колхоздун жылкысын бакты.

Сатыбек уулу Дүйшөнбек көп жылдык өмүрүн журналистикада өткөрүп, райондук газетада иштеди, колхоздун партиялык уюмун башкарды, райондук кинофикацияда жетекчи болду. Өзү өткүр сөздүү, тамашакөй, шайыр эле. Анын уулу Канат сүрөтчүлөр окуу жайын бүтүрүп, Кара-Буура районундагы адабият жана маданият ишмерлеринин көбүнүн мыкты портреттерин тартты.

Нурчек уулу Жалдыкбай Ата Мекендик согушка катышып

келгенден кийин пенсияга чыккыча чарбанын жылкысын бакты, мыкты көкбөрүчү жана эңишчил балбан катары таанылды.

Токтоболоттун Баймөнкөсү мыкты багбан катары таанылып, Октябрь төңкөрүшүнө чейин эле бак өстүрүп таанылган экен. «Баймөнкө абамдын алмасынан далай жеген элек» деп айылдыктар али да аңыз кылышат. Токтоболоттун кичүү уулу Бегалынын уулу Рысбектин урпактары ушул кезде Жамбыл облусунун Байзак ооданынын Сарыкемер айылында жашап турушат. Рысбек Ата Мекендик согушка катышып келгенден кийин Алматыдагы жогорку партиялык мектепти бүтүрүп, көп жылдар бою мурдагы Свердлов, азыркы Байзак ооданында чарбанын төрагасы болуп, мыкты жетекчи катары таанылып, оодан элине кадыры жогору болгон.




Жанбото
Балтабай
Сарыбай
Мырзагул
Козубай
Жээналы
Канай
Эшкожо
Момун
Нурчек
Кенжетай
Отунчу
Термечик
Сарпек
Сатыбек
Соорбек
Жалдыкбай
Азамат
Элүүбай
Суйүнбек
Талант
Канат
Эргешбай
Манап
Марат
Медер
Урмат
Кубат
Рамис
Марлис
Нуркалый
Кутберди
Нуралы
Алмаз
Азамат
Манас
Чубак
Нуржигит
Гулжигит
Байжигит
Арген
Барсбек
Умар
Кадыр
Ажымурат
Султанмурат
Али
Эрасан
Нурислам

# БАЛАБААРЫНДАР

**Дубанадан** – Жумабай, Элчибек.

**Жумабайдан** – Бошкой, Үкүбай, Кудабай, Кулубек.

**Бошкойдон** Нурмамбет. Андан Курманкул, Өскөнбай, Анаркул, Токтогул. Токтогулдан Орозбек, Анатай, Турдубек. Орозбектен Эдилбек, Уланбек, Элдияр, Эрнис, Эрлан. Эдилбектен Султан, Юсуф. Уланбектен Нурислам. Элдиярдан Ибрахим. Анатайдан Дамир, Замир. Турдубектен Тимур, Өмүрбек, Эмир, Темир. Тимурдан Ырыскелди.

**Үкүбайдан** Тоялы. Андан Өмүралы, Жайчы, Тайтели. Жайчыдан Акжол, Абжал. Тайтелиден Базарбай. Андан Сагынбек, Сардарбек, Жакшылык. Сагынбектен Жылдызек, Тынчтыкбек, Ильгиз, Ислам. Сардарбектен Талантбек. Жакшылыктан Азизбек.

**Кудабайдан** Муратбек. Андан Абдыкерим. Андан Кадыр, Чолпон.

**Кулубектен** Жалгап. Андан Жумабек, Чыныбек, Тыныбек.

**Жумабектен** Шейшенбек. Андан Манатбек. Андан Кумарбек, Сыргак, Мурат. Кумарбектен Абдулазиз.

**Элчибектен** Тойчубек. Андан Сасыман, Нарбай. Нарбайдан Субанкул, Сүйөркул, Керимкул, Батыркул. Сүйөркулдан Төрөкул. Андан Сатымкул. Керимкулдан Токтосун, Токтоназар. Токтосундан Жолдошбек, Бактемир, Эмилбек. Жолдошбектен Улукбек, Нурбек. Бактемирден Булутбек, Айбек, Майрамбек. Эмилбектен Жанарбек, Таттуубек.

# Балабаарындар



# БАЛАБААРЫНДАРДЫН ЧОБО ТОБУ

**Атагулдан** Султанкелди. Андан Эшенкул, Асыранкул, Станалы, Султаналы. Эшенкулдан Маткерим. Андан Кадырбек, Умар, Муратай. Кадырбектен Надырбек, Сатылган, Сатыбалды. Надырбектен Рашид. Андан Айдос. Сатылгандан Жанат, Канат, Изат. Жанаттан Айдин. Сатыбалдыдан Бектур, Нурсултан. Умардан Мейманкул, Турду, Турар, Райымкул. Мейманкулдан Азамат. Азаматтан Азирет. Турардан Жаныбек. Жаныбектен Турснубек. Муратайдан Алымкул, Чолпон, Нурзат. Алымкулдан Мирзат, Атагул, Акназар, Бакболот. Мирзаттан Байэл, Даниель. Акназардан Нурэл, Нуралы. Бакболоттон Умар. Чолпондон Ринат, Айбек, Бекназар, Бакберди. Айбектен Нургазы, Марлен. Нурзаттан Ырыскелди.

Токтогулдун Турдубеги мыкты үй куруучу болду. Азыр Бишкекте турат. Тайтелинин Базарбайы совхоздо көп жыл темир уста болуп иштеди. Муратбектин Абдыкерими жетим болуп чоңоюп, кийин Нарында сот болуп жүрдү.

Тойчубектин уулдары Сасыман, Нарбай мыкты темир уста болушкан. Нарбай тогуз жашында, 1863-жылы бала баарындардын бир тобу Чүйгө көчүшөт. Ал жакта үч жыл тургандан кийин агасы Сасыман уста калып, Нарбай Таласка кайрылып келиптир. Ал кезде Нарбайдын атасы Тойчубек Кулжабашыда турчу экен. Мергенчилик кылчу дешет. Нарбайдын уулу Сүйөркул көкбөрүчү, эңишчил балбан болгон. Ал киши сыныктарды таңып айыктырып, жылкылардын ооруларын да жакшы билүүчү. Анын иниси Керимкул көп жыл бою колхоздун дүкөнүндө темир уста болуп иштеген. Керимкулдун уулу Токтосун согушка катышып келгенден кийин Фрунзедеги партиялык-советтик мектепти бүтүрүп партиянын райондук комитетинде иштеди, совхоздун партиялык комитетинин катчысы болуп жүрдү. Анын уулдары Жолдошбек совхоздо

механик болуп иштеди. Экинчи уулу Бактемир райондук байланыш түйүнүн башкарды, үчүнчү уулу Эмилбек райондук аскер комиссариатында кызматта болду.

Маткерим абамдын уулдарынан Кадырбек машина айдоочу, Умар айылдык Кеңештин катчысы болуп, Муратай көп жыл бою чарбанын май куюучу жайында эмгек кылды. Муратай аке оокат-аштуу, келим-кетимдүү, динге бекем ишенген, беш маал намазын үзбөгөн ыймандуу адамдардан эле. Анын уулдарынан Алымкул жогорку билимдүү инженер-механик болуп, чарбада иштеди. Бул кезде бизнесин өркүндөтүүдө. Чолпон мыкты фермер, май чыгаруучу чакан цехтин ээси.



## КАРА-БУУРА РАЙОНУНУН ЧЫУКЕНТ АЙЫЛЫНДАГЫ БАЛАБААРЫНДАРДЫН БАЙБОТО ТОБУ

**Байботодон** Бердикожо. Андан Дербишалы. Андан Эралы.

**Эралыдан** Осоке, Сасыке, Чомолок, Наке, Токтор.

**Осокеден** Ниязалы, Тургунбек. Ниязалыдан Ибраим, Жолдош. Тургунбектен Төлөбай. Андан Саадабек, Темирбек, Шекербек. Саадабектен Жакен, Эрмек, Артык. Темирбектен Талас. Шекербектен Кеки, Рома, Тынчтык, Айдарбек.

**Сасыкеден** Иманалы, Мамбеталы, Бөгөналы.

**Иманалыдан** Күчүкбай, Турсунбай, Карабай. Күчүкбайдан Нурлан, Мирлан, Тыныстан, Кутман. Нурландан Сулайман, Самидин, Зайнидин. Мирландан Улук. Тыныстандан Фархад. Кутмандан Тилек, Айбек.

**Турсунбайдан** Жанадил, Жумадил, Жаныбек, Анарбек, Аманбек, Алмазбек. Жанадилден Рысмамбет, Станбек. Жумадилден Асхат, Азат. Жаныбектен Уран, Рүстөм. Анарбектен Нурсултан, Бексултан. Аманбектен Нурлан, Нурак. Алмазбектен Айбек.

**Карабайдан** Эркинбек, Алтынбек. Эркинбектен Нурдин, Насирдин.

**Чомолоктон** Какабай. Андан Чонтой.

**Чонтойдон** Адыр, Курманбек, Шабданбек, Шакы, Көккөз, Шаршенбек.

**Шабданбектен** Нурадил, Жамалбек, Анаркул, Майрамбек, Абдыжапар, Капалбек. Нурадилден Рустам. Андан Медер. Жамалбектен Камалбек, Сухрат, Адырбек, Эрмекбай. Сухраттан Нуркалыс. Адырбектен Нуркыяз. Анаркулдан Курманбек, Муратбек, Акжол, Узак, Нурдан. Майрамбектен Жайнак, Багышбай, Жоломан. Абдыжапардан Сейит.

**Шакыдан** Анарбек, Алымбек, Канат. Анарбектен Бекбол-

сун, Нурпаис, Бексултан, Анар, Ильяс. Нурпаистен Нурнияс, Шернияз, Нурэл. Алымбектен Кайрат. Канаттан Рыскелди, Амангелди.

**Көккөздөн** Асылбек, Акан, Барктабас, Чолпон, Бакыт. Асылбектен Масалбек, Максымбек, Мелис. Акандан Улан. Барктабастан Нурбек, Таалайбек. Чолпондон Эрлан, Мирлан. Бакыттан Бекзат.

**Шаршенбектен** Кунанбай, Атай. Кунанбайдан Абай, Абылай. Атайдан Баатай, Бекназар.

**Накеден** Сатай. Андан Багышбек, Сулайман, Жанышбек, Бейшебек.

Сасыкенин Иманалысы табып болгон. Анын улуу уулу Күчүкбай өмүр бою газетада иштеп жүрүп пенсияга чыкты. Комуз чертип, Осмонкул, Сооронбек акындарга жакын болуп жүргөн. Анын өзү айтып берген бир окуясы эсимде. «Сооронбек акын экөөбүз Фрунзеге барып калдык, – дейт Күчүкбай аке. – Сооронбек мурда филармонияга кирип иштеп жүрүп, таарынып чыгып кеткен. Ошондо Осмонкул акын менен мамилеси жакшы экен. Анан экөөбүз Осмонкулдукуна бардык. Ал киши бизди жакшы тосуп алды. Ашкана тамына киргизип, баканда илинип турган этти көргөзүп, «кайсы эттен салып берейин?» деп сурады. Жылкы, уй, койдун эттери экен. Сооронбек «тигинден, мындан сал» деди эле. Айткандай эле казан толтура этти салдырып коюп, экөө илгерки сөздөргө кирди. Мен ал экөөн кантип айтыштырып, кызыгына батсам деп ойлоп, илинип турган комузду алып, бир-эки күү чертип, анан Осмонкулга карата тийиштик кылып бир-эки сап ырды жамактаттым эле, Осокем мен бүтөрүм менен комузумду алып:

«О, күчүгүм, күчүгүм,
Баласы баккан итимдин.
Осмонкулга тиш салган,
Мунун жүрөгүнүн бүтүнүн!» –

деп бир сап ыр менен эле согуп салды. Анан мен Сооронбекти капталга түртүп, «Ал эми, өзүң жооп бер!» дедим. Сооронбек комузду алып, өзүнүн согушка барып жарадар болуп келгенин, илгери филармонияда иштегенин, башка акындардан кем эместигин, Осмонкулду кадырлап атайын издеп келгенибизди айтып, атабыз кыргыз үйгө келген конокту сыйлап итине каптырчу эмес эле деп кыйытып, узак ырдады. Ошентип Осмонкул менен Сооронбекти айтыштырып, алардын кызыгына баткамын».

Какабай уулу Чонтой колхоздор жаңы уюшула баштаганда ТОЗго (товарищество по обработке земли – жер иштетүү шериктештиги) жетекчи болуптур. Аны кыргыздар «Дос колхоз болгонбуз» деп коюшат. Ал кезде чарба жүргүзүүнү, эсеп-кысапты жакшы билбегендиктен ортолуктагы мал, дүнүйө-мүлктөн жетишпестик болуп, Чонтой аке жоопко тартылып кетиптир. Анын уулдарынан Шабданбек мергенчи, Көккөз мыкты чабан болуп жүрдү. Шаршенбек колхоз, совхоздо көп жылдар бою тамекиге бригадир, совхоздун иш башкаруучусу болуп, өзүнүн иш билгилигин, уюштуруучулугун көрсөтө алды.



Байбото
Бердикожо
Дербишалы
Эралы
Осоке
Сасыке
Чомолок
Наке
Токтор
Ниязалы
Тургунбек
Иманалы
Мамбеталы
Бөгөналы
Сатай
Усупбек
Кулмамбет
Багышбек
Сулайман
Жанышбек
Бейшебек
Ибраим
Жолдош
Төлөбай
Күчүкбай
Турсунбай
Карабай
Сааданбек
Темирбек
Шекербек
Нурлан
Мирлан
Тыныстан
Кутман
Жанадил
Жумадил
Жаныбек
Анарбек
Аманбек
Алмазбек
Эркинбек
Алтынбек
Жакен
Эрмек
Артык
Кеки
Рома
Тынчтык
Айдарбек
Улук
Фархад
Рысмамбет
Станбек
Уран
Рустөм
Нурлан
Нурак
Айбек
Нурдин
Насирдин
Талас
Сулайман
Самидин
Зайнидин
Тилек
Айбек
Асхат
Азат
Нурсултан
Бексултан


Байботo
Бердикожо
Дербишалы
Эралы
Осоке
Сасыке
Чомолок
Наке
Токтор
Какабай
Чонтой
Адыр
Курманбек
Шабданбек
Шакы
Көккөз
Шаршенбек
Нурадил
Жамалбек
Анаркул
Майрамбек
Абдыжапар
Капарбек
Анарбек
Алымбек
Канат
Асылбек
Акан
Барктабас
Чолпон
Бакыт
Кунанбай
Атай
Рустам
Камалбек
Сухрат
Адырбек
Эрмекбай
Жайнак
Багышбай
Жоламан
Сейит
Кайрат
Рыскелди
Амангелди
Улан
Таалайбек
Нурбек
Бекзатт
Абай
Абылай
Медер
Нуркалыс
Нуркыяс
Курманбек
Муратбек
Акжол
Узак
Нурдан
Бекболсун
Нурпаис
Бексултан
Анар
Илияс
Масалбек
Максымбек
Мелис
Эрлан
Мирлан
Баатай
Бекназар
Нурнияз
Шернияз
Нурэл

## БАЛАБААРЫНДЫН БАЙБОТО ТОБУ

**Токтордон** Үмөталы, Шералы, Мамбетжунус, Жамангыз, Жаманкул.

**Үмөталыдан** Сапарбек, Салымбек. Сапарбектен Аскарбек, Акылбек, Сакыбек. Аскарбектен, Замирбек, Анарбек, Нурадил, Мирадил, Рысбай, Расул. Замирбектен Чолпон. Анарбектен Элмар. Нурадилден Эрлан. Мирадилден Элдияр, Данияр, Адилет. Рысбайдан Нурсултан, Элхан, Бакберди. Расулдан Ислам, Дастан. Акылбектен Марлен, Чыңгыз, Азиз. Сакыбектен Насип, Бакыт, Көпжашар. Насиптен Алихан. Салымбектен Асанбек, Салкынбек, Тойчубек. Асанбектен Тураттан Бекназ, Бекбол. Салкынбектен Дуулат, Мурат. Дуулаттан Нурмухаммед. Тойчубектен Урмат, Нурмат, Казыбек.

**Мамбетжунустан** Максүт, Акмат, Мырзакан. Максүттөн Жуматай. Андан Тилек, Равил, Рашид. Тилектен Минур, Султан. Равилден Ильгиз. Мырзакандан Анаркул, Эшимбек, Маратбек. Анаркулдан Жылдызбек, Алибек, Нурлан, Бактыбек, Бактияр. Жылдызбектен Темирлан. Алибектен Акылбек. Нурландан Айбек. Бактыбектен Ырыскелди. Эшимбектен Азамат, Урмат. Азаматтан Куткелди. Урматтан Бакберди. Маратбектен Мурат.

**Жамангыздан** Умарбек, Айткул. Умарбектен Түлөкул. Андан Илимбек, Назарбек, Эрнист, Марлис, Биримкул, Билим, Кенжебек. Илимбектен Өмүрбек, Нурбек. Назарбектен Адилет. Эрнисттен Бекназар, Бекзат. Биримкулдан Съездбек. Кенжетайдан Алишер. Айткулдан Улан, Нурлан, Нурбек, Нургазы. Уландан Нуржан, Максат, Диаз. Нурландан Эржан Даниел.

Токтордун тобунан Сапарбек алгачкы мугалимдерден болуп, Ноокатка иштеп келген. Кийин айылда сопу болду. Анын уулу Аскарбек көп жылдар соода тармагында иште-

ди. Салымбектин Асанбегин эл Бапан дешчү. Балбан, мыкты жигит эле. Күрөштөрдө далай жолу мөрөй алган. Максүттүн Жуматайы согушка катышып келгенден кийин мектепте дене тарбиядан сабак берди. Кийин көп жылдарга чейин айылдык Кеңештин катчысы болуп иштеди. Иш билги, адамкерчиликтүү болучу.

Жамангыз жезде карыган чагында колхоздун уйларын багып, жайлоого чыгып жүрдү. Өзү балбан мүчөлүү, чоң киши эле. Комузду жакшы чертчү. Жаш кезинде уурулукка көп барып, атагы чыккан экен. Жүрсүн апамдын айтканы эсимде: «Биздин эшиктин алдында көп кишилер ордо ойношуп жаткан. Ошондо бир атчан чоочун киши «бир жакшы атымды жоготуп издеп жүрөм, көргөн-билгениңер барбы?» деп сурады эле, ордо ойногондор «көргөн жокпуз» деп коюшту. Чоочун киши кетип калды. Ошондон кийин короого кирсем бастырмада чүрөктөй сулуу ат турат. Аны тилинен аса байлап коюптур. Ошону Жамангыз алып келген экен». Бир жолу Жамангыз жезде, атам Отунчу, дагы бир топ баарын тууган-дар менен Кара- Буура ашуусун ашып, Аксыга баратышып-тыр. Ашуунун түбүнө барганда түн кирип, караңгы болуп, түнөөгө туура келет. Жолго деп алган азыктары азыраак болсо керек. Алардын алдында ашуунун түбүнө барган үч-төрт соодагер айдап бараткан малын имерип коюшуп, казан асып, баары отту тегеректеп отурушуптур. Алардын эт бышырып жатканын жытынан билген баарындар «Ай, атаң көрү ай! деп шыпшынып эриндерин жалашат. Ошондо Жамангыз жезде «Азыр очоктогу казанды алып келем, силер койлорду үркүткүлө!» дептир. Экөө-үчөө барып жуушап жаткан койлорду үркүтүшкөндө, алар тоо таяна чачырай жөнөшүптүр. Аны көргөн соодагерлердин баары очоктун тегерегинен тура чуркашып, караңгыда койлорду кайрып жүргөндө Жамангыз жезде казанды көтөрүп, суунун берки жээгине өтүптүр. Соодагерлер койлорун кайрып, түгөлдөп келгиче, баарындар этке



*Уметалиев Акылбек Сапарбекович*

тоюп, шорпосун ичип алышыптыр.

Үмөталиев Акылбек Сапарбекович, Фрунзе политехникалык институтунун механика факультетин аяктап инженер-механик адистигине ээ болгон. Казакстандын тоо-кен иштетүү тармагында жөнөкөй инженерден баштап Жанатас кен башкармасынын жетекчи даражасына чейин көтөрүлгөн. Кыргыз Республикасында “Макмалалтын” комбинатынын директорунун орун басары жана директору, “Кыргызалтын” Мамконцерининин сатып алуу, жабдуу жана унаа бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аркалаган. Россия Федерациясынын өкмөтүнө караштуу Эл Чарба Академиясын аяктап, экономика илимдеринин кандидаты диссертациясын жактаган. Канада мамлекетинин Торонто шаарындагы Йорк Университетинде билим алган жана Канада, АКШ дагы кен иштетүү ишканаларында практикалык тажрыйба топтогон. Президенттин жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотас жана “Манас-1000 жылдыгы” медалы менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар тармагын уюштурууда Дүйнөлүк банктын Эл Аралык өркүндөтүү Ассоциясынын долбоорун жетектеп, Регионалдык Окуу Борборун негиздеген. Сатып алуулар тармагында ИталиядагыТурин Эл Окуу борборунун консультат-эксперт дипломунун ээси. 2011-жылдан баштап И. Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Технологиялык Университетинин “Логистика” кафедрасынын жетекчиси, профессору, 2013-жылы экономика илимдеринин доктору илимий наамына ээ болгон. Англис, немис, кытай тилдеринде эркин баарлашат. 2 монография, 2 лекция курстарын, 2 окуу куралдарын басмадан чыгарып, Россия, Казакстан, Чехия, Македония, Кипр, Туркия жана Кыргыз Республикасында 38 илимий макалаларын жарыялаган.


Байбото
Бердикожо
Дербишалы
Эралы
Осоке
Сасыке
Чомолок
Наке
Токтор
Үмөталы
Шералы
Мамбетжунус
Жамангыз
Жамангул
Сапарбек
Салымбек
Умарбек
Айткул
Аскарбек
Акылбек
Сакыбек
Асанбек
Салкынбек
Тойчубек
Максут
Акмат
Мырзакан
Тулөкул
Улан
Нурлан
Нурбек
Нургазы
Жуматай
Анаркул
Эшимбек
Маратбек
Марлен
Чыңгыз
Азиз
Насип
Бакыт
Копжашар
Турат
Дуулат
Мурат
Тилек
Равил
Рашид
Азамат
Урмат
Мурат
Нуржан
Максат
Диаз
Эржан
Даниэл
Замирбек
Анарбек
Нурадил
Мирадил
Рыспай
Расул
Алихан
Нурмухаммед
Урмат
Нурмат
Казыбек
Илимбек
Назарбек
Эрнист
Марлис
Биримкул
Билим
Кенжебек
Чолпон
Эрлан
Бекназ
Бекбол
Жылдызбек
Алибек
Нурлан
Бактыбек
Бактияр
Өмүрбек
Нурбек
Адилет
Бекназар
Бекзат
Съездбек
Алишер

## БААРЫНДАРДЫН САРГАШКА ТОБУ

**Аксакалдан** Атантай, Тайлакбай. Атантайдан Алымкул. Тайлакбайдан Ысмамбет. Алымкулдан Алдиярбек, Даниярбек.

**Алдиярбек**, Даниярбек эки бир тууган болжолу мындан 200–250 жыл мурда Кашкар тараптан жоокерчилик убагында келишиптир. Анын Даниярбегинен Кызыл Кол Камбар. Андан Токтор, Дордоке. Токтор Таластагы баарын туугандарга келет. Ага Дордокенин уулу Байсейит балбан кошулат. Дордокенин бир уулу Төлөбай Аксыда калат.

**Токтордон** Баркеч, Ормон, Борке, Курман, Бектен, Айтаалы, Бердибек.

**Баркечтен** Чоке, Качкымбай, Өмүралы. Качкымбайдан Турсунбай.

**Ормондон** Көкөтай, Султаналы, Сулайман, Алыбай.

**Боркеден** Осмоналы, Назаралы, Базарбай, Иманалы.

**Назаралыдан** Чондубай. Андан Куттубек, Медетбек.

**Базарбайдан** Сатыбек. Андан Камчыбек. Андан Сонунбек, Күлчоро.

**Иманалыдан** Боромбай. Андан Максат, Асхат.

**Ташмамбеттен** Ташыбек, Арыкбай. Ташыбектен Орозалы. Андан Чоокбай. Андан Эмилбек, Дилдебек.

## БААРЫНДАРДЫН КҮЧҮК ТОБУ

**Солтонойдон** Орозалы, Үмөталы, Ибраим. Орозалыдан Ботобек, Момбек. Ботобектен Эсенбек. Андан Сүйүнбек, Алтынбек, Надырбек, Бактияр, Таалайбек, Кенжетай, Амангелди, Эсенгелди. Сүйүнбектен Рүстөм, Майрамбек, Атабек. Алтынбектен Искендер. Надырбектен Манас, Данияр, Мадияр. Бактыярдан Элдияр. Таалайбектен Эрлан, Темирлан. Кенжетайдан Эржан, Алмаз. Амангелдиден Мирлан.

**Момбектен** Максымбек, Макулбек. Максымбектен Мансур, Рамил, Рашид. Макулбектен Равил, Расул, Бактыбек.

**Үмөталыдан** Иманкул, Турсункул. Иманкулдан Эшенкул. Андан Азамат, Асхат, Бакыт, Тимур. Турсункулдан Эсиркеп. Андан Мээрбек.

**Ибраимден** Кулмамбет. Андан Касымбек, Жоробек, Төрөбек, Собур. Собурдан Айтбай. Андан Мартбек, Бактыбек. Мартбектен Ырыскелди.

**Токтомамбеттен** Сатыбалды. Андан Төрөкул, Кара. Төрөкулдан Жармамбет, Мусамамбет. Жармамбеттен Турдумамбет, Рысмамбет, Бакыт. Турдумамбеттен Нурбек. Рысмамбеттен Мелис. Бакыттан Талас, Манас. Мусамамбеттен Анаркул, Замиркул, Бакнуркул, Темирболот. Анаркулдан Радик. Замиркулдан Мирлан, Нурлан, Руслан. Бакнуркулдан Тимур, Жакшылык. Темирболоттон Эрбол.

Карадан Мады.

## БААРЫНДАРДЫН САРГАШКА ТОБУ

Менин таятам Качкымбайдын атасы Баркеч дыйканчылык менен күн көрүптүр. Жалгыз аты бар экен. Ал күлүк чыгып, байгеге кошчу экен. Байгеден аты чыгып келатса калпагын алып «Баркеч, Баркеч!» деп өзүнүн атын кыйкырып, күлүктөр менен тең чуркап келчү дешет.

Бир жолу Баркеч чоң таятам эгинин сугарып жүрсө атчан киши жол менен ат жетелеп каалгып коюп, үргүлөп уктап келатат дейт. Күн ысык: «Муну бир тамаша кылып көрөйүн» деп чечинип, жып-жылаңач болуп алып, кара баткакка оонап-оонап алып, атчанга чуркап жетип, жетелеген атын бошотуп айдап жиберип, жүгөндү өзү башына салып алып, ээрчип келе бериптир. Айдап жиберген аты көрүнбөй калганда, акырын-акырын тартынып коёт. Тиги киши карабай эле «чү-чү» деп коюп, үргүлөп кете берет. Анан катуураак тар-

тыныптыр. Ошондо тиги киши ойгоно түшүп артын караса, жетелеген аты жок, кара баткакка оонаган киши турат. Анан корккондунан эси чыгып тизгинди коё берип, атын чапкан бойдон артын карабай качыптыр.

Өз таятам Качкымбай да мыкты дыйкан болгон. Коон-дарбыз айдап, алма, шабдалысы да көп эле. Жаш кезинде жол жээгинде чайканасы болуп, өткөн-кеткендер чай ичип кетишчү дешет. Жалгыз уулу Турсунбай согушка кетип, кайрылбай калды.

Назаралынын Чондубайы көп жыл бою айылдык мектепте мугалим болуп иштеди. Базарбайдын Сатыбеги согушка катышып келди. Көп жылдар бою баарындар жашаган Сталин атындагы колхоздун төрагасы, кийин кой ферма башчысы болуп иштеди. Сатыбек таякем сөзгө чечен, илгерки өткөн окуяларды жакшы билген, эске тутуу сезими мыкты, тартипти бекем кармаган, чынчыл, иштерман, кеменгер кишилерден эле. Ал колхозду башкарып турган жылдарда чарба райондогу алдыңкы катарда болуп, элибиз ток, жакшы жашаган.

Баарындардын күчүк тобунан Солтоной мыкты көкбөрүчү болгон дешет. Кийин анын урпактарынан Эсенбек уулу Сүйүнбек, Надырбек районго белгилүү балбандар болушту.

Иманкулдун Эшенкулу «Чолпон» бут кийим тигүүчү фабрикасында цех башчысы болуп жүрүп, оорудан каза болду. Уулу Азамат азыр Бишкекте. Техникалык кесип окуу жайларынын бирин жетектейт. Турсункулдун Эсиркеби Токмоктогу техникалык окуу жайын бүтүрүп чыккандан кийин көп жылдар бою Жалал-Абад облусунда иштеп, кийинчерээк Таласка келип, Жоон-Дөбөдөгү техникалык кесип окуу жайын башкарып, аны республикага таанытты. Ошондуктан ага педагогикалык ардак наам берилип, республикалык персоналдык пенсияга чыкты.

Кулмамбеттин Собуру балбандыгы менен белгилүү болгон. Трактор айдады, темир уста болуп иштеди. Төрөкулдун

Жармамбети колхоздо төрага болду. Кийинчерээк тамеки кабыл алуу жайында иштеп жүрдү. Анын иниси Мусамамбет мектептин директору, география сабагынан берген мыкты мугалим катары таанылды. Анын уулу Замиркул көп жылы чарбада прораб болуп, кийин Чыукент айыл өкмөтүн башкарды.

Момбектин уулу Максымбек чарбада экономист, кийин райондун банкын башкарды. Анын иниси Макулбек «Бакайыр» совхозунда башкы агроном болуп, ушул кезде райондук үрөн лабораториясынын башчысы.

Баяман, Эламан. Жээнмырзадан Азизбек, Сыргабек, Курманбек. Азизбектен Автандил. Тажимырзадан Алмамбет, Айбек. Жапарбектен Чубак, Эрнист. Алимырзадан Мирбек, Кебелбес, Кыялбек. Нурмырзадан Баястан. Назаркулдан Анвар, Жеңиш, Таалай. Анвардан Сейитбек. Жеңиштен Нургазы, Шергазы, Бекболсун. Таалайдан Талант, Талгат, Манас.

Ормоштон Орункул. Орункулдан Төрөкул, Чолпонкул, Стамкул. Төрөкулдан Кубаныч, Мирбек, Курманбек, Жалилбек. Чолпонкулдан Дуулатбек, Бактыбек, Толкунбек. Стамкулдан Равшанбек, Дооронбек.

Осмондон Камчыбек, Куба. Кубадан Сатымбай. Андан Тиленберди, Темирбек, Болотбек, Замирбек. Болотбектен Кутберди.

80 жаштагы анабаарын Ибраим айтат:

– Атам Байтик Таластан өгүздөрү, арабасы, койлору менен келген экен. Соодагерчилик кылган. 300 кой айдап келип, Заркенттеги базарда сатып жатса кызыл аскерлер талап алышыптыр. Анан атам Арстаналы Осмонбековго айтып, ал баарын алып берген экен.

Аксыдагы анабаарындардын, саргашкалардын ичинен элге белгилүү окумуштуулар, врачтар, учкучтар, белгилүү кызматчылар чыккан. Алардын айрымдарын атасак, Нарбаев Акбаралы тарых илимдеринин кандидаты. Ош мамлекеттик

университетинде көп жылдар бою декан, проректор болуп иштеген.

Иманбеков Байызбек – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор. Бишкектеги улуттук университетте дарс окуйт. Бир нече педагогикалык китептерди чыгарган.

Ботобеков Арстаналы – экономикалык илимдердин кандидаты. Москвадагы кооператив институтун бүтүргөн. Англис тилинде эркин сүйлөйт.

Тойматов Самат Шакиевич – медицина илимдеринин кандидаты, хирург. Саламаттык сактоо министрлигинде хирургия бөлүмүн жетектейт.

Турсункулов Асан Аман уулу – республикага таанымал чоң сүрөтчү, портретчи. Республикада бир нече жеке көргөзмөлөрү болгон.

Мырзыраимов Сансызбек Эрназар уулу – белгилүү сүрөтчү. Г.Айтиев атындагы музейде сүрөт көргөзмөсүн уюштурган. Сүрөттөрү Франция, АКШ, Канада, Россиядагы көргөзмөлөргө коюлган.

Мадыраимов Сапарбек – педагогика илимдеринин кандидаты. Ош мамлекеттик университетинин педагогика факультетинин деканы.

Нарбаев Нуралы Акбаралы уулу – учкуч. Иордания, Суданда иштеп келген. Азыр «Эсен-Эйр» авиакомпаниясында.

Жандаров Айталы Дадабай уулу – «Правда» газетасында иштеген. Азыр пенсияда. Москвада жашайт.

Жоробаев Сүйөркул Салы уулу – белгилүү курулушчу. «Даңк» орденин алган. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде иштейт.

# Баарындардын Саргашка тобу




# Баарындардын Күчүк тобу



## БААРЫНДЫН АЧА ТАМГАСЫ

**Байбарпыдан** Андакул. Андан Акжол. Андан Абыл, Коноке.

**Абылдан** Чынык, Кырбаш.

**Чыныктан** Телибай, Шооруk, Карагул, Каработо.

**Телибайдан** Сейталы, Султан, Шапак. Сейталыдан Аалы, Жоробек.

**Султандан** Абдывали. Шапактан Өмүркул, Ашыркул. Ашыркулдан Анаркул. Андан Эркебай.

**Шооруктан** Таласбай, Стамбек. Таласбайдан Жолдош. Андан Сапаралы, Айткул. Айткулдан Бакир, Закир. Бакирден Байтур. Закирден Заркун.

**Стамбектен** Бөкөбүл, Өзбек. Бөкөбүлдөн Эмербек, Эркин, Өмүрбек. Эмербектен Бактыбек, Урматбек. Бактыбектен Мирлан. Урматбектен Руслан, Адилет. Эркинден Манас, Семетей, Рахым. Рахымдан Баяман. Өмүрбектен Азамат. Андан Нурамир, Алишер, Орозмамбет. Өзбектен Акмат.

**Карагулдан** Мусурман, Кайнар. Мусурмандан Райымкул. Андан Сыдыгалы, Умар. Сыдыгалыдан Сулайман. Андан Максат, Марат, Кубат. Умардан Адилкан, Мелис, Акылбек. Адилкандан Кутман, Темирлан, Нурлан. Мелистен Радик, Марлис. Акылбектен Рамис, Ринат. Кайнардан Текеш, Райымбек. Текештен Байызбек, Жанышбек, Анарбек. Байызбектен Орозбек, Масалбек. Орозбектен Мирхат, Мисирхат, Урмат, Мурат. Мисирхаттан Эмир, Эдил. Мисирхаттан Адилет, Акниет. Урматтан Эмил, Жалил. Масалбектен Асхат, Исхак, Ильяс. Асхаттан Медер, Алишер. Анарбектен Акимбек, Рахимбек, Эркин. Акимбектен Данияр. Рахимбектен Дастан. Райымбектен Калдымбай. Андан Табалды, Амангелди, Рыскул, Рысбек, Кенжебек. Табалдыдан Жумабек, Азамат, Адилет. Амангелдиден Ормонбек, Улукбек. Рыскулдан Өмүрбек, Нурбек, Жылдызбек, Чыңгыз, Чымырбек. Рысбектен Айбек, Тынчтык, Самарбек, Райымбек. Кенжебектен Темирлан.

**Каработодон** Үркүмбай, Кошой. Үркүмбайдан Байсаба, Байсал, Токсонбай. Байсалдан Мадымар. Андан Айтыкул. Андан Муктар, Рашид. Токсонбайдан Аманкул. Андан Кубат, Жыргал, Бексултан. Кубаттан Талант, Нурсултан, Кубандык. Жыргалдан Канат, Жанат, Жаныш, Байыш. Бексултандан Данияр, Калыйнур.

**Кошойдон** Токтоназар. Андан Кушубак, Шаршенбай. Кушубактан Молдобек, Акимбек, Акунжан, Акматжан. Молдобектен Мухамадали, Сейитбек, Мамытбек, Муратбек. Мухамадалиден Султанбек, Станбек, Алишер. Сейитбектен Бекзат. Мамытбектен Рахман. Акимбектен Абдимитал, Нурак, Жанболот, Нуркан, Нурболот. Абдимиталдан Бекболсун, Нурактан Бакберди. Акунжандан Нурман, Мирлан. Нурмандан Нургазы. Мирландан Нуржигит. Акматжандан Максат, Кайрат. Шаршенбайдан Ашырбек, Ашымбек, Рүстөмбек, Майрамбек, Куттубек, Сүйүтбек. Ашырбектен Асылбек, Равшан, Асан, Үсөн. Асылбектен Абдинаби, Адемир. Рүстөмбектен Абдиназар, Эржан. Майрамбектен Уланбек. Куттубектен Ырыскелди, Бактияр. Сүйүтбектен Бакдөөлөт, Данияр.

Стамбек уулу Бөкөбүл сөзгө чечен, сүйлөгөндө көздөрү күлүңдөп, бети нурданып турчу. Киши менен азилдешкенди жакшы көрүүчү. Согуш жылдарында колхоздо бригадир болуп иштеди. Карыган чагында соода кылып Жамбылга, Аксыга каттап турду. Ал Тейиштин Мырзабеги менен коңшу жашады. Мырзабек айылга согуштан кийин көчүп келип, бөөт-чөөт там салган. Бөкөбүл айтат: «Бир күнү жамгыр жаап турат. Мырзабек эмне кылып олтурат болду экен. Эрмектешип келейин деп үйүнө келсем, комуздун дыңгыраган үнү чыгат. «Мырзабек комуз билчү эмес эле, кайдан үйрөнүп алган» деп үйүнө кирсем, Мырзабегим үйдүн бурчунда үңкүйүп отуруптур. Тамынын кире беришине дагырасын, анын бери жагына чылапчынын, анын жанына челегин, андан берирээк чарасын, анан табак, пиялаларын жайнатып коюптур. Тамдын шыбынан тамган тамчылар бирин кыңгыратып, бирин

дыңгыратып, бирин чопулдатып, дагы бирин топулдатып таамп өзүнчө эле бир күү чертилип жатыптыр. «Ээ, Мырзабек, мен сени комуз чертип олтурган экен десем, бүрүшүп үшүп калгансың го. Жүр, үйгө барып, жылынып чай ичип кел» деп ээрчитип кеттим». «Жайдын күнү Тайчынын үйүнө бардым. Чымындары семиз, тим эле манектей-манектей. Анан Мырзабектин үйүнө барсам чымындары арык, араң эле кыңылдап учат», – деп эл ичинде олтурганда Мырзабекти азилдесе, ал үн дей албай олтуруп берчү.

Бөкөбүл абамдын аялынын төркүндөрү төмөн тамгалык таялымыштар. Бир күнү кулагы кесик эшегин минип, райондун борборундагы базарга баратса Чоң Ойдо аркасынан үч-төрт кайниси ат минип шаракташып жете келишет. Арак, бозо ичишип, чечекейлери чеч. Жездеси Бөкөбүлдүн кулагы кесик эшегин көрүп, тийишип, шылдыңга алышат.

– Ээ, жезде, эшегиңиздин бир кулагы эмне үчүн кесилген?

– Ээ, кайнилерим! – деп күлүңдөп, шашпай сүйлөйт. – Өгүнү кайнилеримдин бири эки-үч ортогу менен үйгө айылдап келип калыптыр. Кызуу экен. «Жезде, ичибиз ачышып, ысык куурдак жегибиз келип турганынан сиздикине кайрылдык дейт. «Мейли, отургула, Расия жеңеңер куурдак жасап берсин дедим. Анан эт таба албай Расия жеңеңер ушул эшегимдин бир кулагын кесип алып куурдак жасап берген, – дейт. Бул сөздү уккан кайнилеринин шарактаган күлкүлөрү дароо тыйылып, сөз таба алышпай, аттарын камчылап жүрүп кетишиптир. Бөкөбүл абам эшегин кыдыңдатып, ичинен кыңылдап коюп базарга өзүнчө жете барыптыр.

Ал кишинин дагы бир сөзү эсимде калыптыр. Бөкөм айтат: «Менин Расия байбичем аябай уста. Мага бир келишкен сары тон жасап берди. Жамбылга баргыча ырдап барат, келгиче ырдап келет. Ошентип эч эриктирбейт». Көрсө, Бөкөмдүн тону жакшы ийленбеген териден тигилгендиктен кийип басканда куудурап турчу экен.

Райымкул уулу Сыдыгалы согуш жылдарында колхоздун

төрагасы болду. Анын уулу Сулайман политехникалык институтту бүтүрүп, көп жылдар бою транспорт министрлигинде жооптуу кызматтарда иштеп пенсияга чыкты. Текеш уулу Жанышбек партиянын Покровка райондук комитетинин үчүнчү катчысы болуп иштеди. Байызбек уулу Орозбек Фрунзедеги айыл чарба институтун бүтүргөндөн кийин совхоздордо башкы зоотехник болуп жүрүп, кийин Көк-Сай совхозун башкарды. Анан партиянын Киров райкомунун экинчи катчысы, кийин Талас райкомунун биринчи катчысы болуп үзүрлүү иштеди. Партиялык ишмердүүлүктөн чарбага өтүп, Лущихин атындагы асыл тукум кой өстүрүү заводунда узак жылдар бою директорлук кызматты аткарды. Кыргыздын уяң жүндүү коюнун мекени болгон бул заводдун баркы анын тушунда бийик көтөрүлүп, Австралиядан келген кочкорлор менен кыргыз уяң жүндүү койлорун аргындаштыруу ийгиликтүү жүргүзүлгөн.


Орозбек Байызбек уулу

Анарбек уулу Акимбек Бишкектеги искусство институтун бүтүрүп, маданият министрлигинин жооптуу кызматтарын аткарып келатат. Анарбектин дагы бир уулу Рахимбек англис тилинде эркин сүйлөйт. Ал көп жылдардан бери Кумтөр алтын кенинде канадалыктар менен иштешүүдө.

Чынык уулу Каработо бий болгон. Кийин анын уулу Үркүмбай да бий болуп шайланган. Кошой уулу Токтосун (Токтоназар) бир нече жыл старчын болуп жүрүп, анан бий болду. Ошондуктан Кеңеш өкмөтү чыкканда куугунтукталып, үй-бүлөсү менен Аксы тарапка ооп, өзбектердин арасында жашап, анын уулдары кечээ жакында 1960-жылдары Таласка, баарын туугандардын арасына көчүп келишти.

Кушубак сөзмөр, ордону сүйгөн киши эле. Шаршенбай көп жыл чарбанын койлорун багып, алдыңкы чабандардын катарына кошулду. Кийин имам болду.


Байбарпы
Андакул
Акжол
Абыл
Коноке
Чынык
Кырбаш
Телибай
Шооручк
Карагул
Каработо
Сейталы
Султан
Шапак
Таласбай
Стамбек
Мусурман
Кайнар
Аалы
Жоробек
Өмүркул
Ашыркул
Жолдош
Бөкөбул
Өзбек
Райымкул
Текеш
Райымбек
Анаркул
Сапаралы
Айткул
Эмербек
Эркин
Өмүрбек
Акмат
Сыдыгалы
Умар
Калдымбай
Эркебай
Бакир
Закир
Азамат
Сулайман
Байызбек
Жаныш бек
Анарбек
Табылды
Аманкелди
Рыскул
Рысбек
Кенжебек
Байтур
Заркун
Бактыбек
Урматбек
Манас
Семетей
Рахым
Максат
Марат
Кубат
Орозбек
Масалбек
Акимбек
Рахимбек
Эркин
Азамат
Жумабек
Адилет
Темирлан
Мирлан
Руслан
Адилет
Самат
Баяман
Нурамир
Алишер
Орозмамбет
Адилкан
Мелис
Акылбек
Асхат
Исхак
Ильяс
Данияр
Дастан
Ормонбек
Улукбек
Айбек
Тынчтык
Самарбек
Райымбек
Кутман
Темиркан
Нурлан
Радик
Марлис
Рамис
Ринат
Мирхат
Мисиркат
Урмат
Мурат
Медер
Алишер
Өмүрбек
Нурбек
Жылдызбек
Чынгыз
Чымырбек
Эмир
Эдил
Адилет
Акниет
Эмил
Жалил

*Уландысы*


Байбарпы
Андакул
Акжол
Абыл
Коноке
Чынык
Кырбаш
Телибай
Шоорук
Карагул
Каработо
Үркүмбай
Кошой
Байсаба
Байсал
Токсонбай
Токтоназар
Кушубак
Шаршенбай
Мадымар
Аманкул
Айтыкул
Кубат
Жыргал
Бексултан
Муктар
Рашид
Данияр
Калыйнур
Талант
Нурсултан
Кубандык
Канат
Жанат
Жаныш
Байыш
Молдобек
Акимбек
Акунжан
Акматжан
Ашырбек
Ашымбек
Рустембек
Майрамбек
Куттубек
Сүйүтбек
Уланбек
Асылбек
Равшан
Асан
Үсөн
Мухамадали
Сейитбек
Мамытбек
Муратбек
Абдимитал
Нурак
Жанболот
Нуркан
Нурболот
Нурман
Мирлан
Абдынаби
Адемир
Абдиназар
Эржан
Ырыскелди
Бактыяр
Нургазы
Нуржигит
Бекболсун
Султанбек
Станбек
Алишер
Бекзат
Бакберди
Максат
Кайрат
Бакдөөлет
Данияр
Рахман

## АЧА ТАМГАНЫН КЫРБАШ АТАДАН ТАРАГАНДАРЫ

**Кырбаштан** Кожояр, Меңдияр.

**Кожоярдан** Тооке, Тейиш, Бекбоо.

**Тоокеден** Нуралы, Сары, Осоке.

**Нуралыдан** Кабылбек. Андан Базарбай. Андан Тууганбай, Курманбай, Чолпонбай, Рыскулбек, Таалай, Максат, Бактыбек. Курманбайдан Айбек, Жылдызбек. Рыскулбектен Нурсултан, Бексултан, Тариел. Максаттан Бообек. Бактыбектен Тилек.

**Сарыдан** Абакир, Сейдасим. Абакирден Кадыр, Адыл, Эмилбек, Замиш. Кадырдан Ахат, Махмут. Махмуттан Санжар. Адылдан Тахир, Захир, Бакир. Эмилбектен Нурмамбет, Нургазы, Нурсултан, Бактияр. Сейдасимден Бообек, Нуркалый, Нуржан, Нурбек, Мирбек. Бообектен Медербек. Нуркалыйдан Нурсейит, Нуржигит. Нуржандан Бектемир, Султан, Эржан. Нурбектен Чыңгыз, Илгиз. Мирбектен Азимбай.

**Осокеден** Тайчы. Андан Шаршенбек, Жумабек, Кенжегул. Шаршенбектен Нурдин, Мирлан. Нурдинден Рустам, Адилет, Арген. Мирландан Бакдөөлөт. Жумабектен Нурбек. Андан Айтеңир. Кенжегулдан Алмаз, Марлис.

**Тейиштен** Мырзабек, Жапак, Чымырбай. Мырзабектен Болотбек. Андан Ысмайыл, Абас, Өмүрбек. Абастан Фархад, Мирхат, Адилет. Өмүрбектен Мирлан. Жапактан Анарбек. Андан Мирбек, Нурбек, Нурлан. Мирбектен Адилет. Чымырбайдан Ызак.

**Бекбоодон** Тургунбай. Андан Ажыбай. Андан Ажыгул. Андан Бакыт, Турдубек, Токтосун. Бакыттан Улан. Турдубектен Бектур, Бабур.

**Меңдиярдан** Балбак. Андан Кошон. Андан Жамалбек, Айтиш. Андан Анатай, Анарбек, Рысбек, Жамалбек. Анатайдан Канат, Марат. Анарбектен Рустам. Рустамдан Камил. Рысбектен Казыбек.

**Жайылдан** Бердалы. Андан Айдаркул, Анаркул. Айдаркулдан Сүйүнбай. Андан Тынчтык, Азиз, Улук, Нургазы, Шергазы. Тынчтыктан Темирлан, Мирлан. Азизден Нурсултан, Ислам, Нурлан. Улуктан Элдар, Эйнар. Нургазыдан Диас. Шергазыдан Бекзат, Байэл, Нурэл. Анаркулдан Мелис.

Андан Айбек. Андан Нурсултан, Бекзада.

Кошон уулу Айтиш районго таанымал киночу болуп «Тарзан» деген кинону күрүлдөгөн моторду иштетип, клубду элге шыкап көрсөтүп, элге жакшы кызмат кылды. Райондун көп чарбаларын байма-бай кыдырып, көп сандаган кинофильмдерди көрсөткөн. Анын уулдарынын ичинен Анарбек Кошонов аскер кызматында иштеп, генерал-майор чинине ээ болду. Москвадан М.В. Фрунзе атындагы аскердик Академияны бүтүрүп чыкты.



*Анарбек Айтиш уулу Кошонов*

Мотоаткычтар полкунун командиринин орунбасары-штабдын начальниги, Кыргыз Республикасынын ички иштер армиясынын командачысынын биринчи орунбасары, 1-бригаданын командири болуп иштеген. 1997–98-жылдары Россиянын Генералдык Штабынын аскердик Академиясын бүтүргөн. 1998-жылдан Кыргыз республикасынын Коргоо, спорт-техникалык уюмунун Борбордук комитетинин төрагасы. «Ардак белгиси» Россия федерациясынын «Эмгек сиңиргендиги үчүн» ордени, СНГнин «Эмгек сиңиргендиги үчүн» ордендери жана көптөгөн медалдар менен сыйланган.

Анын тушунда Талас, Ош жана башка облустарда ДОСААФтын азыркы заманга ылайыкталган эки кабаттуу кооз жана мыкты мектептери салынды.

Тайчынын уулу Шаршенбек колхоздо топоз бакты, чабан болду. Кийинки жылдары ширетүүчү болуп иштеди. Анан дин жолуна түшүп, айылга имам болуп, 2008-жылы Меккеге ажылыкка барып келди. Мырзабектин Болотбеги да малда иштеп, кийин механизатор болду. Жапактын Анарбеги мыкты механизатор болуп, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине бир жолу депутат болуп шайланган.

Ажыгулдун уулу Турдубек көп жылдардан бери өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Ош облустук бөлүмүндө жооптуу кызматта иштейт.


Акжол
Абыл
Коноке
Чынык
Кырбаш
Кожояр
Меңдияр
Тооке
Тейиш
Бекбоо
Балбак
Кошон
Тургунбай
Жамалбек
Айтиш
Ажыбай
Ажыгул
Нуралы
Сары
Осоке
Мырзабек
Жапак
Чымырбай
Кабылбек
Абакир
Сейдасим
Тайчы
Болотбек
Анарбек
Ызак
Бакыт
Турдубек
Токтосун
Анатай
Анарбек
Рысбек
Жамалбек
Базарбай
Шаршенбек
Жумабек
Кенжегул
Ысмайыл
Абас
Өмүрбек
Мирбек
Нурбек
Нурлан
Улан
Бектур
Бабур
Канат
Марат
Рустам
Казыбек
Камил
Тууганбай
Курманбай
Чолпонбай
Рыскулбек
Таалай
Максат
Бактыбек
Тилек
Бообек
Нурдин
Мирлан
Нурбек
Алмаз
Марлис
Мирлан
Адилет
Бакдөөлет
Айтеңир
Фархад
Мирхат
Адилет
Рустам
Адилет
Арген
Жайыл
Бердалы
Айдаркул
Анаркул
Сүйүнбай
Мелис
Айбек
Нурсултан
Бекзада
Кадыр
Адыл
Эмилбек
Замиш
Тынчтык
Азиз
Улук
Нургазы
Шергазы
Ахат
Махмут
Санжар
Нурмамбет
Нургазы
Нурсултан
Бактияр
Тахир
Закир
Бакир
Бообек
Нуркалый
Нуржан
Нурбек
Мирбек
Медербек
Нурсейит
Нуржигит
Бектемир
Султан
Эржан
Чыңгыз
Илгиз
Азимбай
Темирлан
Мирлан
Элдар
Эйнаар
Диас
Бекзат
Байэл
Нурэл
Нурсултан
Ислам
Нурлан

## АЧА ТАМГАНЫН КОНОКЕ ТОБУ

**Конокеден** Калыгул, Казыгул. Калыгулдан Чүңкөлөй. Андан Үмөтбек. Үмөтбектен Абасбек, Көчкөнбай, Асанбек, Койчуман, Тойгонбек. Абасбектен Бекей, Жолдошбек, Замир, Жоомарт. Жолдошбектен Жанарбек, Жоодарбек. Жанарбектен Алымбек. Замирден Иманбек, Султанбек, Ырыскелди. Султанбектен Искендер. Жоомарттан Ынтымак. Көчкөнбайдан Буудайбек, Суусарбек. Буудайбектен Барман, Муканбет, Союз, Талант, Мурат. Бармандан Айдин. Муканбеттен Жеңишбек, Жаныбек, Бекзат. Суусарбектен Канат, Марат. Асанбектен Сарпбек, Багышбек, Тимур, Алмаз, Таалайбек. Сарпбектен Талгат, Канат, Азамат. Багышбектен Ислам, Руслан, Рустам, Бек, Нурсултан, Бексултан. Исламдан Айтегин. Русландан Айтеңир. Рустамдан Айдин. Нурсултандан Адил. Алмаздан Бакыт, Мирлан. Таалайбектен Ирлан. Тойгонбектен Бактыбай, Жылдыз. Бактыбайдан Адилет, Канымет, Базарбай, Нуржигит. Жылдыздан Нурболот, Бакболот.

**Казыгулдан** Атансарт. Андан Мамат, Тоялы, Баян.

**Маматтан** Дегенбай, Дөнөн. Дегенбайдан Алтымыш. Андан Кубат.

**Дөнөндөн** Маман. Андан Чыныбек, Таалай, Кенжебек. Таалайдан Жакшыбек, Кадырбек. Кенжебектен Эрмек.

**Баяндан** Жалбы, Кулжабай, Дооронбай.

**Жалбыдан** Асылбек. Асылбектен Төрөбек, Зулпукор, Эркинбек, Дүйшөнбек. Төрөбектен Сүйүнбек, Дилдебек, Бакыт, Урмат, Медербек, Мирлан, Илич. Сүйүнбектен Нурдин, Алмаз, Улан. Нурдинден Нурмухаммед, Усман. Алмаздан Дастан, Ислам. Бакыттан Жакшылык. Урматтан Самат. Зулпукордон Молдобек, Раман, Руслан, Рүстөм, Орозбек. Рамандан Адыл. Русландан Темирлан. Дүйшөнбектен Курманбек, Нурлан, Мирбек.

**Кулжабайдан** Иманбек, Кемел, Чотон.

**Дооронбайдан** Аламан, Атамат, Абдрасул.

**Коондуктан** Малдыбай. Андан Төөчүбай. Андан Дербиш, Кожомкул, Алымкул, Батыркул. Дербиштен Марс, Ильяс. Кожомкулдан Нурзат, Мирзат. Нурзаттан Медер. Алымкулдан Калыс, Жолдош. Батыркулдан Кубаныч.

Чүңкөлөй уулу Үмөтбектин атасы жашында өлүп, анын апасын аталаш тууганы Тоялы алып, Үмөтбек Тоялынын үйүндө өсүп-өнүп, кийин айылдын мыктыларына кошулуптур. Үмөтбектин Абасбеги согуштан келгенден кийин көп жылдар бою мугалим болуп иштеди. Кара-Бууранын оозундагы жети жылдык мектепте мугалим болуп иштегенде биздин Чыукент айылынан жөө басып күнүн барып, күнү келип калчу дешет. Эки айылдын аралыгы бир жагы эле жыйырма чакырым. Ошондо Абас аке бир күндө 40 чакырымдан ашык жер басчу экен. Үмөтбектин Асанбеги атасына кошулуп колхоздун жылкысын бакты. Кийин бир катар колхоздордо бухгалтер болуп иштеди. Социалисттик Эмгектин Баатыры В.И.Улизко башкарган «Талас» колхозунда эле жыйырма жылга жакын башкы бухгалтер болуп эмгектенип, жакшы кадыр-сыйга ээ болгон.

Үмөтбек уулу Тойгонбек өмүр бою машина айдоочу, кийинчерээк гараж башчысы болуп жүрдү.

Казыгулдан тараган Дегенбай, Дөнөндүн урпактары ушул кезде Чоң Кара-Буура айылында жашашат. Жалбы уулу Асылбектин уулдары Ак-Жар, Аманбаев айылдарында жашайт.

Асылбек мыкты көкбөрүчү болуп, Кыргызстандын 25 жылдык тоюнда көкбөрү боюнча республикалык мелдешке катышып, өз чеберчилигин көрсөткөн. Анын уулдарынан Төрөбек көп жыл мугалим болуп иштеди.

Малдыбайдын төөсү көп болгон дешет. Ошондон уламбы жалгыз уулунун атын Төөчүбай коюптур. Төөчү акем согушка катышып келгенден кийин колхоздо актив болуп жүрдү, колхоздун малын бакты. Өзү сөзмөр, жомокчу, жакшы киши эле.


Коондук
Малдыбай
Төөчүбай
Дербиш
Кожомкул
Алымкул
Батыркул
Марс
Илияс
Кубаныч
Нурзат
Мирзат
Калыс
Жолдош
Медер
Байбарпы
(Ача)
Алдагол
(Андакул)
Акжол
Абыл
Коноке
Калыгул
Казыгул
Чүңкөлөй
Атансарт
Үмөтбек
Мамат
Тоялы
Баян
Абасбек
Көчкөнбай
Асанбек
Койчуман
Тойгонбек
Дегенбай
Дөнөн
Жалбы
Кулжабай
Дооронбай
Бекей
Жолдошбек
Замир
Жоомарт
Бактыбай
Жылдыз
Алтымыш
Маман
Асылбек
Иманбек
Кемел
Чотон
Сарпбек
Багышбек
Тимур
Алмаз
Таалайбек
Адилет
Канымет
Базарбай
Нуржигит
Нурболот
Бакболот
Кубат
Чыныбек
Таалай
Кенжебек
Төрөбек
Зулпукор
Эркинбек
Дүйшөнбек
Аламан
Атамат
Абдрасул
Жанарбек
Жоодарбек
Ынтымак
Жакшыбек
Кадырбек
Эрмек
Молдобек
Раман
Руслан
Рустем
Орозбек
Алымбек
Иманбек
Султанбек
Ырыскелди
Талгат
Канат
Азамат
Бакыт
Мирлан
Ирлан
Курманбек
Нурлан
Мирбек
Искендер
Буудайбек
Суусарбек
Ислам
Руслан
Рустам
Бек
Нурсултан
Бексултан
Суйунбек
Дилдебек
Бакыт
Урмат
Медербек
Мирлан
Илич
Барман
Муканбет
Союз
Талант
Мурат
Канат
Марат
Айтегин
Айтеңир
Айдин
Нурдин
Алмаз
Улан
Жакшылык
Самат
Адыл
Темирлан
Айдин
Нурэл
Жеңишбек
Жаныбек
Бекзат
Нурмухаммед
Усман
Дастан
Ислам

## АЧА ТАМГАНЫН КОТУРЛАР ТОБУ

**Жээнкулдан** Атабек. Андан Асыран, Шермат. Асырандан Иманалы, Өмүралы. Иманалыдан Умар. Андан Рысбек. Андан Абдрасул, Жолдошбек, Жаныбек. Шерматтан Сейталы, Эрмамбет. Сейталыдан Болотбек. Андан Расылкан, Кубанычбек, Мукан, Раат, Рашид, Рахат. Расылкандан Кубатбек, Кынатбек, Бексултан. Кубанычбектен Айбек, Мирхат, Тынчтык, Бекназар. Мукандан Арзымат, Азат. Рааттан Адилет, Бактыгул. Рашидден Ариет, Азирет, Алихан. Рахаттан Диас. Эрмамбеттен Токтомат. Андан Кушубек, Куттубек, Бактыбек, Таалайбек. Кушубектен Махмуд. Куттубектен Адилет. Бактыбектен Мирлан, Нурлан, Эрлан. Таалайбектен Эрслан.

**Майлыбайдан** Арууке, Ашыр. Аруукеден Эшамат. Андан Алтымыш, Алпамыш. Алтымыштан Ырысбай, Турсунбай, Талгат. Ырысбайдан Майрамбек. Турсунбайдан Каныбек. Талгаттан Жаныбек. Алпамыштан Муратбек, Туратбек, Кылычбек, Алмаз, Алымкул. Муратбектен Туратбек, Жеңишбек. Кылычбектен Ынтымак, Эрмек. Алымкулдан Бекназ, Нуржан.

**Ашырдан** Анарбай. Андан Чоюн. Андан Малик, Алик, Талип. Маликтен Алик, Шернияз.

**Байжигиттен** Үмөталы. Андан Чыналы. Андан Абдылдабек. Андан Токтосун, Бекболот. Токтосундан Дастан, Рахат. Бекболоттон Адис.

**Каражигиттен** Жайлоо. Андан Төрөгелди, Молтой. Молтойдон Сагынбек, Аманбай. Сагынбектен Таалайбек, Жыргалбек, Жылдызбек. Аманбайдан Бексултан, Нурсултан, Бактыяр. Бексултандан Элмир.

**Иманкулдан** Барманкул. Андан Баялы. Андан Арзымат, Чонтой.

**Арзыматтан** Бердалы, Бегалы, Танабай. Бердалыдан Султанбай.

**Танабайдан** Абылкасым. Андан Арстан, Үрүстөм. Арстандан Мухаммедумар.

**Чонтойдон** Саты. Сатыдан Айталы, Сапаралы. Сапаралыдан Турусбек, Сүйүналы, Садыралы. Турусбектен Эрболсун. Сүйүналыдан Кутмидин. Садыралыдан Алихан, Алишер

**Кудайбердиден** Сары. Сарыдан Андаш, Жүсүпбек. Андаштан Сатканкул. Андан Канат, Кайрат.

Жээнкулдун Атабеги бий болгон. Анын тушунда азыркы Чыукент айылы отуруктташкан жерге арык салынып ал «Атабек арык» деп аталып калган. Анын урпагынан Шермат уулу Эрмамбет узак жылдар бою чарбанын тамекичилик жагын башкарды.

Иманалы уулу Умар согуштан жарадар болуп келгенден кийин райондук сактык кассада иштеди. Түз жүргөн, адамгерчилиги жогору, мыкты адам эле.

Үмөталынын Чыналысы райондун жол курулуш бөлүмүндө иштеп, райондун борборунан Чыукент айылына чейинки жолду салдырып, ошол ишке башчылык кылыптыр. Жайлоо уулу Молтой чоң комузчу, кыл кыякчы, жамакчы, ырчы эле. Тактекени жакшы ойнотуучу. Көп жыл Чаткалда актив болуп жүрүп, айылга 60-жылдары келди. Кой бакты. Райондук, облустук, республикалык фестивалдарга катышып, алдыңкы орундарды ээлеп жүрдү.

Арзымат уулу Танабай молдо такыба киши эле. Айылдагы чачы өскөн жаш балдарды чогултуп алып, далай жолу чачыбызды алып берген.


Жээнкул
Атабек
Асыран
Шермат
Иманалы
Өмүралы
Умар
Рыспек
Абдрасул
Жолдошбек
Жаныбек
Дүйшө
Сейталы
Эрмамбет
Болотбек
Токтомат
Расылкан
Кубанычбек
Мукан
Раат
Рашид
Рахат
Кубатбек
Кынатбек
Бексултан
Арзымат
Азат
Адилет
Бактыгул
Дияс
Айбек
Мирхат
Тынчтык
Бекназар
Ариет
Азирет
Алихан
Кушубек
Куттубек
Бактыбек
Таалайбек
Махмуд
Адилет
Эрслан
Мирлан
Нурлан
Эрлан
Байжигит
Үмөталы
Чыналы
Абдылдабек
Токтосун
Бекболот
Дастан
Рахат
Адис
Каражигит
Жайлоо
Төрөгелди
Молтой
Сагынбек
Аманбай
Таалайбек
Жыргалбек
Жылдызбек
Бексултан
Нурсултан
Бактыяр
Элмир
Майлыбай
Арууке
Ашыр
Эшамат
Анарбай
Чоюн
Алтымыш
Алпамыш
Малик
Алик
Талип
Ырысбай
Турсунбай
Талгат
Муратбек
Туратбек
Кылычбек
Алмаз
Алымкул
Алик
Шерния3
Майрамбек
Каныбек
Жаныбек
Туратбек
Жеңишбек
Ынтымак
Эрмек
Бекназ
Нуржан
Иманкул
Барманкул
Баялы
Арзымат
Чонтой
Бердалы
Бегалы
Танабай
Саты
Айталы
Сапаралы
Султанбай
Абылкасым
Турусбек
Сүйүналы
Садыралы
Эрболсун
Арстан
Үрустөм
Мухаммедумар
Кудайберди
Сары
Андаш
Жүсүпбек
Алихан
Алишер
Кутмидин
Сатканкул
Канат
Кайрат

## АЧА ТАМГАНЫН КОТУРЛАР ТОБУ

**Оңгонбайдан** Таранчы. Андан Баймырза. Баймырзадан Малай, Токторалы. Малайдан Жумабай. Андан Козубак. Андан Мамыш, Нурбек. Мамыштан Фархад, Майрамбек, Мекен, Айдар, Мирбек. Фархаддан Нурдөөлөт. Айдардан Нурэмир, Алихан. Нурбектен Мирхат, Дуулат, Тынат. Токторалыдан Абдылда. Андан Мейманбек, Иманбек, Мүзүрөтбек, Сүйгөнбек. Мейманбектен Досбек, Бактияр. Досбектен Ызат, Асхат, Мырзаш. Бактиярдан Рыскелди. Иманбектен Миртемир, Мирлан. Миртемирден Нурсултан. Мирландан Нурдөөлөт. Мүзүрөтбектен Эрнисбек. Андан Бакай, Акай. Сүйгөнбектен Элдияр, Эралкан, Иса.

**Ашырдан** Садыралы, Сандыбай, Дөөлөталы. Садыралыдан Кенжебай, Көчөрбай. Дөөлөталыдан Барпыбек, Акылбек.

**Эрмектен** Кыдыралы, Самсаалы, Мүсүралы. Кыдыралыдан Байзак. Андан Сулайман. Андан Султанбек. Бөлөкбайдан Акмат. Андан Жеңишбек. Андан Нуркан, Нурлан, Нурдин, Нурбек. Таласбайдан Качкынбай. Мүсүралыдан Жумаш, Токсоба. Токсобадан Абдыжапар, Асан, Собон. Асандан Кубандык, Сагындык, Сүйүндүк, Мурат. Собондон Бекболот, Үмөталы, Рамил. Рамилден Жылдызбек, Жалалбек, Айдарбек.

**Шадыдан** Карбоз, Кудайберген. Карбоздон Бешкемпир, Осмон. Бешкемпирден Жүнүсбай, Тойгонбай, Талыкбай. Жүнүсбайдан Мамбет. Андан Мирзат, Жаныш. Осмондон Мыраис, Мырзан. Мырзандан Кеңешбек, Жанузак. Кеңешбектен Жапар, Капар. Жанузактан Самат, Канат.

Малай жаш кезинде Кокондогу хан ордодо жөнөкөй кызматтарда жүрүп, кийинчерээк келиптир. Анын уулу Жумабай шамдагай, балбан жигит болуп өсөт. Малай уулуна «келин алар убагың болду» деп айта берип жадатат. Анан бир күнү күтүлбөгөн эле жерден «Эртең келин алып келем» дейт да

көзү түшүп жүргөн Нур деген бийдин кызын алмак болот. Ал кыз кечкисин жеңелери менен сыртка чыкканда аңдып жаткан Жумабай күлүк аты менен чаап келип, кызды билектен алып өңөрүп ала качып кетет. Бийдин айылы чаңып, ким алып кетти экен деп издеп калышат. Өңөрүп качканда кыздын эки тиши сыныптыр. Бий кызын ала качып кеткен жигит баарындан экенин билип Ниязбек болушка арызданып барыптыр. Ошондо Ниязбек болуш айтыптыр: «Кызыңды Жумабайга окшогон жигитке бербегенде кимге бермексиң?» деп бийдин «баарындарды чабабыз» деген дымагын басып коюптур. Анткени Жумабай Ниязбек болуштун жигиттеринин биринен экен. Ошондо тиши сынган узун бойлуу, сымбаттуу кыз Ашыркүл эне болуп, өзү төрөбөсө да Токторалынын Абдылдасын чоңойтуп өстүрдү.

Жумабай эр жетип, кайрат-күчкө толгон кезинде казактардын бир чоң тоюнда эр сайышка кыргыздардан эч ким чыкпай койгондо Ниязбек болуш Жумабайды «Сен бир ишке жарап бер!» деп сураныптыр. Казактын баатыры алп денелүү, зор жигит экен. «Мейли!» деп Жумабай макул болот. Ага бир көк айгырды мингизмек болушат. Ошондо кушчулардан бир сынчы киши көк айгырдын куйругун сылап-сылап, анан эки колдоп өйдө кайрып жиберсе айгырдын бели кайкалай түшүптүр. «Бул айгырдын бели жарабайт, мен башка ат таап келип берем деп эл аралап жүрүп бир тору айгырды алып келиптир. Анан ошону токушту. Казактын балбанын кандай даярдап жатышканын көргөн саруулук жигит чаап келип «Айланайын Жумаке, тиги баатырдын киндигин мээле, ал жерге тердик жетпей ачылып калды» деп кабарлады. Биринчи кезек казак баатырыныкы болуп, анын найзасы Жумабайдын көкүрөгүн муштап өткөндө ал чалкалай түшүп, ээрдин кашын кармап араң калды. Башы айланкөчөк болуп, эси эңгиреди. Оо, бир топто барып эс алып, анан кайрат-күчүн жыйнап, намыстанып тору айгырдын этин ачыта камчыны

шыбап-шыбап алып чымын-куюн болуп казак баатырын качырып кирди. Найзанын түбүн ээрдин кашына такап, анын киндигин мээледи да чымыркаnып эки колдоп найзаны бек кармап жалтанбай тик карады. Бир маалда найза анын ээринин кашын жандай өтүп, киндикке күп эткенде тиги калдаң эте ала салып кетти... Ошондон кыргыздардын сүйүнгөндөн кыйкырган дабыштары анын кулагына өмүр өткөнчө сиңип калды...

Илгерки заман билеги жоондордун, куулардын, алдуулардын заманы эле. Анда алыс жактардан – казактарданбы, калмактарданбы жылкы тийип келип элин бакмай эрдик катары саналып, андай жигиттер баатыр аталган. Бир жылдары кургакчылык болуп, элдин турмушу кыйындап ачкачылык өкүм сүрөт. Ошондо Жумабай Боз теке деген мыкты атын минип, «тырмагыма бирдеме илинер» деп жоо-жарагын алып, жалгыз чыккан экен. Казактын ээн чөлүн кыдырып, сөксөөлдөрдүн арасынан бир да караан таппай жер кезип кете берип күн батарга жакын эс алайын деп атынын басмайылын бошотуп, бош коё берип өзү бир чоңураак сөксөөлгө сүйөнүп отурат. Бир аздан кийин кишенеген айгырдын үнү угулду. «Жылкынын үйүрү бар болсо керек» деген ой жылт этти. Бир аздан кийин жанагы айгыр дагы кишенеди. Ошондо анын үйүрүн чакырып кишенегенин, ал бир жерде жалгыз байланып турганын билди. Атын дароо кармап минип, дөңсөрөөк жерге чаап чыгып, эки жакты серептеп карап, обочороок жердеги боз үйдү, анын жанында кермеде байланып турган жылкыны көрдү. Бирөө-жарым байкап калбасын үчүн ал сай менен бастырып, үйгө жакындаганда атынан түшүп, анын буттарына кийиз байпактарды кийгизе койду да жетелеп алды. Кермеде байланган жалгыз жылкы келишкен сары кашка айгыр экен. Аңгыча үйдөн үч-төрт киши чыгып, аркы сайга түшүштү. Артынан бир ала дөбөт ээрчий кетти. Үйдөн көпкө чейин эч ким чыккан жок. Ошондо Жумабай сары кашка айгырга барып, анын кишенин чыгаруу менен алек боло баштады. Жарагын

оң колу жакка койду. Ошол учурда арка жагынан акырын басkан дабышты сезди. Ал аял кишинин басыгы экенин да баамдады. Бирок кылчайып койбостон өз ишин иштей берди. Бирок, жарагы менен бурула калып «чапсамбы-чаппасамбы» деп эки анжы ойго кептелди. «Ой, баягы Жумабай бир аялды чаап салыптыр» деген кепке калбайын деп намыстана түшүп, чабуудан айныды.

Ошондо «Арбаңыз, баатыр! Үйгө кирип, конок болуңуз!» деген назик үн угулду. Жумабай артын жалт карады. Ай чырайлуу, сымбаты келишкен сулуу кызды көрдү. Жумабай эмне дээрин билбей апкаарый түшүп, сулууну ээрчип үйгө кирди. Жоо жарагын таштабай, оң тизесине сүйөдү.

«Ээн жерден коркпой, жападан-жалгыз жүргөн анык көкжал кыргыз экен» деп Жумабайдын жүрөктүүлүгүн баалай билген кыз: «Бүгүн менин коногум болуңуз, төргө өтүңүз!» деп дасторконун жайнатып, кымыз куюп, жаңы эле бышкан эттен берип сыйлады. Аңгыча сырттан жылкычы жигит кирип, «Ойбой, бул жалгыз жүргөн ууру адам гой!» деп Жумабайды чоочуй карады.

Кыз «Андай сөзүңдү кой, бул менин кыргыз нагашым. Атайын издеп келиптир. Андан көрө бир токтуну алып келип сой. Конок кылабыз» деди. Жумабай жылкычыга «Алыс жолдо жеке жүргөн адам куралсыз жүрсө минген атынан ажырабайбы?! Ошон үчүн алып жүрөм» деп койду.

Ошентип Жумабай ал күнү конок болуп, эртеси жолго аттанар алдында кыз жылкычы жигитке, «Эки жыл туу калган кара бээни жетелеп кел!» деп буюрду.

Бээни алып келгенде аны Жумабайга жетелетип, кыз бир топ жерге чейин узатып чыкты.

– Баатыр, кечээ сиз алып кетейин деген сары кашка айгыр менин бир тууган агамдын аты. Кечээ жакында каза болду. Аны агамдын көзүндөй кылып, маңдайыма байлап багып отурум. Ал да сиздей эр жүрөк азамат эле – дейт кыз.

– Оо, асыл карындашым! Пейилиңе кулдук! – дептир анда Жумабай.

**Токжыргылдан** Чөгай. Андан Ужа. Андан Дабажап, Бакай. Дабажаптан Батай, Алтынбат, Дүйнөлжө, Чаржинбата, Кабыл Адил. Алтынбаттан Бабырай. Чаржинбатадан Бүйүн. Кабылдан Байынкичик. Адилден Станда.

**Бакайдан** Карагаш.

**Дөрбөлжүн насилдик кой фермасынын Майташ айылындагы баарындар:**

**Качкынбайдан** Чирип, Эрдене, Дене, Итике. Эрденеден Акиш, Шепжап, Бембидоржу, Чүла. Акиштен Берсин, Келсин. Берсинден Серикбол. Келсинден Бүрүмбек, Бейшен. Бейшенден Чолумбаты, Рахат, Төлөгөн. Чолумбатыдан Жеңишкан. Шепжаптан Майындара, Базындара. Майындарадан Эсбол.

Базындарадан Береке. Бембидоржудан Төрменди, Төрбайыр.

## ЧӨЙЧӨК ШААРЫНДА ЖАШАГАН БААРЫН БУХУНУН САНЖЫРАСЫ

**Бухудан** Ташчап. Ташчаптан Эркебат. Эркебаттан Серин.

Чөйчөк шаарында Оролбек Манжынын үйүндө жашап турдук. Анын уулу Єрөөн кыргызча так сүйлөйт экен. Ал Кыргызстандан ишкерлер менен алака кылып, Кытайдын ички чоң шаарларына чейин барып тилмечтик кылат.

Оролбек Манжы төрт ыр жыйнагын даярдаптыр. Бир дагы жыйнагы басмадан чыга элек. Биз барганда ал генерал Искахбек Мониев жөнүндө жазган поэмасынан үзүндү окуп берди.

– Искахбек Мониев тирүү болгондо кыргыздардын бардыгынын башын кошуп, Иледен жер бөлдүрүп алмак. Бирок ал бул тилегине жетпей калды. Эми менин максатым Искахбектин эстелигин тургузуу. Чөйчөктө парк бар. Аны Искахбек жоокерлери менен тиккен. Илгери ал жерге чоң таштан эстелик коюлган эле. Кийин аны алып ташташып, кыштан тургузулган белги коюшту. Биз анын ордуна чоң эстелик тургузуу керек деп эсептейбиз, – дейт Оролбек.

– Биз Чөйчөк шаарынын паркын аралап Искахбекке коюлган жөнөкөй белгини көрдүк. Оролбек айткандай бул жерге татыктуу эстелик тургузуу керек экен.

Оролбек кыргыздардын тагдырын ойлогондо көзүнөн буурчактап жаш агат. Экөөбүз түнү менен сырдашып сөзгө кандык. Ага мен Кыргызстанда генерал Искахбек Мониев жөнүндө китептер жазылып, радиотеледен айтылып, кечелер өткөрүлүп жатканын жана анын бир туугандары, неберелери, урпактары көп иштерди аткарганын айтып бердим. Ал Искахбектин урпактары менен таанышсам дегенде эки көзү төрт.

Биз Шинжандын түштүгү менен түндүгүн түрө кыдырып, өзүбүздүн бир боор туугандарыбыздын баарына жолуга

албагандыгыбызга кейидик. Көрсө алар көп кылымдар бою эл-журтунан ажырап, көп элдин арасына сиңип баратышкан экен. Казакча сүйлөп, башка динди кабыл алып, улуттук касиеттерин жогото баштаптыр.

XV кылымдарда баарындар Шинжан жеринде көрүнүктүү роль ойногон. Кашкар, Ак-Суу, Жаркен шаарларында бийликке аралашкан. Замандын өзгөрүүсү менен ошол убактагы баарындардын урпактары каякка сиңип кетишти? Ушуларды ойлоп кайгыга батып, мындай бир ыр жаздым.

Издеп келип бир боорумду эңсеген,
Таптым мында Сарбагыш, Мундуз, Баарынды.
Кучак жайып тосот десем кубанып,
Кайран жүрөк кайгы-муңга малынды.

Тилиң кана, бир кезекте сүйлөгөн,
Үнүң кана, биримдикке үндөгөн.
Диниң кана, бир теңирге жалынып,
Арамдыкты, зулумдукту сүйбөгөн.

Алтай, Кангай, Ала-Тоону мекендеп,
Бүркүт элең шаңшып учкан чокудан.
Бүгүн баарын чар тарапка чачылып,
Карга болдуң ат тезегин чокуган.

Ээ Кудайым, адамзатты жараттың,
Эң бир асыл, шыңгыраган ылайдан.
Күлүп келип, күйүп кетип баратам,
Күн чыккан жер, эң байыркы Кытайдан.

Бөлүнгөндү бөрү жеген ушубу?
Босогоңду аттаганда бут тайган.
Ырдап келип, ыйлап кетип баратам,
Ырыс менен таалай конгон Кытайдан.

«Баарындар» санжырасында Түрк урууларынын байыркы тарыхы кеңири айтылган. Аны көңүл коюп окуган ар бир адам азыркы кыргыздардын кайдан чыкканын биле алат. Азыркы кыргыз улутун кураган миңдеген ири жана майда уруулар байыркы кездерде бир тилде сүйлөп Азиянын талаа, тоолорунда көчүп-конуп жүрүшкөн. Башка ири элдер менен талашып-тартышып, далай жоолашкан.

Азыркы Кытайдын түндүк жагындагы тоо, талааларда жашаган көчмөн уруулар биздин байыркы, түпкү аталарыбыз болгон. Кытайлар Гунндар деп атаган, кийин Европага жер которуп, байыркы Римди жоолаган эл да биздин аталар болгон. Алардын баары бир тилде сүйлөшкөн. Мисалы, Гунндардын эң чоң уруусу Коён деп аталган. Бул азыр да биз күнүгө колдонуп жүргөн өз сөзүбүз эмеспи. Чыңгыз хан көп сандаган көчмөн урууларды бириктирип Кытай менен Европаны жана Түштүк Азияны багындырды.  Чыңгыз хан да, анын жоокерлери да байыркы түрк тилинде сүйлөшкөн. Азыркы халка моңгол тили XV-XVI кылымда ЧЖУРЧЖЭН-МАНЬЧЖУРлар Монголиянын аймагына оогондо калыпташкан. Ошондуктан Чыңгыз хандын убагындагы уруулардын бардыгы кандаш, бир боордош болушкан. Ал убактагы Наймандар, Керейлер, Дуулаттар, Кангылар, Баарындар азыр кыргыз менен казактардын арасында.

Чыңгыз хан балбан денелүү, сары чачтуу, көк көздүү болгон. Анын байыркы атасы Бодончардан тарагандарды НИРУН дешкен жана алар ыйык саналган. Барлас тукумунан тараган Бодончардын 12-урпагы – Аксак Темир да куйкул чачтуу, көк көздүү болгон экен.

Баарындардын байыркы атасы да Бодончар!

## БАШКЫРСТАНДАГЫ БААРЫНДАР

Башкыр эли кырктан ашык аймактык-кландык бирикмелерден жана уруулардан куралган. Алардын курамында кыргыз, баарын, кушчу, кытай, кыпчак уруулары да бар.

Кыргыз уруусу Башырстандын түндүк-батышында жана чыгышында жайгашкан. Алар Бакалы, Илишев, Краснокамск, Туймазин, Шаран райондорундагы 49 айылды негиздешкен. Кыргыздар Татар республикасынын Актаныш, Баблин, Ютазин райондорунда да жашап турушат.

Илишев районундагы Көк тоо айылынан табылган кыргыз уруусунун санжырасында уруунун түпкү атасы катары Калдар бий көрсөтүлгөн. Анын өз атасынын аты Жалын, чоң атасы Мангытай бий.

Калдар бий башка бир топ бийлер менен кошо Чыңгыз хандын өз колунан “Урааныңар- Арнау, тамгаңар- чөмүч, онгонуң- көгүчкөн, дарагың-сандал” деген жарлык алыптыр. Тарыхый булактарга караганда бул кыргыздар Башкыр жерине тогузунчу кылымда Улуу Кыргыз кагандыгынын батыштагы чеги эдил дарыясына чейин жеткен чакта келишкен. Ал эми Башкыриянын чыгыш райондорундагы кыргыздар он экинчи-он сегизинчи кылымдарда Энисейден ооп келишкен экен.

Насип буйруп уулум Азамат экөөбүз 2018-жылдын июль айында Башкырстандагы баарын туугандар менен таанышуу үчүн Уфага жөнөдүк. Ал жерден Башкырстанды спутниктик телеберүүсүнө бардык. Алар башкыр урууларынын тарыхы боюнча кызыктуу берүүлөрдү уюштургандыгы менен белгилүү. Теленин кызматкерлери бизди өтө жылуу кабыл алышып, Башкырстанда уруулардын тарыхын изилдөөгө өтө чоң маани берилгендигин айтышты. Мурдагы президент Рахимовдун демилгеси боюнча уюштурулган фонд Россия-

нын архивдериндеги байыркы кужаттарды изилдеп 17-18-кылымдардагы башкыр уруулары жөнүндөгү маалыматтарды чогултуп бир нече томдордон турган илимий материалдарды жарыялашкан. Ошолордун ичинде кыргыз, кушчу, кытай, баарын уруулары жөнүндөгү китептер да басылып чыккан.

Баарын-табындар, кара-табындар деген уруу менен аралаш жашап турушат экен. Алардын бул кезде мекендеп туруктуу жашап турган жер Түштүк Уралдын Учалы району экен. Бул райондун Түнгатар, Корама, Кужай, Картмуйнак, Малаймуйнак айылдарында баарындар жашайт.

Таксиге түшүп баарын туугандарга бат эле жетсек экен деп эңсеп бараттык. Башкыр жери токойлуу салкын келет экен, Урал тоолорунун кокту-колоттору, бел-белестери көркөм да, жашылда. Түркүн-түркүн асыл таштар баалуу кендери көп бул адырлуу тоолор жайытынын жайлуулугу менен да көп элдерди суктанткан.

Учалы шаары жабык шаар экен ошондуктан бул жакка уруксат менен гана кирүүгө болот. Ошондой болсо да бизге мүмкүндүк беришип, райондун акиминин орун басары Зухра Мамлетбаевна тосуп алып, жергиликтүү музейди көрсөтүп, бизди тииешелүү кишилерге дайындап койду. Алардын бири Фансур Шагиев 42 жаштагы тарых мугалими. Ал түрк урууларынын тарыхына кызыгып интернеттеги көп маалыматтар менен терең тааныш экен. Ал бизди баарындар жашаган бир нече айылдарга алып барды.

Старо Байрамгулова айылында жашаган Султамуратов Рафаэль Рауфовичтин үйүндө болдук. Аялы Рима Гаттауловна төшү күмүш тыйындарга толгон көйнөгүн кийип алыптыр.

Бул аялдарга төлөнгөн калыңдын бир бөлүгү - деди ал.

Биздин салтыбызда, тилибиз да, кийимибиз да башкырларга окшошуп калды- деди Рима.

Менин чоң атам Султанмурат, анын уулу Гариф полктун катчысы болуптур. Гарифтен Абдрауф. Абдрауфтан мен - Ра-



фаэльмин. Менин үч уулум бар. Алар Ринат, Радих, Рустам. Ринаттан Гулназ, Рифат. Радихтен Алсын, Гайсар, Рамил. Рустамдан Алтынай, Назгүл.

Түнгатар айылындагы баарын Вилданов Рафилдин үйүндө болгонубузда ал матага дарак түрүндө тартылган санжырасын көрсөттү. Анын түп атасы Кара шейх. Андан Асанхан. Асанхандан Тургай. Тургайдан Теңирберди. Андан Юлберди. Юлбердиден Акымбек. Акымбектен Бармак. Бармактан Барак. Барактан Хусейин (1720-ж). Хусейинден Габделсалам (1760-ж). Габделсаламдан Вилдан (1802-ж). Вилдандан Илаладдинмулла. Илаладдинмулладан Халим, Нурмухаммед, Ханиф, Юсуф, Габделхан, Шугайб, Абдулла деген жети уул болгон. Юсуфтан (1913-ж) Рамиль (1939-ж). Рамильден Рафиль, Дамир, Даниль. Рафилден Айнур, Артур. Данильден Динар, Даян, Дияс.

Рафиль тууганыбыз 1969-жылы туулган, кесиби тракторчу үлүшкө алган эки гектар жери бар, ага чөп өстүрүп, өзү чаап жыйнап алат. Онго жакын бодо малы, көптөгөн каз-өрдөгү бар, турмуш тирлиги жакшы. Рафилдин короосунун тегерегинде жаткан таштардын бир экөөнү кармап көрсөм, өтө

оор жана жылтылдак экенин байкадым. Биздин кадимки тоолордогу таштардан башкача-ушул таштардын баарында ар түрдүү асыл кендер катылган. Биздин тоолордун баары кенге бай-деди Рафиль.

- Биз кендин арасында жашайбыз.

Токойдун көптүгүнөн, жыгач материалдын арзандыгынан болуу керек, көпчүлүк үйлөр, сарайлар жыгачтан салынган. Чатырлары үч бурчтук түрүндө курулуп шифер менен жабылган малдарын токойчолорго, тоо этектерине айдап жиберишип, сыртынан гана көзөмөлдөп коюшат. Кечкуруун токойчодон өздөрү кааалгып чубап келишет. Кичинекей көлчөлөрдө каз-өрдөктөрү жүрөт. Жашоолору тынч, бакубат.

Адигул жана Старо-Байрамова айылдарынын четинде бийиктиги болжол менен 100 метр келген дөбө бар экен.

Бул дөбөнүн төбөсүндө касиеттүү олуя адамдын кабыры бар. Эл ага зыярат кылып, кадырлап, эскерип турушат- деди бизди жетектен жүргөн Фанур Шагиев.

2005-жылы Уфа шаарынан басылып чыккан Рауф Нсировдун “ Жети суунун башы” деген китебинде Түнгатар санжырасына көп орун берилген. Түнгатар өтө бай болгон экен. Млы көптүгүнөн эсепке албай карранын көрүп эле түгөл деп камырабаган.

Бул санжыра **Хупберди** деген кишиден башталат. Анын уулдары: Теңирберди, Югберди. Югбердиден Билдехед жана Кармыш. Билдехед кишиден Куткачык. Куткачыктан Түнгатар. Түнгатардан беш уул, Валиша, Сайет, Хамит, Йакуш, Алтай. Китепте ушул беш уулдан тараган уулдардын санжырасы берилген.

1900-жылдын башында Карим айылынын молдосу Осмон Азирет баш болуп калың дептерден китеп түптөгөн.1922-жылы Мулдакай айылынын Тугум аймагынан Гайазиддин Бедреддин уулу (1883- ж.туулган) ал китепти көчүрүп, жаңы маалыматтар менен толуктаган. Бул санжы-

рага 500 гө жакын кишинин ысымы жазылган. Ал баарын уруусунун 500 жылдык тарыхын түзгөн .

Бул санжыра мындайча башталат: " Биздин түпкү атабыз Букара шаарынан келген Барун Кара шейх болгон. Биринчи- Кара шейх, экинчи- Дули шейх, үчүнчү- Котло шейх, төртүнчү- Мунгах, бешинчи- Хажибуга, алтынчы- Мунсам, жетинчи- Жансам, сегизинчи- Асанбий, тогузунчу- Тургай. Уралдын күңгөй бетинде жашаган башкырт агайындар ушул Тургайдын балдарынан тарагандар.

**Тургайдын Исанбет** деген уулунан үч уул туулган. Биринчи- Камбар, экинчи-Көкүш. Тургайдын дагы Теңирберди деген уулу болгон. Теңирбердинин уулу Жусбирде. Анын уулу үчөө: Акымбет, Кырлач, Чары. Кырлачтан Корткачык. Чарыдан Юрмак.

**Корткачыктын** алты уулу болгон. Биринчи Түнгатар, экинчи- Азанбий, үчүнчүсү- Атка, төртүнчүсү- Жата, бешинчиси-Карамыш, алтынчысы- Мулдакай.

Корткачыктын улуу уулу Түнгатар, экинчиси Азанбий өз убагындагы белгилүү кишилерден болгон 1774-жылы Магнит слободасынан Ортожүс ханы Аблайга жардам сурап жиберилген эки элчи ошол Азанбийдин урпактары.

Емельян Пугачёвдун казак талаасына өтүп кетүү ою болгон. Ал Аблай ханды өз тарабына тартуу ниети менен ага эки белгилүү, абройлуу кишисин жиберген анын бири- старшина Шүкүр Абзанов, экинчиси анын иниси Урак.

Э. Пугачёв жиберген элчилер 1774-жылы май айынын башында жолго чыгып, Йамбет, Сарытургай сууларынын боюндагы казак тарханы Жаныдаутка жолугуп, андан кеңеш сурашкан. Эки элчи Аблай ханга барып ал жайды айтып, анын-"жардамга кырк миң жоокер жиберем" деген убадасын алып кайтышкан. Алар Уйск станитсасына кайрылып анан троицк шаарын жетишет. Алар келгиче Э. Пугачёвдун көтөрүшчүлөрү катуу кыйроого учурап, Чебаркүл чебине че-

гинүүгө аргасыз болот.

Тилекке каршы Аблай убадасына турбай Э. Пугачёвчуларга жардам бере алышпаган.

Түнгатар Куткачыков башкыр элининин 1735-1737-жылдардагы көтөрүлүшүнө катышкан.

Башкыр тилиндеги тарыхый маалыматтарда, илимий макалаларда, санжыраларда, кыргыздар, баарындар, кушчулар жана башка уруулар жөнүндө кызыктуу көптөгөн фактылар кездешет. Бул уруулардын өкүлдөрү 1812-жылдагы орустардын ата мекендик согушуна жана падышалык орусиянын мезгилинде чоң көтөрүлүштөргө катышкандыгы жөнүндө көптөгөн китептер басылып чыгыптыр.

Баарындар Чыңгыз хандын доорунда, анын уулдарынын жана небере чөбөрөлөрүнүн доорунда да аскердик жана мамлекеттик бийик даражалуу кызматтарда иштешкен. Алды жүз миң колду башкарган ноёндор болушкан. Кийинки Амир Темирдин, Захриддин бабурдун тушунда да аскерлердин алдыңкы катарында жүрүшкөн.

Тархый маалыматтарга караганда баарындар 15-16-кылымдардарда ири беш топко бөлүнгөнү байкалат. Биринчи тобу- 1400-жылдары Талас өрөөнүндө, экинчи тобу-Могол хандыгынын аймагында Кашкар тарапта, үчүнчү тобу- Бухара хандыгынын аймагында, төртүнчү тобу- Крым хандыгынын аймагында,бешинчи тобу- Урал тоолорунун этегинде жашап турушкан. Мындан тышкары ар кандай майда чачыранды топтору да болуп, алар башка элдердин арасында жашап жүрүшкөн десек болот. Көрүнүктүү В. Радловдун кабараы боюнча Букара хандыгында хан шайлоодо Миң, Алат, Баарын жана Бташ уруусунун өкүлдөрү ханды ак кийизге отургузуп төрт бурчунан көтөрүшкөн демек баарын уруусу Букара хандыгында да өтө барктуу, жогорку даражалуу уруулардын катарында болгон.

Барун Кара шейх Букарадан терең билим алып, дин или-

мине каныккандыктан мусулман динин эл арасына кеңири жайылтуу максатында Башкырт жерине барып элге сиңип кеткен чыгаар. Ошондуктан анын уулу Дули да өз атасынын жолун жолдоп шейх атагына жетсе, Анын уулу Котло шейх да чоң атасынын жолун карманып шейх аталган.

Биз менен Уфадагы спутниктик телеберүү юороюорунда жолуккан барын тарыхчы жана жазуучу Спартак Ильясов Крымда жашаган баарындар жөнүндө айтып берген:

• Крымдан Уфага келген меймандар менен таанышканыбызда уруу сураша келгенибизде бири баарын экенин айтты мен да баарынмын деп экөөбүз кучакташа кеттик. Ошондо ал: "Биздин Крымда 30 га жакын айылда баарындар жашайт. Ал айылдар 1940-жылдарга чейин байыркы аттар менен аталып келген кийин, орустар алардын баарын орусчалап, алмаштырып коюшкан" дептир.

• Азыр ал Крымдык тууган кайда? Аты жөнү ким экен? деген суроомо Спартак өкүнүп:

• Эмнегедир атын сурабапмын, кийин сүрүштүрүп көрсөм, ал тууганыбыз Туркияга ооп кеткенин билдим" деди

Эми насип буйруса ал жердеги баарын туугандар менен таанышуу учуру да келер...

**Рауф Насировдун** китебинде Учал районундагы баарындар жашаган Түнгатар айылынан Гафифа Фатиховадан (1855-1947) жана Бартул, Карам, Поляковка айылдарынан Ч. Шахабеддиновадан (1906-1969) , карыя Өрнөк Абдрахманова менен журналист Ханзила Насирова жыйнаган 600 дөн ашык макал-лакаптар жазылган. Бул макалдар менен таанышканымда алардын бир далайы ушул күндөрдө да биздин элде айтылып жүргөнү таң калтырды. Мунун өзү түрк тилдүү элдер илгертен бери бири бири менен жакшы алакада болгонун, түбү бир эл экенин далилдеп турат. Эмесе бир нече макал-лакаптарды келтирип көрөйүн:

Балыкчы балыкчыны ыраактан тааный.

Булганган суудан балык тутуп болмай.

Булары булган-буяуы канган.

Ике теке башы бир казанга сыймай.

Ирте кыйкырган кукуктун башы тас болор.

Начар ишлеп, йакшы йашап булмай.

Тамчы таш йарар.

Тайы ат булганчы айасе эт булар.

Тауык төшөнө тары кирет.

Төлөп жүктөлгөн жүк ауыр булмай.

Сыйыр туйлап ат булмас.

Иштегениң киши үчүн, үйрөнгөнүң өзүң үчүн.

Жалкоонун таманын кар басыр.

Яңгыз карга букка туймас.

Алла таала беремин деген кулуна, салып коёр жолуна.

Аюну үйрөткөн- таяк, млдону намазга үйрөткөн тамак.

Ач иттин көтүн ток ит йалай.

Аю таяктан, киши тозоктон коркот.

“Бар” дегенге берермин, “жок” дегенден алармын-деген Кудай.

Бир айылда эки молдо сыйышпайт.

Бүкүрүнү кабыр гана түзөтөөр.

Пенде тилейт, Алла буйруйт.

Эттин таттысы-карын, элдин асылы-БААРЫН.

Тоого тоо гана барбайт.

Хандын итине да салам бер.

Өзүңдөгү өзүңө жоо.

Жоо качса катында каарман.

Алты уулуң болгончо, осурак болсо да абышкаң болсун.

Баланды жогору көтөрсөң көтүн, төмөн түшүрсөң бетин өбөсүң.

Ыйлабаган балага эмчек жок.

Куш баласы уясында эмнени көрсө, ошону алат.

Мактаулы кыз туйда усура.

Маңкасы агып турсада абышкаң жанында булсын.

Улууларга кичи бол, кичүүлөргө улуу бол.

Тапкан куанган, тааныган алган.

Уулунун уяты-атага, кызынын уяты-энеге.

Сөймөгөнгө сөйкөнмө.

Ашым көп деп көп ашаба оозуң жаман үйрөнөр, киши жок деп көп осурба көтүң жаман үйрөнөр.

Дүйнө кеңдигинен не пайда, аяк кийимиң тар болсо.

Исепле дус таркалмас.

Кишиге ишиңди бер, ишиң бүтсө ашыңды бер.

Кишиге калган күнүң-таң атпаган түнүң.

Келечегиңди ойлогондо өткөн дооруңду эсиңе тут.

Керек таштын оордугу жок.

Үшүгөнгө от жактырба, ачкага казан астырба.

Тауык берсең, үрдөк аларсың, үрдек берсең каз аласың

Киши булар кишинин кишиде булар иши, киши булмаз кишинин кишиде булмаз иши.

Карга көзүн карга чокубайт.

Таш менен атканга аш менен ат.

Халык айтса, хак айта.

Сукырдын тилегени ике күз.

Жогору түкүрбө, түкүрүгүң өзүңө түшөт.

Йаман күз кабак астынан карай.

Атың өлсө жүгөнүңдү таштаба.

Юлаучыга йылы сүзүң булмаса да йылы ашың алдыда булсын.

Юлаучынын юлда булыу йакшы.

Агач тамыры менен, киши акылы менен күчтүү.

Алтын баткакта да йалтырай.

Ачуу алдан, акыл арттан жүрөт.

Исең барда итегең йап.

Кийимине карап каршы алсалар, акылына карап узатарлар.

Көп жашаган не билген, көптү көргөн көп билген.

Уйнап айтсаңда уйлап айт.

Ок менен бирди тил менен миңди жеңесиң.

Узең олтурган бутакка балта чаппа.

Сөз отуз тиштен чыкса ааламга жетет.

Каарылыкка каршы дабаа жок.

Мына, Башкырстандагы баарын туугандарыбыздын ичинде айтылып жүргөн макал-лакаптардын бир азын гана келтирдим. Булардын көбү бизге бала кезибизден тааныш. Менин таэнем Каныш “Киши болор кишинин кишиде иши бар, киши болбос кишинин кишиде неси бар” деп көп айтчу эле. Дал ушул макал да биздин баарын туугандарда ушул кезге чейин айтылып жүргөнү анык тууган экенибизди айгинелеп турбайбы. Мындан бир топ жыл журда тактап айтсам 2005-жылы Ноокаттагы туугандарды издеп барганымда Ноокаттык тууганым: “Бизде эттин жаманы карын, Элдин жаманы барын деген макал айтылып башка уруулардын айрым өкүлдөрү өйдөсүнүп калат” деп айткан эле. 2018-жылы Башкырстандагы туугандарга барганда “Эттин таттуусу карын, элдин асылы барын” деген макалды угуп гана эмес, китепке жазылып чыкканын көрүп төбөм көккө жеткендей болду.

Албетте илгертен уруулар бири-бири менен азилдешип, атаандашып, айтышып, кээде бири-бири менен жоолашып келишкен. Ошондой учурларда ар кандай сөздөр чыга берет эмеспи. Жогоруда 600 дөн ашык макал-лакаптардын айрымдарын гана иргеп, айрым сөздөрүн кыргызчалап бердим. Бул макалдарды көңүл коюп окуп, жаттап алгыла, билсеңер булар элдин күндөлүк тирлигинен, өмүрүндөгү тажырыйбасынан, акылман кишидердин асыл ойлорунан чыккан алтынга бергис сөздөр!

## БАРНАУЛ, БАРИН, БОЯРИН ЖАНА БАРОН ДЕГЕН СӨЗДӨРДҮН ЧЫГЫШ ТАРЫХЫ ЖӨНҮНДӨ

Санжырага кызыгуудан улам болуу керек, айрым тууган-дар ар кандай тарыхый булактардан издешип, интернетти карап өз урууларынын түпкү тегин иликтөөгө аракеттенип, ар кандай божомолдорго көңүл бурушуп, айрымдары алар-дын чын же төгүн экендигине нагыз далилдери бар же жок экендигине карабастан бекем ишенип алып, ал божомол-жоромолдордун кеңири таралышына көмөктөшүүдө.

Мисалы ушул кезде “Барнаул шаарынын аты Баарын ай-ылы деген сөздөн чыккан. Бир кездерде ал жерде баарын уруулары жашаган” деген сөз кеңири тараганын айтууга болот. Ошондой эле орус тилиндеги “барин, баярин” жана европа өлкөлөрүндө кеңири жайылган. “Барон деген сөздөрдүн теги “Баарын” деген сөздөн чыккан пикирлер да көп айтыла баштады. Албетте дүйнөдө жүздөгөн тилдер, миңдеген диалектер бар болгондуктан окшоштуктардын болушу мүмкүн. Дүйнө эли бири-бири менен достук, туугандык мамиледе болуу менен дайыма соода-сатык, алыш-бериш жүргүзүлүп коңшулар менен тынчтыкта жашап, өнүгүүнү каалайт. Мына ушундай байланыштарда тил өтө маанилүү ролду ойноп, элдер бири-биринин тилин үйрөнүүгө аракеттенишет. Ошентип бир тил экинчи бир тилге таасир этип, ал тилдин байышына, түшүнүктөрдүн кеңейишине, илим менен билимдин, өнөрдүн өнүгүшүнө жол ачылган. Башка тилден кирген сөз төл сөздүн мыйзамына жараша өзгөрүлгөн.

“Барнаул”,”Баарын айыл” деген сөзгө өтө жакын экени чын, бирок буга тарыхый далилдерибиз барбы? Буну дүйнөлүк коомчулук кабыл алабы? Бул маселеге орус тилчилери, тарыхчылары кандай карашат.

Бул суроолорго жооп издеп көптөгөн энциклопедияларды, аныктамаларды карап ал оңдуу жыйынтык бербегендиктен Барнаул шаарына барууну, Алтай жерин өз көзүм менен көрүп келүүнү ылайык таап 2018-жылы августь айында Барнаулда болдук.

Көздөгөнүбүз Барнаулдун музейи эле, бирок ал дүйшөмбү жана шейшемби күндөрү дем алышта болгондуктан жабык экен. Аябай өкүндүк, анан шаардыктардан сураштырсак "Педагогикалык Академия" окуу жайында музей бар экендигин айтып беришти. Ал музейдин көлөмү чакан болгону менен, экспонаттары бай экен. Кызыгып көрдүк, музейдин илимий кызматкери Бородаев Бадим Борисович биздин Барнаул шаарынын аты Баарын айыл деген сөздөн чыкканбы? деген сурообузга мындай деп жооп берди: "Барнаул шаарынын аты Баарын айылы деген сөздөн эмес, Обь дарясынын куймасы Барнаулка деген суунун атынан чыккан "Сибирдин тарыхы" деген эки томдукту жазган Г.Ф. Миллердин жазганы боюнча Барнаулка деген суу ойрот тилиндеги "боро-нур" деген сөздөн чыккан "боро" ойрот тилинде " бөрү" деген сөз. "Нур"-суу деген мааниде. Барнаулка суусу кызыл карагайлуу токойдон агып чыккадыктан жана ал токойдо илгери бөрүлөр көп болгондуктан "бөрүсуу" деген мааниде аталып, кийинчирээк орустар бул жерге көбүрөөк келе баштаганда "Боронур" –Барнаулка суусу деп аталып калган. Профессор, кельт тили боюнча адис Дулозон Андрей Петровичтин пикири боюнча "Бору-ул" деген сөз, Барнаулка болуп өзгөрүп калган дейт. "Бөрү суу" деген кандай суу болду экен? "деп Барнаулканы барып көрдүк.Анын Обго куйган жерин атайын бетондоп жээктерин бийиктеп коюшуптур. Суусу чынында да бөтөнчө экен өңү көк жашыл, даамы балыр, саз жыттанат. Обь дарыясы болсо акканы билинбей көкмөк болуп мелтирей чалкып, үстүндө туристтер түшкөн кемелер ары бери сүзүп жүрүшөт. Барнаул шаарынын негизделишинин тарыхына көз

жүгүртүп көрөлү. Ал орусияда Пётр биринчи падышалык кылып турган доордо башталган. Пётр биринчи Европага жол ачуу үчүн Швеция менен согушуп, Балтика деңизинин жээгин ээлөөгө аракет кылган да согуштук куралдар жагынан чабалдык кылганы байкалган. Ошондуктан жаңы замбиректерди, анын ядролорун, мылтыктарды жасоо үчүн метал көп керектелген. Аны чет мамлекеттерден сатып алып турушкан. Бул өлкөгө чоң оорчулук келтиргендиктен, жа Бул өлкөгө чоң оорчулук келтиргендиктен, жаы кендерди изилдеп, жез жана темирлерди эритип курал жасоочу заводду куруу милдети коюлган. Ал кезде орустардын металлургиясынын негизги району Урал болгон. Ал жерде Каменск, Невьянск, Алапаев, Уктуес заводдору иштеген.

Пётр биринчи жаңы кендерди изилдеп, аны иштетүүгө мыкты ишкерлерди табууга аракет кылган. Ошондой ишкерлердин бири Никита Демидов болгон. Ал темир усталыктан Уралдагы заводдорду башкаруучуга чейин жеткен. Пётр биринчи ага 1702- жылы Невьянс заводун берген.

1717-жылы Степан Костылев менен Федор Комар Алтайдан жез менен күмүштүн кенин табышкан. Бирок аны иштетүү кыйын эле. Анткени ал Уралдан миңдеген чакырым алыс турган жана согушчу көчмөн уруулар менен Жунгар хандыгынын чектерине жакын болгон.

1723-жылы бир тууган Демидовдор Алтайдагы кендин баалуулугун, көлөмүн иштетүү шарттарын толук изилдөө үчүн атайын адистерди жиберишкен.

1726-жылы Акинерий Демидов Алтайдагы кенди иштетип, завод курууга уруксат алган. Ал алгач заводду кен чыккан жерге жакынырaак куруп, анын кубаты жеткиликтүү болбогондуктанэкинчи заводду Барнаул суусунун Обго куйган жериндеге Усть-Барнаулка жана Верх-Барнаулка кыштакчаларынын жанына салган. Ал кыштактын эли 1717-жылы Белояр чеби салынгандан кийин Европадан көчүп келген

дыйкандар болгон экен. А.Демиров заводду куруу үчүн 1728-жылы Алтайга 200, кийин 1730-жылы дагы 200 крепостный дыйкандарды көчүрүп келген.

2010-жылы Барнаул шаарынын 280 жылдыгы белгиленди. Ал ушул тапта жакшы өнүккөн, өнөр жайлуу бакубат шаар. Алтай өлкөсүнүн борбору илим жана көркөм өнөрдүн, маданияттын, сооданын манилүү чордондорунун бири.

Алтай аймагында баарындар жашаганбы? Деген суроонун тегерегинде сөз козгоп көрөлү. Чыңгыз хандын убагында баарын Корчуга "токой элдерин" башкаруучу укугу берилгени белгилүү. Бирок анын бийлиги канча убакка созулганы бизге белгисиз. Орустар Сибирди ээлеп, жолдорду салып, чептерди куруп, кендерди иштетип, шаарлардын көбөйгнүнө 300 жылга жакын гана убакыт өттү. "Токой элдери" деп аталган Саян-Алтай тоолорун мекендеген ал элдердин урпактары-алтайлыктар, хакастар, тывалыктар, шарлар ушул кезде да өз мекендеринде жашап жатышат. Эгер баарындар Обь дарыясынын алкабында жашаган болсо  Саян, Алтай негиздеген алгачкы орус экспедицияларынын кабарларынан белгилүү болмок. Менимче баарындардын айрым топтору Корчунун убагында Алтайга көчүп барган болсо да Чыңгыз хандын батыш өлкөлөрун болгон жортуулуна катышып, эң алды Крымга, Кичи Азияга чейин жетип, калгандары Кашкар, Бухара, Урал, Ала-Тоо аймагына мекендеп калган болуу керек деп ойлойм. Эгер баарындарды айрым урпактары  Алтайда калган болсо азыркы элдердин арасына кошулуп, өзүнчө бир топ болуп жашамак. Мына ушуну ойлоп Алтайды, Хакасияны, Тываны кыдырып музейлерди көрүп, билген кишилерден сураштырып көрдүм. Алар "баарын уруусу бул жерлерде жок" дешти. Хакас окумуштуусу Винтар Явлевич Бутанаевге жолугуп ушул суроону ага да бердим. Кыргыз , хакас тарыхы боюнча көп эмгектерди жазган ал киши да "баарындар бул чөлкөмдө болгон эмес" деген оюн айтты. Алтайлыктардын,

хакастардын, тывалардын улуттук курамында баарындар учурабайт. Мисалы алтайлыктар 43 сөөккө бөлүнсө, анын арасында бурут, кыпчак, меркит, могол, мундуз, ойрот, талас уруулары бар. Төлөнчүттөрдүн курамындагы 21 сөөктүн ичинде бурут, меркит, мундуз, найман, талас, төөдөш уруулары кездешет. Хакастардын курамында кыргыз сөөгү бар. Эми барин, боярин, барын сөздрүнүн тегине көңүл буралы. “Орус тилинин этимологиялык сөздүгүн” түзгөн Макс Фасиер” Барин” сөзү “боярин” деген сөздөн келип чыкканын далилдегенге аракеттенген(Сөздүктүн биринчи томунун 127-бети). “Боярин” сөзүн “бой” (согуш, уруш деген маанide) деген сөздөн чыккан деп эсептейт. Экинчи божомол түрк тилдериндеги “бай-ар” (үй ээси, мал-мүлктүн ээси-кожоюн) деген мааниден улам орустар байлардын жогорку катмарын “боярин” деп атаган дейт. Кыргыздын аялдары илгертен эле өзүнүн күйөөсүн  “Менин байым”, “Ал баланча аялдын байы” деп тергеп айтышат. Менимче “Бай+Эр” дегенибиз туура болчудай.

Макс Фасмер “барон” сөзүн “бул титул Орусияга Пётр биринчи падыша болуп турганда 1710-жылы белгилүү кызматтын адамдарга ыйгарылганын” айтат да ал байыркы немец, француз тилдеринде “баро”- согушкан киши деген мааниде экенин билдирет.

М. Фасмер. “Этимологический словарь русского языка” М. 1986 (127-128-беттер) Советтик чоң энциклопедияда “Бояре” сөзүнүн теги так аныктала элек. Айрым изилдөөлөр аны “бай” (воктель) же “болит” (большой) сөзүнөн чыккан дешсе, башкалары “байар” (вельможа, богатый,-муж)господин) деген сөздөн чыккан деп эсептешет. (БСЭ 3-том 610-бет)

Он үчүнчү кылымдын 40- жылдарында Алтын Ордонун аймагы батышы Дубайдан, чыгышы Иртыш дайрасына, түндүгү орустардын Новгород облусуна, түшүгү Каспий жана Кара деңизге чейин созулган. Алтын Ордонун курамында

монголдор менен бирге көптөгөн көчмөн элдер болгон. Элден чогулуучу салыкты жыйноо үчүн атайын куралдуу отряддар түзүлгөн. Алардын башчылыгына хандыкка ишенимдүү кишилер дайындалган. Айрым маалыматтарга караганда салык жыйноочу баскактардын башчылыгына баарын, ширин урууларынын белгилүү кишилерин дайындашкан. Ал кезде бектердин ысымынан мурда уруусу айтылгандан "баарын баланча,баарын түкүнчө дешип "баарын" дегенсөз элге кеңири жайылып, бийлиги бар, байлыгы бар мансаптуу кишилерди "барин" деп алардын аялдарын барыня, бариня деп аташып калган десек болот. Буга "барин" сөзүнүн орус жазмаларында 14-15- кылымдан баштап, кийин көркөм чыгармаларында жыш учурай баштаган.

"Алтын Ордону" Жучунун 14 уулу улустарга бөлүп башкарып, көп жылдар өткөндөн кийин ал Харезм, Астрахань, Сибирь, Казань, Крым хандыктарына, Ногой ордосуна бөлүнүп кетишкен. Баарын жана ширин урууларынын урпактары ушул жерде, Крымда жашап турушат.

Баарын уруусу Чыңгыз Хандын жана анын урпактарынын доорунда аскердик иштерде да, бийлик де да бийик даражаларга жеткенин анын аты дүйнөлүк улуу тилдердин бири орус тилинде сакталып калганы да аныктап турат. Өкүнүчтүүсү баарындардын чогуу жашабай чачырап кеткендиктен, анын урпактары азыр ар кайсы элдердин курамында ошол элге сиңип бараткандыгы гана !...

Кыргыздын байыркы тарыхы жазуу түрүндө сакталбастан атадан балага, муундан-муунга ооздон-оозго өтүп, ушул убакка чейин айтылып келатат. Байыркы эпостор, жомоктор, санжыралар, ыр-күүлөр, табышмактар, жаңылмачтар, макал-лакаптар элибиздин жан байлыгынын казынасы. Буга жер, суу, тоо-кен, аттарын аскаларга чегилген сүрөт баяндарын, балбал таштарды, кабырлардан табылган ар түрдүү асем буюмдарды, ат абзелдерин, түрдүү табылгаларды кош-

соң элдин байыркы тарыхынан кабар аласың...

Санжыраларда кыргыз элинин эң байыркы доорунан ушул күндөргө чейинки тарыхы сөз болот. Албетте алар көп учурларда уламыш же жомок катары кабылданса да анда чындыктын үлүшү бар экендигин танууга болбойт. «Кыргыз кырк уруудан куралган эл», «Жер тамырынан – эл тамыры көп», деген түшүнүктөрдүн өзү кыргыз эли узак доорлорду басып өткөнүнөн кабар берет.

Жашоо тиричилигинде ар бир жан өзүнө кулк-мүнөзү келишкен, жагымдуу киши менен гана алака түзүп, ошону менен бирге болгусу келген сыяктуу элдер да өзүнө дили окшош, тили окшош, салт-санаа, өңү-түсү, көз караштары окшош элдер менен жакындашып, шериктешип бара-бара бири-бирине сиңип кетишкен.

Баарын элинин чыгышы жөнүндөгү санжыраларды бир азыраак талдап көрөлү. Санжыралардын баардыгы дээрлик баарынды Ак уулдун уулу Тагайдын Карачоро деген улуунан таралган деп баяндайт. Бала Айылчынын санжырасында Тагай бий Кашкар ханында ак үйлүү болгон жылдарында үйлөнгөн аялынан төрөлгөн баланын аты Ороз. Тагай бий ак үйлүүдөн бошонуп кеткенден кийин тийген Көкүм-Сээр деген күйөөсүнөн төрөлгөн уулу Тууганбар. Анын айтымында Чоң-Багыш, Сары-Багыш, Кара-Багыш уруулары мына ошол Ороз менен Тууганбардан тарайт. Жети-Өгүз районундагы Аң-Өстөн айылында жашап өткөн Бектур санжырачынын айтуусунда Карачоро бир туугандарына тарынып Таласка барганда туулган улуу Баарың. Баарыңдар мына ошондон тарайт дейт. 1927-жылы Таластан жазып алган санжырасында Үмөт молдо Баарындар Карачоронун апасынын кийинки тийген күйөөсүнөн төрөлгөн Каракожодон тарарын кабарлаган. Дагы бир санжырада Карачородон Багыш, андан Күржү деп, дагы биринде Күржүнүн ордуна Куржун деп, андан ары Баарынды таратышат. Баарынды Көкүм бийден тараткан сан-

жыралар да кездешет. Эми, булардын кайсынысы туура, кайсынысы туура эмес десек болот?

Кыргыздын алгачкы тарыхчысы Белек Солтоноев Тагайды тарыхта болгон адам деп эсептейт, аны Мухаммед Кыргыз деп болжолдоп, ал 1460-жылы туулуп 1535–1540-жылдары өлгөн дейт. Азыркы тарыхчылар да ушул көз караштытуура деп эсептешет. Молдо Аксы-Кентинин «Мажму ат-Таборихине» ишенели десек, ал Мавлона А»зам, «Жети-Кашка, Аңга Төрөнүн уулу Акматбек, Дамбур буга, Салусбек Булгачи, Кийикчи, Бүркүтчү, Кушчу, Отуз уулдун балдары: Адина, Муңкуш, Карабагыш, Тагайларды азат кылганын» айтат. (4:80-б)

Амир Темир Моголстан, Жети-Суу аймагына 1370–1390-жылдары бир нече жолу жортуул жасап, көп элди талап-тоноп, туткунга алганы белгилүү. Ошондо ортодогу айрыма 150–160 жыл болуп жатат. Демек Аксыкентинин тарыхындагы Отуз уулдун уулдары Ак уул, Кара уулдар кыргыз санжырасындагы биздин аталарбы же башкабы? Дагы бир санжырада Долон бий Чыңгыз хандын чабуулдарынан Ала-Тоого качып келгенден кийин төрөлгөн эгиз уулдары Ак уул менен Куу уулдан кыргыздардын азыркы Оң менен Солу таралган деп айтылат. Чыңгыз хандын токой элдерине – кыргыздарга тун уулу Жочуну жиберип, кыргыздар ага согушпай эле тумшугу кызыл ак шумкар, аң-терилерин, күлүк аттарын тартуулап багынышканы, ал 1207-жыл экени белгилүү. Эгер Долон бийди Чыңгыз хан менен замандаш деп эсептөөчү болсок, анда айрыма «Мажму ат-Таборихтегиден» 380–390-жылга жакын.

Эми Мухаммед Хайдар Дулатинин «Тарих-и-Рашиди» китебиндеги маалыматтарга токтолуп көрөлү. Султан Сайид хандын тушунда Мухаммед Кыргыз анын Кашкарга болгон жортуулуна көмөк көрсөтүп, өзү көп олжолорду алып кайткан. Хан ага кылыч тагынуучу белбоо, шарап куюучу ку-

мураларды, алтын жана күмүш кеселерди, дагы башка асыл буюмдарды тартуулаган. Мухаммед Кыргызга кыргыздардын баары баш ийип, күчтөнүп алгандан кийин ал Түркстан, Ташкент, Сайрамга жоортуул жасаган. Шейбани султандары ага каршылык көрсөтүүгө чамалары келбеген. Түркстан шаарына жасаган чабуулунда анын акими, Көчүм хандын уулу Абдолланы туткунга алып, бир күндөн кийин бошотуп, Сайид ханга бир нече жылкы жана курал-жарак, асем буюмдар тартуулап, «Шейбан султандары колума түшчү болсо, аларды бошотууга убада берген элем, ошол убадама турдум. Хан мени кечирээр деп үмүттөнөм» деп кат жиберген. Бул катты алган соң Сайид катуу ызаланып, Моголстанга, Мухаммед Кыргызды чабууга 1517-жылы жортуулга чыкты.

Ошентип Мухаммед Кыргыз Сайид ханда 5 жыл туткунда болду. Кийин Сайид хан уулу Рашидди кыргыздарга хан кылып, Мухаммед Кыргызды эмирликке дайындады. Бирок, Мухаммед Кыргыз ханга толук моюн сунбагандыктан аны 1524-жылы кайра камакка алып, ал Сайид хан өлгөндөн кийин 1533-жылы гана боштондукка чыккан. Мухаммед Хайдар Дулатинин китебиндеги кабарлар боюнча Мухаммед Кыргыз Сайид хандын тушунда баш аягы 15 жыл камакта болгон. Ушул жерде көп суроолор туулат. Эгер Мухаммед Кыргыздын чыныгы  аты Тагай болсо, эмне үчүн ал өз аты менен аталбады? Менимче ал Тагай эмес, Мухаммед эле болгон, ал кезде Мухаммед деген ат көп болгондуктан, аны башкалардан айырмалоо үчүн анын Кыргыз экендиги баса белгиленип кыргыз деген ат уланып айтылган.

Султан Сайид хан Мухаммед Кыргызга каршы чабуулга Кашкардан аттанып чыгып, хандын аскерлери Жууку жана Барскоон аркылуу Ысык-Көлгө каптап кирген. Аскерлердин эң алдында баарын Кожо Али Баатыр өз жоокерлери менен келип, Мухаммед Кыргыздын Ысык-Көлдүн жээгинде Барскоон суусун жакалай конуп, жайма-жай жатканын чалгын-

дап билген. Анан аскерлер чабуулга чыгып, күн көтөрүлгөн кезде, баарын Кожо Али Баатырдын бир тууганы Теке Мухаммед Кыргызды кармап, колдорун таңып хандын алдына алып келген. Кожо Али Баатыр Сайид хандын эң ишенимдүү адамы болгондуктан, аны мурда кыргыздарга хан болгон Султан Халилдин уулу Баба султанга аталык дайындап, ал аны жети жашынан он беш жашына чейин тарбиялаган. Ал кезде Кашкардагы элдин турмушу оңолуп малы жайытка батпай кеткен кези эле. Кожо Али Баатыр Сайид хандан Моголстанды сурап, ага Баба султанды хан кылууну өтүнгөндө хан макул болгон. Бирок ханды анын жакын кеңешчилери «Сиз Моголстанды Баба султанга берсеңиз, бардык моголдор ал жакка ооп кетип, Сиздин колуңуздан чыгат. Баба султан Сизге баш ийбей коёт. Андан көрө ал жакка өз уулуңуз Рашидди хандыкка жибериңиз. Ошондо ал жак сиздин эркиңизден чыкпайт» деп бузуп коюшат да, хан кийинки кеңешке макул болуп, өз уулу Рашидди Моголстанга жиберет.

Жазмышка айла жок. Кожо Али Баатырдын сунушу кабыл болгондо Моголстандын тагдыры башкача болуусу мүмкүн эле.

Тарых китептерин барактап көрсөңүз Чыңгыз хан доорунан баштап баарындардын мыктыларынын, баатырларынын аттарын өтө көп жолуктурасыз. Баарындардан чыккан баатырлар Чыңгыз хандын, андан кийинки Аксак Темирдин, Токтомуш хандын, Захириддин Бабурдун, Кашкар хандарынын аскерлери менен жорукка чыгып, далай эрдиктерди көрсөтүшкөндүктөрү жазылган.

Баарындар Чыңгыз хандын аскерлеринин курамында болуп, батышы Европа, түштүгү Индияга чейин чачырагандыгынан баштары бирикпей ар кайсы элдерге сиңип кетишкен. Мезгилдин өтүшү менен ар кайсы элдин арасында калган аз гана топтор, чоң урууларга калкаланып, алар менен телимдеш болуп жан багышкан. Мына ошол себептен улам Карачоро

баарын Тагай бийге бала болуп кирген болуу керек. Жоокерчилик замандарда ар бир уруу башчысы өз уруусунун камын көрүп, аны башка элден, башка уруулардан келген баатырлар, алардын шериктери менен бекемдеп чыңдашкан. Ошондон улам, Карачоро баарын менен кошо саяк, черик, азык уруулары да Тагай бийдин тегерегине баш кошкон болуу керек жана андан көп мезгил өткөндөн кийин алар туугандашып, ата-баладай болуп ынтымакташып, азыркы айтылып жүргөн санжыра жаралышы мүмкүн.

Эми кайрадан тарыхый жазмаларга кайрылып көрөлү. Абылгазынын «Түрк санжырасында» да, Тоголок Молдо менен Үсөйүн ажынын санжыраларында да Нук пайгамбардын үчүнчү уулу Жапастан Туран, андан Түрктү таратып, анын бешинчи муунунан Алынча хан, андан Татар менен Моңолду таратышат. Моңолдон Кара хан. Кара хандан Ууз хан. Ууз хандан Күн хан, Ай хан, Жылдыз хан, Көк хан, Тоо хан, Деңиз хан.

Көк хандын он төртүнчү муундагы урпагы нурдан жаралган Бодончордун уулунун аты Багарида. Анын уулу Чидикул. Монголдордун «Алтын топчу» деген китебинде жана «Монголдордун купуя санжырасында» мына ушундай айтылган. Монголдордун купуя санжырасы 1240-жылы жазылганы белгилүү. Чыңгыз хан Бодончордун сегизинчи муундагы урпагы Эсугей баатырдан туулган. (15:59-б)

Чыңгыз хан майда бытыранды урууларды каратып, атагы чыга баштаган кезде баарын Корчу ага жолугуп өзүнүн көргөн түшүн айтып берет: «Биз Бодончордон туулганбыз. Жамука да биз менен жатындаш. Мен андан бөлүнгүм келген жок эле. Түшүмдө аян берди. Бир кызыл уй келип, Жамуканы тегерене мөңкүп, боз үйүн сүзүп, анын өзүн да сүзүп, бир мүйүзүн сындырып алып, анан Жамуканы карай мөөрөп, «Сынган мүйүзүмдү бер?» деп туягы менен жер чапчыды. Дагы бир күрөң өгүздү боз үй жүктөгөн арабага чеккен экен,

ал Темучиндин артынан ээрчип, чоӊ жолго түшүп, «Теӊир асман, Жер эненин кубаты менен Темучин баардык элдин ээси болсун?» деген соӊ көчтү сүйрөп келатам?» дейт. «Ээ, Темучин бардык элдин ээси болот турбайбы» деп жан-жаныбыздагы элдин баарын сага ээрчитип келатабыз. Бул аян Теӊирден болду. Темучин, сен баардык элдин ээси болгондо, бул аяным үчүн мага эмне кызмат бересиӊ?»

Темучин айтат: «Эгер мен элдин ээси болсом, сени бир түмөндүн башчысы кылам». Анда Корчу айтат: «Ушундай айтканым үчүн ноён болгонум жакшы дечи, бирок анда мага отуз сулуу кыз алууга уруксат бер жана айткан сөзүмө макул бол!» (15:98-б.)

Корчуга Чыӊгыз хандын хан болуп шайланганда айтканы: «Сенин айткандарыӊ дал келгендиктен бодон болгон элдин ичинен отуз кыз тандап ал!». Анан ага үч миӊ баарыны менен кошо шинос, төлөс, төлөнгүт жана башка элдерин каратып, Эртиш дарыясынын боюндагы токой журтуна чейинки өлкөнү мекендесин жана токойдун түмөн журтуна бийлик жүргүзсүн, токой эли Корчунун уруксатсыз тияк-биякка көчпөсүӊ. Корчунун сөзүнө көнбөгөндөр айыпка буйрулсун!» деп жарлык кылат. (16:146-147-б.)

Чыӊгыз хан баарын Усун карыяга: «Усун, Кунан, Көкөш, Дегей ушул төртөөӊ

Көргөн-билгениӊерди
Күӊгүрттөтүп билтактатпай
Айтуучу элеӊер го.
Ойлоп түйгөнүӊөрдү
Орток кылуучу элеӊер го.
Монгол эли ноёндуу
Мөөрү бекитилүү болор
Ичибизден мөөр беги
Илтыпаттуу Усун болсун!»

Бек болгондуктан ак тон кийип, боз ат минип, төргө отуруп, ай-күндү билип, иреттеп отуруңуз!» деп жарлык кылат. (16: 154-б.)

Дайыр-усын баарын Ная ноёнго кезигип «Мен кызымды Чыңгыз ханга көргөзөйүн деп алып баратам» дейт. Ная ноён: «Кызыңды экөөбүз алып барып көрсөтөлү. Жалгыз жүрсөң, мындай дүрбөлөң кезде жолуккан аскерлер өзүңдү өлтүрүп, кызыңды кордоп коюшу мүмкүн. Ошондуктан бирге баралы. Мени үч күн күт» дейт.

Чыңгыз хан Куланды Ная ноён үйүнө кондурганын угуп, катуу ачууланып, «сен Куланды эмне үчүн үйүңө күттүрүп койдуң?» деп катаал тергеп, айыпка жыкмак болгондо, Кулан: «Мага ноён мындай деди: «Мен Чыңгыз хандын баш ноёнумун. Баарыбыз ханга бирге баралы. Жолдо аскерлер тийиштик кылышы мүмкүн”. Эгер Ная ноён кез болуп жардамдашпаса, биз жолдон жолуккан аскерлерге туш болуп, кор болмокпуз. Чиркин, ушул Наяга жолукканыбыз жакшы болду. Эми ноёнду тергегендин ордуна, менин өзүмдү ата-энемден туулган денемди текшерип көрүңүздөр» дейт.

Кулапдын айткан сөзү чын болгондуктан Чыңгыз хан Кулан ханымды күнөөдөн ак дейт. Ная ноёндун айтканы ырас болгондуктан «Акыйкат сөздүү, адал жан экен. Чоң жоопкерчиликтүү ишке дайындайм» деп кечирим кылат. (16: 131-133-б.)

Кадыргали Жалайырдын 1601-жылы жазылган «Шежирелер жыйнагы» китебинде баарын уруусунан ноён болуп Чыңгыз хандын аскерлеринин кол башчысы болгон бир нече кишинин ысымдарын атап көрсөткөн. Алар Мункал Туркан, Бартан, Корчу, Ная ноён, Угар Калча, Кудус Калча. Ал Ная ноёндун карамагында 62 миң киши болгонун жазган. (17: 64-67-б.)

Амир Темирдин жортуулдарынын тарыхын жазган Шарафуддин Али Йаздийдин «Зафарномасында» баарын баатырларынын бир канчасынын эрдиктерин айткан. Аксак Темирдин Каба Метин деген жерде жоо менен беттешкенде «урушта өлгөндөрдүн арасында даңкы ашкан адамдардан

бахрин тайпасынан Думаса бар эле, ал көк деңизде адамдарды жутуп жиберүүчү жайындай, ал уруш токоюнда пилге кол салуучу арстан сыяктуу эле. Ошол сыяктуу хан алдында мартабалуу баатырлардын бири Чанпу жана Ток Темир баатыр, Бекжактын тууганы Беки, Дөөлөтшах жана башка эки ханзада да эрдик менен каза тапкан. Алар аскердин нагыз күч алар тиректери эле (21: 62;)

1395-жылы Аксак Темир менен Токтомуш хандын салгылашуусунда баарындын баатыры Йаглибий Токтомуш хан тарапта болуп жекеме-жекеге чыкканы жазылган. (18: 176-177)

«Оң хан ааламдан өтүп, ордуна Токтомуш хан болду. Аңгатөрө Токтомуштун амакиси (атасы менен бир тууганы) болгон. Ал Токтомуш ханга каршы болуп, моголдордон кол курап келип уруш кылды: Бахрин, оргун, кыпчак, байри элдери Токтомуш хан менен бирге эле. Алардын бардыгы урушта Токтомуш хан менен бирге болушту. Урушкан тараптардын эч кимиси жеңишке жетпеди. Бардыгы кеңеш кылып, Аңгатөрөгө элчи жиберишти. Оргундан бир киши, бахринден бир киши, кыпчактан бир киши Аңгатөрөнүн алдына барышты. Алар айтышты: «Оң хан – сиздин акеңиз ааламдан өттү. Оң хандан Токтомуш хан, Темир хан калды, кандай болсо да бахрин, оргун, кыпчакты Токтомуш ханга бериң! Ташкенге чейин Токтомуш хандын ыктыярында боло турган кылың! Биздин келишимибиз мындай: Адил дарыясына чейин Токтомуш хан болсун. Кашкардан Могол тоосуна чейин сиз хан болуңуз! «Эки жакты жараштырып коюп, Токтомуш хан, Темир хан, бахринден, оргундан, кыпчактан барган кишилер кайтышты. Аңгатөрө Могол тоосуна келди да Атбашы, Арпа, Базыга барды. Токтомуш хан Адил дарыясына кетти. (4:46:47;)

Бул маалыматтардан байкалгандай Чыңгыз хандын кийинки урпактарынын убагында бийлик талашуунун натыйжасында маал-маалы менен ири жортуулдар, кыргындуу согуштар болуп, кайсынысы үстөмдүк кылса, эли-журтун

талап алышып турган. Баарын, кыпчак элинин ар кайсы хандыктарга бөлүнүп калуусу да мына ушундай тез-тез болуп турган согуштардын кесепети эле.

Баарындардын мыкты жоокерлери Захриддин Бабурдун аскерлеринин арасында да болуп, аны менен кошо Афганистан, Индия өлкөлөрүн каратууга катышканы белгилүү.

«Баарын Тулун Кожо абдан эр жүрөк, шамдагай жана баатыр жигиттердин биринен эле. Менин атам Омор Шейх мырза ага дайыма көңүл буруп, жанына жакын тартчу эле. Мен да ага камкордук көрүп, аны бек кылдым. Ал таң каларлыктай эр жүрөк, шамдагай жигит эле. Өтө татыктуу болучу». (19:67;)

Захириддин Бабур өзүнүн «Бабур Намэ» деген китебинде баарындын кулуну Тулунга укмуштай сонун баа берген.

Бабур хан Анжиянга чабуул жасаардын алдында Сейид Мухаммед мырза Дуулат, Айюб Бекчик жана Жан Хасан баарын жети-сегиз миң аскерлери менен ага жардамга келишкен экен. (19:70;)

Баарындардын туш-тушка бириндеп чачылуусуна жана анын тукумунун азайып кетишине Эмир Темир жана анын небереси Мырза Улугбек көп себепчи болгон. Мисалы Эмир Темир Жети Суу элин чаап алуу үчүн аттанган 1376-жылы март-апрель айларында анын аскерлери Камар ад-Динди издеп чыгат: «Когда Эмирзаде Али выступил с войском в поход, в пути племя бахрин – акула моря смуты и леопард гор дерзости «бесстрашия, устроив засаду вероломства, разграбило обоз эмирзаде Али. Он возвратился разбитым и прибыл к Тимуру. Тимур с целью отмщения тем дерзновенным послал Шейх-Али-бахадура, Сайф ал-Мулука-сына Эмира Хаджи Сайф ад-Дина, Итилмиша. И Аргун-шах-ахтачи с разящим и опытным в бою войском. Но так как от них вскорости не пришло никакой вести, то он отправил вслед за ними Эмира Джахана-шаха Чаку, Ильчи-Бугу, Шамс ад-Дина и Саин-Тимур бахадура с 10 тысячами всадников. Только они достигли

Ата-Кума, как туда пришли, что ушли ранее. Они, обнаружив племя бахрин, перебили, многих из них и, разграбив и сделав рабами (прочих), возвращались обратно.(20:134-135)

1428-жылы Увайс хан Ысык-Көлгө жакын Бакабулуң деген жерде туруп, Сатук хандын аскерлери менен бетме-бет келип, урушар алдында каза болгон. Анын эки уулу бар эле. Бири он үчтөгү Жунус хан, кичүүсү жети жаштагы Эсен Буга хан. Мунун кимиси хан болот дешип талаш башталганда баарын Эрасан менен чорос Мирак Түркмөн Жунус хандын хан болуусун жактаса башка уруу башчылары жети жаштагы Эсен Буга ханды жакташып, көпчүлүк ошол жакка оогондуктан Эрасан менен Мирак Түркмөн бир маалыматта 3-4миң үй-бүлөлөрү менен экинчи бир маалыматта 30миң үй-бүлөлөрү менен Мырза Улугбекке жардам сурап барышкан. Эгер Улугбек Мырза жардам берчүү болсо алар хандыкты Жунуска алып беришмек.

«Мырза Улугбек Эрасан баарын менен Мирак Түркмөндүн келатканын угуп, Самаркандан чыгып алардын алдынан тосуп чыккан да моголдорго азык-түлүктөн жардам берем деп убада кылып, «Ар бир үй-бүлө чепке өзүнчө бөлүнүп кирип, азык-түлүк алуу үчүн жазылышсын» дейт. Анан ар бир могол өз үй-бүлөсү менен азык-түлүк алуу үмүтү менен чепке бөлүнүп киргенде – үй ээсин өлтүрүп, калганын туткунга алган. Чепке киргендердин бири да сыртка чыгарылган эмес. Ошентип Мырза Улугбек бир нече күндүн ичинде баарын менен моголдордун көбүн өлтүрүп, туткунга алган. Жунус ханды болсо өзүнүн атасы Мырза Шахрухка жиберген. (21: 101-102;)

Мына, Кеңеш доорунун мезгилинде айрыкча бааланып, анын обсерватория ачып, жылдыздарды изилдеген иши даңазаланып, өзбек элинин даанышман уулдарынын бири катары саналган Улугбек мырзанын чоң атасы Аксак Темирдин ордун басканда кылган «эрдиги»! Жардам сурап, жакшылык күтүп келгендердин үй-бүлө ээсин өлтүрүп, бала-чакаларын

жетим калтырып, кул кылган! Буга каргыштан башка сөз барбы?!.

Баарындар 1500–1700-жылдар аралыгында Кашкар, Жаркенд, Турпан шаарларынын тегерегинде жашап, бийликке аралашып турушкан. Нураддин хан Кашкарды башкарып турганда Мухаммедяр, Алтынташ, Кудаяр деген баарындын мыктыларынын урук-туугандарын үй-бүлөлөрү менен жок кылган (22:238;)

Мухаммед Юсуф баарын Кашкардын акими, Абд ал-Латиф баарын Кашкарда аталык болушкан. (22:192–193;)

Ошентип баарындар кайда болбосун бийликке аралашып, хандыктарда белгилүү орунду ээлешип келген жана жоокерчилик убагында аскерлердин ири алдында болуп эрдиктерди көрсөтүшкөн.

Биз кыргыздын оозеки санжырасы менен тарыхтагы фактылардын көп убактарда дал келе бербегендигин байкадык. Ошондуктан буга шашылбай, акыл жүгүртүп көрчү болсок көп кылымдар өткөн соң мезгил көп нерселерди унуттуруп, бир эл бир элге сиңип, жаңы шериктештиктер, жаңы элдер, жаңы улуттар пайда боло бере турганы өнүгүп-өсүүнүн табийгый процесси экендигине түшүнөбүз.

Баарын уруусунун гүлдөп-өнүгүүсү Чыңгыз хан дооруна туш келип, кийинки XIV-XVII кылымдарда да басаңдаган эмес экен. Ал XVII–XIX кылымдарда гана өчүңкү тарткан. Баарындар башкыр, өзбек, казак калкынын арасына сиңип, айрым бөлүктөрү Кытай, Монголия, Тибет өлкөлөрүндө өз санда болсо да тирилик кылып, көпчүлүгү кыргыз калкынын катарына кирген.

Ушул жерде Карачоронун уулу Көкүмгө дагы бир жолу кайрылып өтүүгө туура келет. Чокон Валихановдун эмгектеринде Көкүм бий кыргыздардын жол башчысы катары, Эшим хандын шериги катары айтылып, ал Катагандын Хан Турсунун жеңип, Эшимдин хандык ордун кайрып алуусунда чоң көмөк көрсөткөн. Көкүм бий, Манап бий, Төңтөрт, Му-

раталы, Чаа баштаган кыргыз бийлери башкарган кыргыз колу Турсун хандын аскерлерин талкалоого катышып, Ташкенден көп олжо менен кайтышкан жана кийин Көкүм бий казактын Кара Байтигинин кастык менен уу бергенен казага учургандыктан Эшим хан ага арнап Ташкендин Шайхантаур көрүстөнүнө күмбөз курдурган. Ал Көкүмдүн көк күмбөзү деп элге таанымал болгон.

Эшим хан 1628-жылы өлгөнү белгилүү. Андан кийин хан тагына уулдары ээ болуп, анын небереси Тооке 1680-жылы, мындайча айтканда Эшим хандан кийин 62 жылдан кийин хандыкка ээ болгон. Тооке хандын акылдуу, мыкты болгондугун айтышат. «Астанасын Асыга орноткон Тооке өзүнө акылчы кылып Арыстын Ак тукуму Төлөнү, Арыстын Жан тукуму Казыбекти, Арыстын Бек тукуму Айтыкты алган. Айтык алгачкы экөөнөн кичүү болгон. Ал Төлөдөн төрт, Казыбектен эки жаш кичүү болучу. Бирок аз жашап, 56 жашында дүйнөдөн өттү. Булар менен катар аз Тооке кыргыздын Кокым (Көкүм деп да айтат) бийин, Каракалпактан Сасык бийди, Катагандан Жайма бийди колуна кармады. Аз Тооке өзүнүн бийликтүү өмүрүндө үнөмү ушуларга арка сүйөдү. Тооке кезинде атактуу заң «Жети Жаргыны» да ушулар жасады» (23:-210;)

«Кыргызда эки Көкүм бий болгонбу:» деген суроо туулат. Буга тарыхчылар кандай жооп берерин билбейм. Бирок кыргыз санжырачылары өз ара талкуулашып, тактап ала турган нерселер оголе көп.

Казыбек бек «Түп-тукианнан өзүмө чейин» деген санжырасында казактын айтылуу үч бийин, казак-кыргыздардын калмактар менен болгон согушун өз көзү менен көрүп жазганын айткан.

Ушул кезге чейин тарыхчылар баарын уруусу жөнүндө «с монголским названием» деген сөздү кошуу менен гана чектелип келатышат. Рашид ад-Дин менен Абылгазы өз эмгектеринде баарын уруусу монгол урууларынын биринен экенин

жана ал Чыңгыз хан менен тектеш экендигин айтат.

